# ТОГОЛОК МОЛДО

I

ТОМ

СССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН КЫРГЫЗСТАН ФИЛИАЛЫ
ТИЛ, АДАБИЯТ ЖАНА ТАРЫХ ИНСТИТУТУ

# ТОГОЛОК МОЛДО

I

ТОМ

ЧЫГАРМАЛАР

КЫРГЫЗСТАН МАМЛЕКЕТТИК БАСМАСЫ
Фрунзе — 1954

КИРГИЗСКИЙ ФИЛИАЛ АКАДЕМИИ НАУК ССС
ИНСТИТУТ ЯЗЫКА, ЛИТЕРАТУРЫ И ИСТОРИИ

# ТОГОЛОК МОЛДО

## СОЧИНЕНИЯ

ТОМ

I

На киргизском языке

# ТОГОЛОК МОЛДО

## (*1860—1942*).

### I.

Абдыракманов Байымбет (Тоголок Молдо) кыргыз адабиятынын тарыхында өзүнүн бай мурастары, баалуу чыгармалары менен маанилүү орунду ээлейт. Анын чыгармачылыгында XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы кыргыз элинин материалдык абалы эң даана көрсөтүлгөн. Акын — демократ ар дайым кыргыз эмгекчилеринин тарабында болуп, зордук-зомбулукту жектеп, эзүүчү таптын өкүлдөрүнүн айыбын ашкерелеген. Өзүнүн элин, жерин сүйгөн жалындуу патриот акын өткүр тилдүү ырлары менен кыргыз элинин кеңири көпчүлүгүнүн сезимин ойготуу маселесин алдына коюп, элдин реалдык турмушунан алып идея жагынан жогору турган, тарбиялык мааниси зор чыгармаларды жазган. Тоголок Молдо өзүнүн адабияттык ишмердигинде кыргыз элинин эң кедей дыйкандарынын, букаралардын жана эзилген кыргыз аялдарынын мүдөөсүнө тең ортох болуп, алардын таламдарын жактап келген. Ошондуктан, анын Улуу Октябрь революциясына чейинки чыгармалары кыргыз элинин өткөн замандагы көп кырдуу турмушунун элестерин айкын көрсөтөт. Тоголок Молдонун чыгармаларынын тарыхый мааниси мына ушунда. Ал эми акындын чыгармаларынын толук жыйнагын көпчүлүк элге тааныштыруу — азыркы кездеги орчундуу милдеттердин бири.

* * *

Абдыракманов Байымбет (Тоголок Молдо) 1860-ынчы жылы июнь айында Тянь-Шань областынын Куланак районундагы Ак-Талаа сельсоветине караштуу азыркы «Кызыл-Эмгек» колхозу орношкон Куртка деген жерде туулган.

Байымбеттин өз атасы Абдыракман жокчулуктун айынан кыйла азап чегип, оор турмуштун запкысын тарткан кедей адам болгон. Ошондуктан, өзүнүн үй-бүлөсүн багууга каражаты жеткен эмес. Ал эми балдары өтө жаш болушкан. Алты баланы жана аялын багуу үчүн Абдыракман көп кыйындыкты башынан өткөргөн. Бирок, атанын тарбиясы узакка созулбастан, балдарынын эң улуусу Байымбет он төрт жашка келгенде Абдыракман дүйнөдөн кайтып, чөбүрөгөн жаш балдар бирдей жетим калышат. Мурунтан эптеп жан сактап келген бул үй-бүлө дагы кыйын күнгө туш келишти.

Абдыракмандын атасынын бир тууганы кадимки атактуу комузчу, белгилүү ырчы Музоокенин колун карап, чөбүрөгөн жетимдер эптеп күн өткөрүшүп турушат. Карылыктын кээри жетип, күчтөн тайып калган Музооке колунан келишинче жетимдерди асырап, аларга түрдүү жагынан жардам көрсөтөт. Бирок, бат эле Музооке да дүйнөдөн кайтат. Аларга кайрылышар жакын кишиси жок калышты. Башынан бирин-серин малы болбогондуктан, бул үй-бүлө үчүн күн көрүү, жашап туруу ал жерде мүмкүн эмес экендиги сезилди.

Туугандардан эч ким карашпай, турмуштары кысылган соң, бир жакка барып жан сактоо, жетим балдарды асырап багуу керек эле. Ошонун үчүн Коңур эне Байымбет баш болгон алты баланы ээрчитип Жумгалга барды. Ал жерде өзү бирөөнүн эшигинде жүрүп, беш-алты ай балдарын багып турду. Бирок, дале чекелери жылып, турмуштары оңолгон жок. Акыры Чүй бооруна оop кетүүгө аргасыз болушту.

Коңур алты баласы менен 1878-инчи жылы Чүйгө келип, Токмок шаарынын сырт жагындагы Кара-Дөбө деген жерден турук алды. Байымбет жумуш кылууга жарап калгандыктан, ар кимге малай жүрүп, оокат кылууну көздөдү. Ошентип, Чүйгө келген күндөн тартып, анын ар кимге жалданып иштөө мезгили башталат.

Байымбет малай жүрүп, алардын түрдүү жумуштарын аткарды: бирөөнүн эгинин айдап, суусун сугарды, бирөөнүн орогун оруп, чөбүн чапты, дагы бирөөнүн малын бакты, айтоор, анын кылбаган иши калбады.

Байымбет эмгекти сүйүү менен бирге билимге умтулган адам эле. Ошонун үчүн Чүйгө келгенден кийин жалданып иштеп жүрүп да, кечки убактарда өзүнүн кат сабатын ачууну көздөдү. Бирок, ал кезде атайы мектеп ачылбагандыктан, балдар айрым молдолорго көз каранды боло турган. Байымбет да ушундай көз карандылыкта бир жылча окуп жүрүп, акыры Молдонун кысымына чыдабай, окууну таштап кете берген.

Байымбет Чүйдө жүргөн учурда чечекке каршы эмдөөнү үйрөнүп алып, элетке барып, балдарды эмдөөгө киришет. Ал үч-төрт жыл ушул иш менен болот.

Байымбет Чүйдө жүргөн кезинде, 22 жашында үйлөнөт да, дагы оокаты тыңып алганча иштеп тура берет. Туугандарына барууну ойлоп, 1887-нчи жылы гана туулган жери Курткага көчүп кеткен. Бул мезгилде Байымбет 27 жашка чыгып, анын акындыгы артылып, элге таанылып калган кези болучу.

Байымбет Чүйдөн баргандан кийин өзүнүн тууган жери Куртканы кыйла убакытка чейин жердеп турат. Бул жердеги манаптар куугунтуктай баштаган соң, акыры аркы өйүздөгү Дөрбөлжүн тарапка өтүүгө аргасыз болот. Байымбет чыгармачылык ишин уланта берет, бирок Дөрбөлжүндөгү манаптар да ага түрдүүчө ыза көрсөтүшөт. Ал жерден орун болбогонсоң, 1915-инчи жылдары Тогуз-Торо багытына көчүп барып, кыйла мезгил ошол жерде туруп калган.

Байымбет Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынан кийин совет бийлигин чыңдоо үчүн түрдүү ишке активдүү катышып, чыгармачылыгын улантат. Тогуз-Тородогу бай-манаптар көрө албастык менен басмачыларга айтып, эки жолу Байымбеттин үйүнө чабуул жасатышат. Акын душмандардын колуна илинбей, араң качып кутулат. Ал жердеги бай-манаптар кастарын тигип калган соң, 1922-нчи жылы кайрадан Курткага көчүп келген. Ошондон кийин акын Курткадан эч жакка кеткен жок. Коллективдештирүү убактысында Тоголок Молдо да колхозго мүчө болуп өтөт.

1936-нчы жылдан тартып Байымбет илим изилдөө институту менен байланыш жасап, өзүнүн чыгармаларын

жазып бере баштайт. Эки жылдын ичинде илим изилдөө институтуна 200 басма табакка жакын көлөмдө келе турган ар түрдүү материалдарды тапшырат. 1938-инчи жылы сентябрь айында Кыргызстан Жазуучулар Союзуна мүчө болуп өтөт. 1939-унчу жылы кыргыз искусствосунун декадасына катышып, партия менен өкмөт тарабынан карыя акын «Ардак белгиси» ордени менен сыйланат. Мындан кийин сексен жашка чыкканына байланыштуу акындын юбилейи өткөрүлдү.

2.

Байымбет ыр жазууга жаш кезинен эле киришкен, бирок анын алгачкы жазгандары эч жерде сакталбаган. Акындын 1878-инчи жылга таандык бир куплет ыры гана 1950-нчү жылы бирөөдөн жазылып алынган. Мындан башка алгачкы ырларынан эчтеке табыла элек.

Байымбеттин чыгармачылык ишине көбүн эсе таасир эткен абасы Музооке болгон. Музооке Кыргызстанды бүт арткан, көп жерге атагы чыгып, «Музоокенин муңдуу күү» деп күүлөрүнүн даңкы угулган, көп элге белгилүү ары комузчу, ары чебер ырчы, ошону менен катар улама сөздөргө канык, урууларды бөлүнүшүн, ушуга байланыштуу оозеки кыргыз тарыхы жөнүндөгү легенданы дурус билген адам эле. Ошондуктан, өзү тарбиялап өстүргөн Байымбетке кыргыз элинин лакап-макалдарынан тартып тарыхый легендаларына, ири эпосторуна чейин айтып бере турган. Мунун баары келечектеги акындын чыгармачылыгына таасир этүү менен бирге, талантынын өсүшүнө көп жардам көрсөткөн. Ошентип, Байымбеттин (Тоголок Молдонун) чыгармачылыгы анын чоң абасы Музоокенин тарбиясы менен тыгыз байланыштуу.

Байымбет төкмө ырчы эмес, ал—бардык чыгармаларын кагаз бетине түшүрүп, аны эл арасына тараткан жазуучу акын. Байымбет кыргыз элинин биринчи жазуучу акыны катарында бааланат. Анын бир өзгөчөлүгү мына ушунда.

Илгери кичине эле кат тааныган кишини эл «молдо» деп атай турган. Ал эми Байымбет чарчы бойлуу, тоголок келген жигит болгондуктан жана кат тааныгандыктан, эл аны «Тоголок Молдо» деп атай баштайт. Акыры «Байымбет» деген ат көп айтылбай эле, «Тоголок

Тоголок Молдо мына ушул өңдүү курч ырлары аркылуу бай-манаптардын, бий-болуштардын, кедей-кембагалдарды, жалпы букара калкты ырайымсыз түрдө эзгендигин көрсөтүү менен бирге, эмгекчилердин сезимин ойготуп, аларды жалпы эзүүчү тапка каршы күрөшкө чакырган. Акындын ал ою жогорку ырлардан башка «Куштардын аңгемеси», «Куба кой менен ээси» деген поэмаларынан жана дагы толуп жаткан ашкерелөөчү ырларынан, ошондой эле, тамсилдеринен ачык көрүнөт. Бай манаптар Тоголок Молдонун өткүр ырларына уугушуп, анын оозун ачтырбаска, ырдатпаска аракет кылып, акынды куугунтукка да алышкан. Тоголок Молдо бийлөөчүлөрдүн өкүмүнөн жалтанып калган жок, кайра элдин таламын көздөп, бай-манаптарга тикеден-тике каршы турду. Чындык сөздү алардын бетине тике айтып, акыйкат-теңдик үчүн күрөштү. Ошентип, Тоголок Молдо өзүнүн чыгармачылыгын элдин турмушу менен түздөнтүз айкаштыра билди жана чебер жазылган ырлары аркылуу элди душманга каршы күрөшүүгө үндөдү.

Бирок, мал чарбачылыгы менен күн көрүп, көчмөн турмушта жашаган кыргыз эли өздөрүнүн каардуу душмандары болуп эсептелген бай менен манаптарга кандайча сокку уруп, канткенде эркиндик турмушка ээ болушарына көздөрү жеткен эмес. Ал кезде кыргыз коомчулугунда уюмдашкан алдыңкы отряд—жумушчулар табы өнүкпөгөн болучу. Ошондуктан, калың букара калктын үмүт менен тилеги кыйла убакытка дейре кыял өңдүү кала берген.

Кыргызстан Россияга кошулгандан кийин да, падыша өкмөтү патриархалдык-феодалдык мамилелерди жана общиналык-урууучулук адаттарды жоюу гана түгүл, кайра аларды күчтөндүрүп, байлар менен манаптардын таламын жактап жардам көрсөтүп турган. Падышанын койгон чиновниктери жергиликтүү бийлөөчүлөрдүн ыгымчыгымынын үстүнө оор салыктарды салышып, калың букара калкка эзүүнүн дагы экинчи жүгүн жүктөшкөн. Мурун бай-манаптар мыкты жерлерди ээлеп алып, эмгекчилерди мүңкүрөтүшкөнү аз келгенсип, падышалык бийлик да эмгекчил дыйкандардын калган-каткан эгиндик жерлерин алып коюшкан. Жерден ажыратылгандар тоо-таштын арасында эптеп оокаттарын өткөрүүгө мажбур болушкан. Падыша өкмөтүнүн ошол кезде элге көрсөт-

көн зомбулугун жолдош Сталин мындайча мүнөздөгөн: «Падышачылыктын саясаты, помещиктердин жана буржуазиянын саясаты — бул райондорго орус дыйкандарынан жана казактардан кулак элементтерди көбүрөөк орноштуруп, великодержавалык умтулуулардын ишеничтүү таянычына айландыруу болгон. Бул саясаттын натыйжалары тоо-тоонун арасына сүрүлгөн жергиликтүү элдин (кыргыздар, башкырттар) бара-бара кырылып отурушу болду»[1]. Сталиндин бул аныктамасы падыша өкмөтү тарабынан кыргыз элинин бөтөнчө эзилгендигин айкын көрсөтөт. Чындыгында падышалык өкмөт помещиктер менен буржуазиялардын таламын жактап, өзүнүн карамагына өткөн орус эмес улуттарга ырайымсыздык менен талоончулук саясатын жүргүзүп, көпчүлүк элди караңгылыкта эзүү максатын көздөгөн. Ошонун натыйжасында, кыргыз эли, Россиядагы эзилген башка улуттар сыяктуу эле, караңгылыкка капталып кала берген. Анын үстүнө ошол кезде Кыргызстан экономика, маданият жана саясий жагынан артта калган, патриархалдык-фоедалдык өлкөнүн бири эле.

Ошентип, патриархалдык-феодалдык эзүүгө падышалык эзүү кошулган да, кыргыз эли эки тараптан, колонизаторлор менен жергиликтүү бийлөөчүлөр — байлар жана манаптар тарабынан эзилүүгө дуушар болушкан. Демек, XIX кылымдын экинчи жарымынан тартып Улуу Октябрь Социалисттик Революциясына чейин кыргыз эли экилтик эзилүүнүн кысымында келди. Кыргыз өңдүү эзилген улуттар коммунисттер партиясынын жетекчилиги астында Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынын жеңишинин натыйжасында гана эркиндик күнгө жетишип, жыргал замандын кучагында гүлдөп өсүүгө мүмкүндүк алышты.

Падышалык өкмөттүн колониялык эзүү саясаты канчалык катуу болсо да, кыргыз жеринин Россиянын составына кошулушу кыргыз элинин турмушунда чоң илгери кадам шилтеш болуп эсептелет. Кыргызстандын Россияга биригишинин негизги артыкчылыгы: артта калган караңгы кыргыз элин жогорку маданияттуу эл—улуу орус эли ме-

---

[1] И. Сталин чыгармалары том 5, Кырмамбас, 1950, 29-унчу бет.

нен тааныштырууга, алардын сонун прогрессивдик салттарынан үлгү алууга, эки элдин ортосунда бекем достукту чыңоого шарт түздү. Ушуга байланыштуу эле негизги фактор — кыргыз элинин эчен кылымдар бою эңсеп келген эркиндик турмуш жөнүндөгү үмүт ойлору революциячыл улуу орус элинин бир туугандык жардамы аркасында гана иш жүзүнө ашты. Кыргызстандын Россиянын составына кошулушунун эң негизги прогрессивдик жагы мына ушунда.

Кыргызстандын Россия өңдүү экономика жана маданият жагынан алда канча алдыда турган өлкөгө биригиши, албетте, жогорку факторлордон башка да, кыргыз коомчулугуна пайдалуу көп нерселерди келтирди. Биринчиден, кыргыз эли улуу орус эли менен байланыш жасоо аркылуу алардан үлгү алып, элет калкынын сезими, мурдагыга караганда, ойгоно баштайт. Орус элинин келиши менен кайсы бир жерлерге шаарлар салынып, кайсы бир жерлерге кыштактар орнойт. Шаарларда ремеслолук-кустардык майда өнөр жайлар пайда болуп, соода ургаалдуу түрдө өнүккөндөн өнүгө берет. Мектептер жана дарылоо мекемелери иштөөгө киришет. Кыштактарда дыйканчылык да өнүгүп, мурдагыга караганда, кеңири кулач жаюунун үстүндө болот. Мына ушулардын баары кыргыз элинин турмушунда жаңы көрүнүш болуу менен бирге, элет калкына эбегейсиз таасир тийгизген. Кыргыз эли эң оболу орус элинин маданиятын толук өздөштүрүүгө умтулушкан, алардан түрдүү өнөрлөрдү, акыры дыйканчылыкты үйрөнүшкөн. Мына ошентип, улуу орус эли менен байланышын чыңагандан чыңап отуруп, пролетардык социалисттик революциядан кийин гана эки кабат эзилүүдөн кутулуп, эркин жашоо укугуна ээ болушту. Кыргыздар буга улуу орус элинин жардамы аркылуу гана жетишти.

## 4.

Улуу Октябрь Социалисттик Революциясына чейин өзүнүн эне тилинде китеп чыгаруу үчүн кыргыз элинин басмаканасы болгон эмес. Падыша өкмөтүнүн эзилген улуттардын маданиятын өстүрүүгө такыр көңүл бурбагандыгы мындайча мүнөздөлөт: «Улут областтарында мамлекеттик кызматкерлердин баарысын же баарысын

дээрлик орус чиновниктери ээлеген. Мекемелерде, соттордо бардык иштер орус тилинде жүргүзүлгөн. Улуттардын өз тилинде газеталар жана китептер чыгарууга да, мекемелерде эне тилинде окууга да тыюу салынган. Падыша өкмөтү улут маданиятынын бардык түрүн муунтуп жок кылууга умтулган»[1]. Демек, падышачылык кыргыз элинин маданиятынын өсүшүнө көңүл бурмак түгүл, кайра караңгылыкта кармап эзүү саясатын колдогон. Ошонун натыйжасында кыргыз элинин бир проценти гана кат тааныл, калган бөлүгү туташ сабатсыз болушкан. Кыргыздардын билим алышына ал кезде ислам дини да аябай тоскоолдук кылган. Дин китебин окуй билген адам деле сабатсыз болгон.

Жергиликтүү бийлөөчүлөр болсо, өздөрүнүн үстөмдүгүн бекемдеш үчүн динди бетине кармашкан. Эзүүнүн куралы катарында дин, шарияттарды пайдалануу менен бирге, эл арасынан чыккан ырчыларды өз тараптарына тартып, алар аркылуу өздөрүнүн даңкын көтөрүүнү да көздөшкөн. Андай ырчылар уруу башчыларынын, же белгилүү манаптын карамагында болуп, ашта, тойдо, ошого окшош көпчүлүк чогулган жерлерде өз манабын мактап ырдаган, анын элге көрсөткөн зордук-зомбулуктарын жаап-жашырууга тырышкан.

Ал эми кайсы бир акындар бай-манаптардын «баалуу сыйлыгына» алданбай, жалпы элдин мүдөөсүн көздөп, дайыма эл тарабында турушкан. Мындай акындарды эл жогору баалап, аларды аябай урматташкан. Токтогул менен Тоголок Молдо элдик акындар болушкан.

Ар бир улуттун маданиятында эки маданият, бирбирине карама-каршы турган эки багыт бар экенин элдин жолбашчысы В. И. Ленин ачык көрсөткөн болучу: «Ар бир улуттук маданиятта, — деп жазган В. И. Ленин, — өнүгүп жетилбеген болсо да демократтык жана социалисттик маданияттын элементтери бар, ал эми ар бир улутта болсо эмгекчилер жана эзилген масса бар, алардын турмуш шарттары сөзсүз түрдө демократтык жана социалисттик идеологияны туудурат. Бирок, ар бир улутта ошону менен бирге, азырынча көбүнчө Черносотендик жана клерикалдык болгон буржуазиялык маданият да

---

[1] ВКП(б) тарыхы, кыскача курс, Кырмамбас, 1946, 6-нчы бет.

бар, булар болсо жалаң эле элемент түрүндө эмес, үстөмдүк кылган маданият түрүндө»[1].

В. И. Лениндин бул көрсөтмөсү кыргыз элинин маданиятын, анын ичинде адабиятты изилдөө жумушунда айкын багытты көрсөтүп, туура жолду белгилейт. Эгер кыргыз элинин өткөндөгү маданиятына кайрыла турган болсок, улуу акылман В. И. Ленин белгилегендей эле, эки маданият бар экендигин көрөбүз. Өткөн кылымда таптардын өз ара мамилелеринин курчушунун негизинде, бийлөөчүлөр тарабынан ал тап күрөшү канчалык калкаланып жабылса да, кыргыз адабиятында бир-бирине карама каршы турган эки багыт: Революциячыл феодалдык жана эмгекчилердин мүдөөсүн көздөгөн демократтык багыт түзүлгөн.

Реакциячыл феодалдык багыттын өкүлдөрү капиталисттик мамилелерге каршы туруп, патриархалдык-феодалдык доорду чыңдоону көздөп, өткөндү эңсеп көксөгөн, феодалдардын мүдөөсү үчүн кызмат кылган ырчылар эле. Булардын чыгармалары динге негизделип, анан келечектен үмүт үзүп, пессимизмге белчесинин баткан чыгармалардан болгон. Реакциячыл багыттагы акындардын чыгармалары үстөмдүк жүргүзүүчү идеология катарында эзүүчү таптын курч куралы болуп келген.

Ал эми экинчи багыт; элдин мүдөөсүн көздөгөн, элдин муңун муңдаган, көпчүлүктүн талабын орундоону максат кылып алдына койгон, эркиндикке үндөгөн прогрессивдүү демократтык идеялар менен туура жолго бет алган багыт эле. Демократтык багыттагы акындардын эң көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири Тоголок Молдо болгон. Анык элдик акын демократ акын экендиги анын революцияга чейинки мезгилдерде жазган чыгармаларынан ачык көрүнөт..

## 5.

Тоголок Молдо эки доорду көрдү, демек—акындын чыгармачылык жолу эки доорго бөлүнөт. Мына ошол себептүү ар бир доордогу чыгармаларына айрым токтолууга туура келет.

---

[1] В. И. Ленин, Чыгармалар, 20-нчы том, 8-инчи бет.

Тоголок Молдо—өз элинин келечектеги жаркыраган турмушуна толук ишенген акын. Ал өмүрүнүн жарым кылымдан көбүрөөгүн ошол кыйын кырдаалда, оор шартта өткөрсө да, келечекке ишеничтүүлүк менен караган. Акын ошол кездеги оор кырдаалды, элдин катуу эзилишинин себептерин көрө билген.

Тоголок Молдонун жүрөгүн өйүгөн эң негизги себеп элдин оор турмушу болду. Ошонун үчүн акын алгачкы күндөн тартып эле Октябрь революциясына чейин эркиндикти эңсеп келди. Акындын чыгармаларынан ал асыл ойлорду айкын көрүүгө болот. Ал а деп эле калем кармаганда элди эмгек кылууга, билим алууга үндөгөн.

Кошок айтуу салты—эң эски салт. Ал оозеки чыгарманын бир түрү катары бир доордон экинчи доорго өтөт да, ал эски түр жаңы мазмун таап, улам жаңырып олтурат. Ошентип биздин заманга да келип жетти жана ушул күндө кошок айтуу салтынын калдыгы да бар.

Кошок жалаң гана оозеки чыгармаларда болуп койбойт. Ал түр иретинде жазма адабиятка да оошкону бар. Бул түрдү ар элдин акындары колдонуп келген жана кошок жанрын ушул күндөгү акындардын чыгармаларынан да учуратабыз.

Ал эми оозеки эл чыгармаларынын таасири астында кошок жазып, ага жаңы түр, жаңы мазмун кошууда Тоголок Молдонун сиңирген кызматы зор. Акындын кошокторунун багыты башка. Мурдагы кайсы бир кошоктордой бай-манап, бий-болуштардын идеологиясы болуп кызмат кылып, аларды даңазалап мактабастан, акындын кошоктору теңдиксиз заманга наааразылыкты билгизип, эзүүчүлөргө каршы багытталган. Кошоктогу көрсөтүлгөндөр—катардагы жөнөкөй адамдар. Мына ошондуктан, акындын кайсы гана кошогун албайлык, ар биринде тең өнөр менен кесиптин жана эл үчүн сиңирген эмгектин мааниси айкын баяндалганын көрөбүз.

Тоголок Молдонун кошокторунун өзгөчөлүгү — анын кошоктору бүт дээрлик аркыл өнөр менен кесипке айкалыштырып жазылгандыгында. Анын «Дыйкандын аялынын кошогу», «Устанын аялынын кошогу», «Калмергендин аялынын кошогу» өңдүү кошоктору мына ушуга мисал болот. Бул кошоктордун ар бирин талдай турган болсок, андагы окуялар жана образдар реалдык турмуштан алынган, кыргыз элинин өткөн замандагы ти-

ричилик шарттарын, үрп-адатын элестете турган этнографиялык мүнөздөгү чыгармадай сезилет. Мисалга «Устанын аялынын кошогун» алып көрөлү. Мында уста жана анын кылдат эмгеги жөнүндө гана сөз болот.

Балкасы менен зар чапкан,
Бармагы менен мал тапкан.
Кычкачка кармап зар чапкан,
Кызматы менен мал тапкан.

Уста мына ушундай өз эмгеги менен мал таап, өз эмгеги менен күн көргөн жөнөкөй адам. Башка кошоктордо эзүүчү таптын өкүлдөрүнүн элди эзгендиги айтылса, Тоголок Молдонун кошокторунда бирөөгө кара санабаган, жалаң кол күчү менен оокат кылган, элге эмгеги сиңген карапайым момун адамдын жакшы сапаты гана баяндалат. Устанын колунан ар нерсенин баары келет. Ал кекирейүүнү да билбейт, бирөө жасап бер деп буюм алып келсе, элпектик менен бүтүрө коёт. Элге кызмат кылуу үчүн дайым даяр турат. Айтор, кыйыктануу деген ага жат. Устанын образы ушунча сүйкүмдүү даражага жетип, жүрөккө жылуу учурайт. Сөз өлгөн устага карата айтылып, үрп-адат боюнча аны менен коштошуп жатса да, уста дале тирүүдөй сезилет, себеби — эл үчүн сиңирген эмгек анын өлбөс образын түзгөн. Жалпы эле Тоголок Молдонун кошокторун алсак, алар «кошок» деп аталган менен, лирикалык мүнөздө ички сырды ачык билгизген, чыныгы турмушту сүрөттөгөн, эмгекти сүйүүдө окуучуга тарбия бере турган социалдык мааниси бар поэмага айланып кетет.

Тоголок Молдонун чыгармачылыгында жалпы эзилген элдин каршылык көрсөтүүсүн билгизген, ушуга байланыштуу аялдар жөнүндөгү тема көрүнүктүү орунду ээлейт.

Арман ырлары бийликке, турмуштагы теңсиздикке наразылык туулуунун негизинде келип чыккан. Демек, армандар таптын жиктелишин, андагы карама-каршылыкты ачык көрсөтө турган чыгарма. Өткөн заманда кыргыздын калың букаралары эчен кылымдар бою катуу эзүүнүн торунда чырмалып келишти.

Ошондуктан, кыргыз элинин ооз эки чыгармаларында арман ырларынын түрү эң көп. Эл арасына кеңири тараган «Койчунун арманы», «Койчулардын коңур күү», «Жокчулук» жана башка армандар, ошондой эле

кыргыз кыздарынын турмушунан алынган «Оойдай», «Кулмырза» өңдүү армандар мына ушуга мисал болот.

Тоголок Молдо бир нече армандарды жазган. Акын кошокторду кесипке карай топтоштуруп жазган өңдүү, арман ырларын да ошол кездеги чыныгы турмуш, чыныгы окуялардан алып түзгөн. Ал армандарды турмушта көп учураган мүнөздүү окуялардан алып көрсөтүүгө умтулган. Ошондуктан, «Чалга берген кыздын арманы», «Жаш балага берген кыздын арманы», «Насыяга кеткен кыздын арманы» — деп, түрдүү турмуш жагдайына карай, бардык армандарды топтоштуруп бергенин көрөбүз.

«Чалга берген кыздын арманы» ошол кездеги кыргыз кыздарынын турмушуна мүнөздүү. Мында өз башына өзү ээ боло албаган, коргоосуз абалда калып, кайгыга баткан жаш кыздын кайгылуу өмүрү баяндалат. Эркеч деген жаш кыз «жетимиш жерге киргизген чалга кетип баратканын», өз башына өзү ээ эмес экенин айтып келип, төмөнкүдөй жыйынтык чыгарат:

Атама арбын мал керек,
Армандуу мага жан керек.

Мындай көрүнүштөр ошол кездеги кыргыз кыздарынын бардыгына тийиштүү. Демократ акын Тоголок Молдо өзүнүн чыгармаларында—армандарда кыргыз аялдарынын оор турмуштарынын ачык элестерин берген. Аялдар жөнүндө көп жазып, алардын сезимин ойготуу, күрөшкө чакыруу идеясын алдыга койгон. Анын аялдар теңдиги жөнүндөгү сонун ою Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынан кийин гана иш жүзүнө ашты.

Тоголок Молдо — сүйүү ырларын да көп жазган акын. Анын сүйүү ырларынын прогрессивдик жагы аялдардын эркиндигин баяндоого багытталган. Акындын «Кыздын жигитке ырдаганы» деген ырынын, «Үрпүкан» аттуу поэмасынын жана башка чыгармаларынын идеялары мына ушул ойду аныктайт.

Тоголок Молдо ооз эки эл чыгармаларына көп кайрылгандыктан, эл арасында айтылып жүргөн турмуш жомокторун, анекдот жомокторду да кайрадан иштеп чыгып, аларга көп өзгөрүүлөр киргизген. Ал аркылуу ошол кездеги алдамчылардын, эки жүздүүлөрдүн, залимдердин бетин ачып, жалпы караңгылыкты жектеп, элдин сезимин ойготуу өңдүү идеяны көтөргөн.

Ошондой болсо да, акындарды бир жактуу карап, башкача айтканда, чыгармачылыгында эч кандай кемчилиги жок деп көрсөтүү чындыкка жатпас эле, анткени —ошо кездеги коомдун материалдык шартына жараша дүйнөгө көз караштары бир беткей болгон эмес. Албетте, Тоголок Молдо ошол кездеги өкүм сүргөн теңсиздикти, катуу эзүүнү көрө билсе да, кээ бир учурда кайсы бир маселеге айкын түшүнө албаган. Ошондуктан, «Байыт ыры» деген чыгармасын таптык көз карашта эмес, уруучулдук көз караштa жазганын көрөбүз. Ушундай эле үзгүлтүктү Тоголок Молдонун репертуарында катталып жүргөн «Зар заман» деген поэмадан көрүүгө болот. Акын анда: «Калыгул мындай деди эле, Арстанбек тигиндей деди эле» деп, алардын сөздөрүн кайталап өтөт. Анын стили, айрым сөздөрү да Калыгул менен Арстанбектин «Замана» тибиндеги поэмаларынын көчүрмөсү экенин далилдейт. Ошентип, Тоголок Молдо реакциячыл багыттагы акындарды катуу сынга алуунун ордуна, кайра аларды туурап, «Зар заман» деген поэманы жазган. Адабият ишиндеги идеялык жактан кетирген үзгүлтүк мына ушуну менен мүнөздөлөт. Демократ эл акыны үчүн реакциячыл багыттагы акындардын айткандарын тууроонун эч кандай кажаты жок болучу. Бул Тоголок Молдонун дүйнөгө көз карашынын дале өсүп жетпегендигин, анын ой-пикиринин дале уруучулдук рамканын айланасында чектелгендигин далилдейт. Бирок, акын идеялык үзгүлтүктөн бат эле бошонуп чыгып, кийин өз элине татыктуу чыгармаларды берүүгө жетишкен. Ал эми анын чыгармачылыгына жогоруда айтылган эки поэма мүнөздүү эмес. Ал дайым эл тарабында болуп, алардын таламын жактаган жогорку идеялуу, бир топ баалуу чыгармаларды түздү.

1905-инчи жылдагы биринчи орус революциясы четтеги кыргыз өңдүү кенже элге да таасир этип, алардын боштондукка умтулуу сезимин ойготууга түрткү болду. Бул мезгилден кийин Тоголок Молдо алгачкы жылдарга караганда, кийинки убактарда чыгармачылыктын өтө курч түрү болгон сатирага өтөт. Ал чыгармалары аркылуу эмгекчилерди мүңкүрөткөн ошол доордогу куулук менен шумдукка, шылуундук менен паракордукка, жегичтик менен залимдикке каршы чыкты. Акын бийлөөчүлөрдүн ырайымсыздыгын, ач көздүгүн ашкерелеп,

тайманбастан алардын бетине тик айтып, элге жардап ырдады. Анын Бошкой менен айтышы, «Тезек-тагай эл тууралу», «Селде оронгон молдо кой», «Кожонун аңгемеси» деген сатиралык чыгармалары өз учурунда зор мааниге ээ болгон.

Акын «Тезек-тагай» деген ырында «Чогулуп баарың жедирдиң Чоюбектей зулумга» — деп, Чоюбектин элди митедей соруп жатканын, калың букара калкты канапбутап жегендигин, эмгекчилерге түшүргөн оор түйшүгүн эң даана көрсөткөн. Тоголок Молдонун өткүр, курч тилде жазылган ырларына ууккан манаптар куугунтукка алышып, эчен жолу ага карата «Уртокмок» уюштуруп да көрүштү, бирок алардын «Уртокмогу», иштеген аракети акындын курч калемин токтоткон жок.

Тоголок Молдо — ооз эки эл тамсилинин негизинде тамсилдерди жазып, ал жанрды өрчүткөн акын. Акындын тамсилдеринин өзгөчөлүгү — ошол кездеги коомдун кемчилдигин өтө ашкерелеп көрсөткөндүгүндө. Анын тамсилдеринен эзүүчү таптын өкүлдөрүнүн түрдүү катмарын көрүүгө болот. «Бөрү менен түлкү», «Каркыра менен түлкү», «Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы», «Эшек менен булбул» жана башка тамсилдери идеялык багыты боюнча бөрүгө окшогон залимдерге, түлкүдөй куу шумдарга, жалпы маданияттан четте турган, ага баа бербеген эшекке окшогон бийлерге катуу сокку урган. Ошондуктан, Тоголок Молдо тамсил жанрын өрчүтүп, эл мүдөөсүнө айкаштыруу менен бирге, эзүүчү таптын өкүлдөрүнүн кылмыштарын ашкерелөө үчүн курч курал катарында колдоно билген.

Тоголок Молдо — «Кемчонтой», «Бабыркан», «Жанбакты», «Куштардын аңгемеси», «Кубакой менен ээси», «Ала-Тоо» деген ири көлөмдөгү поэмалардын да автору. Акын «Кемчонтой», «Бабыркан», «Жанбакты» деген поэмаларындагы айрым геройлордун образдары аркылуу ошол кезде кыргыз коомчулугунда өкүм сүргөн кемчиликтерди сынга алса, ал эми «Куштардын аңгемеси», «Кубакой менен ээси» деген поэмаларында эзүүчү тапка карата эмгекчилердин наразылыгынын өсүшүн, тап күрөшүнүн курчушун көрсөткөн. «Кубакой менен ээси» деген поэмада Кубакой «ээсине» тикеден-тике каршы күрөш ачат.

Тондуу кылдың короонду,
Тосуп жаттым бороонду.

. . . . . . . . .

Ээм, сага жеңдирсем,
Мен — кубакой оңомбу?! — деп.

Кубакой күрөшүүгө даяр экендигин билгизет. «Деминди баскын, кордукту азыр эле көрөсүң» дегенге чейин барат. Кубакой каршы чыгууда ээсинин кандай кордук көрсөткөнүн, анын адамда жок ырайымсыздыгын, ашкан залимдигин санап өтүп, чектен тышкары турган кылмыштуу иштерин мойнуна коёт. Мына ошентип, Кубакой ээсин жеңип, жеңишке жетишкенден кийин гана окуянын түйүнү чечилет, башкача айтканда, эзүүчү таптын жеңилиши менен чыгарма да бүтөт.

Сөздүн байка жүйөсүн,
Кубакой жеңди ээсин.
Кой демекте маани бар,
Акылдуу адам, билесиң — дейт

акын. Мына ушундан чыгарманын идеялык жана социалдык багыты айкын белгиленип, «кой дегенде маани бар» экени ачык көрүнүп турат.

Демек, Тоголок Молдо ошол кездеги коомдук турмуш менен жакшы таанышат да, айыгышкан карама-каршы эки таптын, эзүүчү тап менен эзилүүчү таптын ортосундагы күрөштү ачык түшүнгөн болот. Ошонун натыйжасында эмгекчилердин эңсеген тилегин, көздөгөн максатын сезип, көпчүлүктүн активдүү жарчысы болуп алдыда жүрүүгө умтулат. Ошондуктан үстөмдүк жүргүзүүчү таптын бетин ачып, алардын кылмышын ашкерелеген баалуу чыгармаларды түзүүгө жетишкен. Тоголок Молдо, ошентип, такшалган активдүү ишмер акын катарында Улуу Октябрь Социалисттик Революциянын салтанаттуу күнүн күтүп, аны улуу урмат, чоң кубаныч менен тосуп алды.

Элдин акылман жол башчылары Ленин менен Сталиндин жана алар түзгөн коммунисттер партиясынын жетекчилиги астында Улуу Октябрь Социалисттик Революция 1917-нчи жылы Россияда, жер шарынын алтыдан бир бөлүгүндө эзүүчү таптардын үстөмдүгүн жоюп, мамлекет бийлигин эмгекчилердин өз колуна алып берди, социалисттик жаңы коомду орнотту. Мына ушул күндөн тартып адам баласынын тарыхында жаңы доор, жаңы заман башталды.

Улуу Октябрь Революциясы бүткүл Россиядагы эмгекчилерди эркиндикке чыгаруу менен бирге, эң артта калган караңгы элдин бири — кыргыз элинин экономика жана маданият жагынан гүлдөп өсүшүнө кеңири жол ачты. Токтогул жана Тоголок Молдо өңдүү демократ акындар Совет бийлиги орногон күндөн тартып эле Улуу Октябрь Революциясынын жеңиши, салтанаттуу жыргал заман, бул күнгө жеткирген улуу генийлер Ленин менен Сталин жөнүндө ырдап чыгышты.

Улуу Октябрь Революциясы демократ багыттагы акындардын көрүнүктүүлөрүнүн бири Тоголок Молдонун ой дүйнөсүнө, чыгармачылыгына идеялык жаңы багыт, жаңы бурулуш жасады. Совет бийлиги орногон күндөн тартып ал өзүнүн чыгармачылыгын партиянын жана совет өкмөтүнүн саясаты менен үзгүлтүксүз байланыштырып, совет бийлигин чыңдоо үчүн талыкпай иштеп, Октябрь революциясынын активдүү жарчысы болуп чыга келди.

Октябрь революциясынын жеңишине шыктанган акын Кыргызстанда совет бийлиги орногон күндөрдүн алгачкы мезгилдеринде эле бир поэмадан соң экинчи поэма жазып, социалдык мааниси бар жогорку идеялуу бир топ баалуу чыгармаларды берди. Анын биринчи эле жазган «Өзгөрүш» деген поэмасы эл арасына тез тарады. Акын «Өзгөрүш» поэмасына удаалаш «Насыят», «Аялдардын азаттыгы», «Аткан таң менен Сүйгөнбай», «Эркиндик» деген поэмаларды жазып, алар аркылуу совет бийлигинин өзгөчөлүгүн элге түшүндүрүүнү алдына койгон.

Тоголок Молдонун «Өзгөрүш» деген поэмасы — тарыхый мааниси жана алган орду жагынан кыргыз элинин советтик көркөм адабиятынын тунгучтарынын бири деп айтардык чыгарма. Ал Октябрь революциясынын жеңиши жөнүндө кыргыз элинин кубанычтуу оюн, тунук сезимин ачык көрсөткөн поэма.

Тоголок Молдо Улуу Октябрь Революциясынын жеңиши жөнүндө активдүү жарчы, элдин аң-сезимин ойготууда такшалган үгүтчү, эзүүчү таптын калдыгына каршы багытталган айыгышкан күрөштө мыкты уюштургуч катарында эмгекчи элдин алдында жүрдү. Поэма ошол кездеги жарды-жалчылардын аң-сезимин ойготууга арналып, кедейлерге карата кеңеш иретинде айтылгандыктан, акындын койгон темасы өзгөрүлүп, эл тарабынан «Кедейлерге насыят» деп аталып кеткен. Кыргызстанда

«Кедейлерге насыят» деген сөздү укпаган, поэманы окубаган адам аз чыгар. Эмгекчилер тарабынан поэманын татыктуу тосуп алынышы анын элдик чыгармага айлангандыгын, эзүүчү таптын калдыгына сокку урууда зор мааниге ээ болгондугун айкын далилдейт.

Акындын поэзиясына жаңы идея, жаңы көркөмдүк күч кошкон Улуу Октябрь Революциясы менен Коммунисттер партиясы башчылык кылган жаңы доор болду. Акын адамдын өз тагдырын өзү чече турганын көрдү.

Өзгөрүштүн тушунда
Байга жүрбө кармалып.
Кара таман кедейлер,
Акыл ойлоп камданып,
Алга чыккын шаңданып — деп,

кедейлерди эркин өмүр сүрүүгө чакырды. «Бай-манаптардан корунбай, алга умтулгула, ал үчүн эркиндик күн тууду. Эми өз укугуңарды пайдалана белгиле» деп үндөдү. Акындын ар бир сөзү, ырдын ар бир жолу кедейлерге кубат берип, аларды кайратка шыктандырса, душмандарга сокку урууда курч куралдардан болгон.

Поэма форма жагынан туташ жазылган сюжетсиз ырга окшогону менен, окуган адамга сюжет өзү эле аныкталып чыга келип, композициялык курулушу да ачык көрүнөт. Поэма беш бөлүмдөн турганын ар бир окуучу сезүүгө болот. Киришме бөлүгүндө эмгекчилердин бай-манаптардан эзилиши, совет бийлиги гана кедей-кембагалдарды ал эзүүдөн куткарып, жыргал заманды орноткону баяндалат. Акын поэманын экинчи бөлүгүндө кедейлерди бай-манаптарга чабуул жасоого, биротоло жок кылууга үндөйт. Поэманын үчүнчү бөлүмү ошол кездеги тарыхый кырдаалды сүрөттөгөн. 1918-инчи жылдын 11-инчи июнунда Совет өкмөтү чыгарган декрет боюнча Кедейлер комитети түзүлүп, кулактарга жана эзүүчү таптын жалпы калдыгына каршы күрөш башталат. Акын Кедейлер комитетинин ролун жогору баалап, болгон кубулуштарды элестүү түрдө жазган.

Союзкошчу аталып,
Жардык алдың, кембагал!

. . . . . . . . . . .

Бай-манапты какшатып,
Жолго салдың, кембагал!
Өкмөттү бек кармап,
Колго алдың, кембагал! — деп,

партия менен өкмөтүбүздүн директивасын орундоодо кедейлер комитетинин активдүүлүгүн ушундайча мүнөздөгөн. Тоголок Молдо бул поэмасында Кыргызстандын кедейлеринин Совет бийлигин чыңдоодогу сонун демилгелерин чебердик менен бере билген.

Акын поэманын төртүнчү бөлүмүндө кедей-кембагалдарды Совет бийлигин чыңоого, кыраакылыкты күчөтүүгө, эмгек менен билимге умтулууга чакырат, ал эми бешинчи корутунду бөлүгүн ураан менен аяктайт.

Окуянын берилишине, тарыхый учурдун сүрөттөлүшүнө караганда, акын поэманы кыска мөөнөттүн ичинде жаза койбостон, бир кыйла даярданып, бир топ тарыхый шарттардын тажрыйбасын пайдалангандыгын чыгарманын мазмунунан анык билүүгө болот. Демек, акындын «Өзгөрүш» поэмасы совет бийлигинин алгачкы жылдарын кучагына алган.

Тоголок Молдо даана жана чебер акын болгондуктан, тап айырмачылыгын биринчи планга коюп, ошол кездеги тап катмарларын, тап жигин ачып берүүгө жетишкен. Акын эзилип келген эмгекчилерди эзүүчү тапка каршы күрөш ачууга чакырган.

Он жетинчи жылында
Азаттык болду кылымга.
Бай-манаптан өчүңдү ал,
Алдатпагын зулумга.
Кедейлерим сөзүмдү ук,
Өзгөрүштө алга чык!
Бастырбастан белиңди
Бай-манаптын баарын жык! — деп,

кедейлерди күрөшкө карай үндөдү.

Коом катнаштары, тап күрөшү, Октябрдын жеңиши, ошол кездеги тарыхый кырдаалдар поэмадан орун алуу менен бирге, жаңы заманда жаңыча жашап, жаңыча өмүр сүрүү жөнүндө да айтылган.

Ынтымакты колго алгын,
Ыраакты болжоп жол чалгын.
Баатырдык кылып какайып,
Бай-манапка кол салгын — деп,

акын ынтымактуулукка, кыраакы болууга, тайманбастан тап душмандарга каршы чабуул жасоого чакырып, кедейлердин алдына тап күрөшүнүн зор милдетин койгонун көрөбүз.

Улуу Октябрь Социалисттик Революциясына чейин

кедей-кембагалдар менен жарды-жалчылардын иштеп тапканы байлардын малына кошулуп, манаптардын чөнтөгүнө түшчү. Ошентип, күн-түнү бирдей кыйналып иштеген эмгеги талаага кетип, эмгекчилер экономикалык жана материалдык жактан абдан алсырашкан. Улуу Октябрь Революциясы гана эмгекчилерди ал зулумчулуктан биротоло куткарды. Эркин эмгек кылууга мүмкүндүк берди. Бул өбөлгөнү акын поэмада мындайча баяндаган:

Азаттык таңы атканы,
Залимдин күнү батканы,
Кара таман кедейдин
Өзүнө тийди тапканы.

Ошентип, Советтик бийлик эмгекчилердин эркин жашашына шарт түзүп, аларды жыргал замандын бешигине бөлөдү. Совет бийлигинин тушунда гана кедейлер укукка ээ болушуп, тапкандары өздөрүнө тийди.

Тоголок Молдо эмгекчилердин арасынан чыккан, элдин мүдөөсүн көздөгөн анык элдик акын болучу. Бүткүл адамзаттын улуу көсөмү, окутуучусу жана эмгекчилердин атасы Лениндин узун өмүр жашашын жана сызган жолунун аман болушун тиледи:

Сайраймын сөздүн тазасын,
Залимдин берген жазасын,
Жарык нурду көрсөткөн
Ленин жолу жашасын! — деп,

жарык күндү, жыргал заманды орноткон, эмгекчилерге эркиндикти алып берген В. И. Ленин жөнүндө, улуу көсөм уюштурган коммунисттик партиянын туура жолу жөнүндө ырдады. Акындын «Өзгөрүш» поэмасынын социалдык мааниси мына ушунда.

Тоголок Молдо замандашы Токтогулдун шандуу үнүнө өз добушун кошуп, күчтүү таланты менен элге сиңирген эмгеги аркылуу Октябрдын активдүү жарчысы жана кыргыз советтик жазма адабиятынын негиздөөчүсүнүн бири болууга жетише алды.

Акындын сонун оюу жалаң гана «Өзгөрүш» поэмасында эмес, «Насыят», «Эркиндик» деген поэмаларда да айкын көрүнөт. 1923-үнчү жылы жазган «Насыят» деген поэмасында:

Ойгон, кедей, көзүңдү ач!
Көзүңдөн аккан мончок жаш.

Пайда кылбайт кедейге,
Бай-манаптын боору таш — деп,

акын эзүүчүлөрдүн ырайымсыздыгын, боору таш экендигин курч сөз менен эң таамай айткан.

Ошентип, акындын бул мезгилдеги чыгармалары эл душмандарына сокку урууга, совет бийлигин чыңдоого, партия менен өкмөттүн саясатын элге түшүндүрүүгө, эмгекчилердин аң-сезимин ойготууга багытталган. Тоголок Молдонун бул мезгилдеги чыгармаларынын актуалдуулугу жана идеялык салмагы мына ушунда.

Тоголок Молдо отузунчу жылдардын ичинде өлкөбүздүн жетишкен ийгиликтерине бир топ чыгармаларын арнады. Анын «Октябрдын майрамы», «Сталиндик Конституция», «Он беш жылдыкты куттуктоо» жана башка ырлары совет бийлиги тушунда, социализм өлкөсүндө өркүндөгөн жыргал турмушту, өлкөнүн жеңишин көрсөткөн ырлардан болуп эсептелет.

Кыргыз элинин көрүнүктүү карыя акыны Тоголок Молдонун чыгармачылыгында Ата мекендик согуш жылдарында жазган ырлары да белгилүү орунду ээлейт. Ошондуктан, акындын акыркы кездерде жазган чыгармаларына бир аз токтолууга туура келет.

1941-инчи жылы гитлердик Германия убадасын бузуп, биздин ыйык ата мекенибизди басып кирген кезде, бүткүл советтик эл бирдикте болуп, душманга каршы жапырт көтөрүлүштү. Эмгекчилердин улуу жол башчысы И. В. Сталиндин 1941-инчи жылы 3-үнчү июлда сүйлөгөн тарыхый сөзү бүткүл советтик элди жеңишке шыктандырып, аларды кайраттандырды. Жумушчулар менен колхозчулар, интеллигенттер тылда талыкпай иштөөгө, жоокерлерге бардык жагынан жардам берүүгө, кайраттуу эмгектери менен душманды алсыратууга даяр экендиктерин билдиришкен эле.

Ал эми Кыргызстандын жазуучулары да, советтик бир тууган элдердин акын жазуучулары сыяктуу эле, өздөрүнүн курч калемин, күчтүү талантын элдин күчүн топтоого, душманды тез жеңүүгө арнашты. Кайсы бир акын жазуучулар айыгышкан душмандар менен күрөшүү үчүн фронтко жөнөштү.

Кыргыз элинин карыя акыны Тоголок Молдо да курч калемин душманга каршы учтап, элди жеңишке үндөп ырдады. Карыя акын И. В. Сталиндин тарыхый сөзүнө шыктанып, улуу генийдин: «Биздин жеңишибиз үчүн

алга баралы» деген ураанына жооп кылып: «Биз даярбыз!» — деп, көпчүлүк кыргыз элинин оюн билгизип, элдин атынан убада берген. Чындыгында, Кыргызстандын эмгекчилери, Советтер Союзунун башка элдери катарында, ата мекенди коргоодо өздөрүнүн даяр экендигин иш жүзүндө көрсөтө алышты. Кыргыз эли коммунисттер партиясынын тегерегине топтолуп, душманды биротоло жеңип чыгуу үчүн бүткүл совет эли менен бирдикте гитлердик басып алуучуларга каршы күрөш ачты, алар менен салгылашты.

Тоголок Молдо улуу жол башчынын сөзүнө жооп иретинде жазган «Биз даярбыз!» деген ырында мындай деген:

Сталин айткан сөздү угуп,
Элимдин көөнү шыктанды.
Эркек-аял дебестен,
— Даярбыз! — деп чукталды.

* * *

Тоголок Молдо бул ырында Сталиндин ар бир сөзү жеңишке жеткирерин, ал үчүн кары-жаш, аял-эркек дебей дайым даяр экендигин күчтүү сезим менен берген. Акын кийин жазган «Армияга арнайлы», «Жетишкенбиз, жеңебиз», «Өскөн чак», «Кайраттуу күн», «Октябрь» деген ырларында да патриоттук идеяны жогору көтөрүп, бардык күчүн жеңишке арнай билген.

Ошентип, Тоголок Молдо карыса да, эл үчүн, Ата мекен үчүн талыкпай иштеди. Карыя акын өмүрүнүн акыркы мезгилине чейин курч калемин токтоткон жок. Тоголок Молдонун анык патриот акын экендигин Ата Мекендик согуш мезгилинде жазган ырлары дагы бир жолу аныктайт.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз элинин демократ акыны Тоголок Молдо өзүнүн өмүрүндө баалуу чыгармаларды түздү жана өз элине өлбөс-өчпөс мурастарды калтырды. Тоголок Молдо—анык элдик, анык патриот, чындыкты жазган реалист акын. Тоголок Молдонун чыгармалары — өлбөс-өчпөс чыгармалар, себеби—алар элдин чыныгы турмушунан алынган. Ошондуктан, анын ырларын эл ар дайым сүйүп окушмак жана акындын поэзиясы кылымдар бою жашап жаркырап өмүр сүрмөк.

***Ж. Таштемиров.***

I

# ЫРЛАР

# КОШОКТОР

## ДЫЙКАНДЫН АЯЛЫНЫН КОШОГУ[1].

Асылым дыйкан жыргалым,
Асылың көрүп жыргадым.
Бала-чакаң жаш калды,
Баркыңды санап куурадым.

Бармактарын барбайтып,
Басаган элең, жыргалым.
Ортондорун оркойтуп
Орокчу элең, жыргалым.
Қабыргаңды каржайтып,
Карылуу элең, жыргалым.

Батыра чапкан кетменди,
Байкаган үрөн сепкенди.
Өзу — дыйкан табышкер,
Ойлонбогон өткөндү.

Арыкка суусун бурганым,
Айылга жыйын курганым.
Ак буудай айдап, нанын жеп,
Аштык багып турганым.
Адамдан талап кылбаган,
Асыл элең, жыргалым.
Булуңга буудай сепкеним,
Буудайга алган кетмениң,

Талаага таруу сепкениң,
Таза урунган кетмениң.
Қош өгүзүн байлаган,
Шайман тиркээч шайлаган.
Қара жерди каңтарып,
Эшилтип эгин айдаган.
Эл кеткенде жайлоого,
Эгиндин башын жайлаган.
Буурусунун буктурган,
Қара жерге суктурган.
— Түгөнбөс кенч эгин — деп,
Сугатчыга уктурган.
Эмгек кыл деген насаатын,
Дыйкандарга жуктурган.
Ат семирткен арпага,
Пайдасы тийген барчага.
«Асыл дыйкан өттү»— деп,
Атагың кетти канчага.

Арыгын терең кең чапкан,
Ак буудай деген кен тапкан.
Дыйкандык кылып дан тапкан,
Жыргатып жакшы жан баккан.
Бурбай эккен буудайды,
Гүлкан[1] кылган бу жайды.
Жыргалым дыйкан барында
Жыргап көрдүм убайды.
Адырга сепкен арпаны,
Аян кылган канчаны.
«Талаага сепкен таруу» — деп,
«Табар пайдам ушул» — деп.
Қонуш кылган колотту,
Қолотко сепкен конокту.
Чамынганы жолборстой,
Чарыкка салган орокту.

Булуңга сепкен буурчакты,
Алтын деп билген турпакты.
Ашка-нанга мол кылып,

---

[1] *Гүлкан кылган* — гүлдөткөн.

Тойгузуп турган курсакты.
Пейилинде жактырбайт,
Бекер басып жүрүштү.
Жарышка салып кеп кылган,
Арпа менен күрүчтү.

Тоголок кызыл даны бар,
Токчулук буудай жана бар.
Бурбай айда буудайды
Талыкпай айда таруунy.
Талыктырбайт адамды
Көңүлдөнүп жакшы иште,
Берекелүү алууну,
Тарууга чыгар каруунy.
Бакалдар сатат баарыны,
Байкатып айтам шалыны.
Кабыгы сайын дан экен,
Кымбаты дандын шалы экен.
Көлгө урук септирет,
Абыдан ылай тептирет,
Көлгө чыгат көгөрүп,
Сууга чыгат майсалып,
Баасына келтирип,
Бул жаныбар күрүчтү,
Дыйкандар сатат байсалап[1].
Кызыл болот кээси,
Кымбат болот баасы.

Салаадан майын чыгарып,
Салса болот сорпого,
Бул жаныбар күрүчүң,
Маалим тамак барчага.
Салаадан майы чыкпаса,
Садага кетсин арпага.

Жылжыган Сыргак сен элең,
Сырыңды билген мен элем.
Сырттаным дыйкан, барыңда,
Мен бейбак, эмнеден кем элем?..
Ойдо жаткан таш элең,

---

[1] *Байса* — муунга чейин өлчөө.

Орокчунун башы элең.
Сууда жаткан таш элең,
Сугатчынын башы элең.
Кырда жаткан таш элең,
Кырманчынын башы элең.
Калың кара туугандын
Казанга бышкан ашы элең.

Кырды кырдай басканым,
Кызыгып ороо казганым.
Башкага жаман көрүнсө,
Өзүмө жакшы арстаным.
Толуп жатат өнөрүң,
Билбедим сенин өлөрүң.

Береке кирген ашыма,
Пейли жумшак берeним,
Ала кар менен аралаш,
Эгинди эрте айдаган.
Суу сугарып, арык чаап,
Саратан чөлдү жайлаган.
Кагылайын дыйканым,
Качкан эмес пайдадан.
Пайда таап эгинден
Арбын кылып айдаган.

«Аккула» — деп кепсенди,
Арбын берген мол кылып,
Ал — кайратын зор кылып.
Башынан дыйкан ийгеним,
Пайдасы журтка тийгеним.
Бала кезден бер жакка,
Эгин айдап жүргөнүм.
Ар кызматы жаккандан,
Эли-журту сүйгөнүм.

Чөптү тоодой көп кылган,
Төгөрөгүн чеп кылган.
Саманын арбын көп кылган,
— Берекелүү дыйкан — деп,
Жалпы калк аны кеп кылган.
Жаманчылык жут күнү,

Чабыр-чубур арыктар
Тегеректеп жеп турган.
Артын байкап санаган,
Артык кадыр самаган.
Жут болгондо топурап,
Малдуулар көзүн караган.

Дыйканымды өлтүрдү,
Баласы мендей какшасын,
Башыма жабыр келтирди.
Эч кылмышы жок эле,
Дыйканымды күнөөлөп,
Жайлаптыр датка өлтүрүп,
Жалпы журтка күбөлөп.
Багымды датка байлады,
Мээнетим бекер сайлады.
Карабэт жесир калгансоң,
Капасын айтып сайрады.
Тикирейип көп ыйлап,
Тилин тишке кайрады.

Асылым дыйкан арстаным,
Талыкпай ташка басканым.
Кара жолтой какшаалга
Жок эле менин жазганым.

Арманын айтып ар качан,
Алганы дартын козгосун,
Казы-мупту жолумдан,
Каршы чыгып тозбосун.
Какшаал казы залымдын
Кара кийип катыны
Тукуму тарап тоз болсун!
Уугу сынып кыйрасын,
Уулу мендей ыйласын.
Керегеси кыйрасын,
Келини мендей ыйласын.
Түндүгү сынып кыйрасын,
Тууганы мендей ыйласын!

Асылым дыйкан курдашым,
Армандуу болду бул башым.
Асылым аман турганда,

Анык эле жыргашым.
Арстаным сенден айрылып,
Арылбады көз жашым.
Керилип кетмен чапканым,
Кетмендей нанды тапканым,
Кенебей жыргап жатканым.
Кейитип кеттиң, арстаным.
Оюлтуп ороо казганым,
Олжону кабат тапканым
Оёнум дыйкан, арстаным!

## УСТАНЫН АЯЛЫНЫН КОШОГУ[2].

Балкасы менен зар чапкан,
Бармагы менен мал тапкан.
Кычкачка кармап зар чапкан,
Кызматы менен мал тапкан.
Көругүн көк букадай өкүрткөн,
Көмүрүн ирик койдой иргилткен.
Баянын айтам бир канча
Балкасын так текедей секирткен.

Асылым уста арстаным,
Бактыма кудай жазганым.
Балаңа калды мүлк болуп
Болоттон соккон барсканың.
Дөшүң калды темирден,
Көз ачык өттүң өмүрдөн.
Чың темирди балкытып,
Өнөрүң ашты көмүрдөн.
—Жалпы журт пайда көрсүн—деп,
Жасадың таштан тегирмен.
Туйгунум устам барында,
Тууганы нанга кеңилген.
Көзү ачык сенин балдарың
Көтөрүп нанды кемирген.
Башында Дөөт пириңиз,[1]
Пайда көргөн жегимден.

---

* *Дөөтү пир* — миф, илгерки адамдар устачылык кесиптин ээси болот деп жоромолдошкон.

Жайдарым сендей табылбайт
Жалпы элет элиңден.
Суйсалып ойноп жүрчү элем,
Сымбатым артып келинден.
Каз элечек мен элем,
Кармаган эрим сен элең,
Торко элечек мен элем,
Тойгузган эрим сен элең.
Каз элечек жыйналды,
Карабет какшап ыйлады.
Торко элечек жыйналды,
Кадимки кадыр сый калды.
Арманын айтып карабет,
Азабын тартып кыйналды.
Карабет менин үстүмдө,
Калдайган калың чыр калды.

Алтынды зергер эритет,
Адамды өлгөн кемитет.
Күмүштү зергер эритет,
Күйөөсү өлгөн кемитет.
Балкаң темир, дөшүң таш,
Балдарыңдын баары жаш,.
Арманым чоң кара бет,
Ага, иниңдин боору таш
Жыргалым сени санасам,
Көзүмдөн аккан кандуу жаш,
Асылым сени таппадым,
Эки көзүм жаштадым.
Мен карабет шордуу күң,
Пейлиңди самап какшадым.
Асылым уста жыргалым,
Армансыз ойноп жыргадым.
Акырет кеттиң, өзүң жок,
Азабың тартып куурадым.

Сонунда сендей жан болбос,
Соопко белин байлаган,
—Калбасын менден көөнү — деп,
Калктын көөнүн жайлаган.
Эртеден кечке узанса

Эрикпеген, жыргалым.
—Бирөөнүн ишин кылдым — деп,
Терикпеген, жыргалым.
Балта менен керкини,
Барскан менен сылаган.
Көпчүлүктүн кызматын,
Кылганга өзү чыдаган.
Кең пейил элең адамдан,
Келген бүтпөй кеткен жок,
Соопко белин байлаган.
Соопкер сендей өткөн жок,
Кычкачын колго кармаган,
Кылбаган иши калбаган,
—Кыйык эмес, элпек деп,
Кызматын көргөн жардаган.
Элге ылайык жумушту
Эрте кармап күтүнгөн.
—Эртең келгин — дебестен,
Келген күнү бүтүргөн.

Жоо жарагы себилди,[1]
Сом бүтүрчү темирди,
Баатырлар алчу жаракты,
Баарысын журтка таратты.
Алтын шыбап сабына,
Ай балта соктуң болоттон.
Табылып турган кезинде,
Тартынбадың коноктон.
Байкабай койчу мен эмес,
Башка усталар тең эмес,
Баянын айтсам кем эмес,
Байыркы айткан жомоктон.

Найзага болот тык[2] кылган,
Тыгын өткүр курч кылган,
Кабагын түйбөй жадырап,
Кас тууганын журт кылган.
Мылтыкты соккон сай салып,
Билими арткан канчалык.

---

[1] *Себил* — согушка кийүүчү кийим.
[2] *Тык* — курч темирди ширетип коюуну айтат.

Баранды соккон сай салып,
Баасы арткан канчалык.
Комутта өткөн кайраным.
Козголуп калды арманым.
Өзүң жарды, малың аз
Өксөп калды балдарың!
Башыма кара салгамын,
Асылым уста жыргалым,
Армансыз ойноп жыргарым,
Армандуу калды алганың!
Береним уста өлгөн соң,
Беш тырмак тийди бетиме,
Жүдөп, какап кор болуп,
Жүрөмүн калктын четинде.
Өзүңдөн калган үч бала,
Эсен жүрсө эр жетер,
Эр жеткенче эс кетер,
Эсине албай дос кетер.
Карыптык башка келгенде,
Кайгы менен күн кечер.
Эмгек кылсак эринбей,
Эптеп, септеп күн өтөр.

## КАЛМЕРГЕНДИН АЯЛЫНЫН КОШОГУ[3].

Мен айтайын башынан,
Калемдей кара кашынан.
Какшадым ойлоп муң басып,
Калмерген аттуу жашынан.
Арчадан кундак ойдурган,
Алмадан шыйрак жондурган,
Кундакка мылтык кынаткан,
Тоо теке атып сулаткан.
Сүмбөң кызыл табылгы,
Үйрөндүң мылтык себилди.
Жашында өлүп жай болдуң,
Жасаган бербей өмүрдү.
Асылым Калы мергеним,
Тоодон теке тергеним.
Шыралга[1] деп келгенге,

[1] *Шыралга* — соога.

Шыйрагын кеспей бергеним.
Купсөргө дары куйганым,
Куйукпөй баскан бууданым.
Кундө үч убак ыйлатып,
Куйүткө салдың жыргалым!
Кутусун салып мойнуна,
Дарысын катып койнуна,
Барам деп басып бийикке,
Кетүүчү элең кийикке.
Белестен аша бергенче,
Беш теке атып сулаткан,
Башкасын айтып нетейин
Баарысын түзгө кулаткан.
Кырандан аша бергенче,
Кырк теке атып сулаткан,
Кызматын айтып өтөйүн,
Атканын түзгө кулаткан.
Эчкини аттың эби жок,
Эликти аттың чени жок.
Жардыны майга жыргаттың,
Жалган деп айтар кеби жок.

Аркар менен кулжаны
Алдыңа салып айдадың,
Айдап жүрүп жайладың.
Аркансыз, жипсиз байладың.
Адырга аркар тургузбас,
Адис мерген жыргалым.
Кыраңга кулжа тургузбас,
Кыраан мерген жыргалым.

Алмабаш[1] мылтык асынган,
Аяктай ташка жашынган,
Асылым Калы жыргалым,
Адистиги ашынган.
Көк чыбык[2] мылтык асынган,
Көнөктөй ташка жашынган.
Көрөгөн Калы мергеним,
Көп мергенден ашынган.

---

[1] *Алма баш* — эски мылтыктын бир түрү.
[2] *Көк чыбык* — эски мылтыктын бир түрү.

Ак зоодон түтүн булаткан,
Ак бугу атып сулаткан.
Абышка менен кемпирге,
Аппак майды туураткан.
Мергендигиң белгилүү
Мелдешип кылган каралды,
Карагай, талдан чеп кылып,
Какшаткан далай маралды.
Аюуну атып жайлаган,
Адырды бүтүн майлаган.
Аюу аткан адис мерген — деп!
Атпай журт даңкын жар кылган.
Илбирс менен жолборсту
Илесин таап кыйраткан,
— Терисин ичик кылам — деп,
Салкын жайга кургаткан.
Ак кийик атып келгенде
Айлынын баарын жыйнаткан,
Айыл-апа коңшусун,
Аппак майга жыргаткан.
Белеске салган капканын,
Береке кылган тапканын.
Берендиги башкача
Пейли жакшы арстаным.
Кадууга салган капканын,
Кадырга берген тапканын,
Табылгасын Кал мерген
Көрбөдүм түк да сатканын.

Бөксөгө чыгып сонорлоп[1],
Бөрүнү атып кыйратты.
Бөрүнү атып Кал мерген,
Бөлтүрүгүн ыйлатты.
Түлкүгө салып капканды,
Түлкүнүн көбүн кыйратты.
Түлкүдөн ичик кылдырып,
Түлкүчөгүн ыйлатты.
Илбирс менен бөрүгө
Ийменбей кирип кол салды.
Кара таш зоонун бетине,

[1] *Сонорлоп* — кар жаагандан кийин ууга чыкканды айтат.

Какайып басар жол салды.
Мылтыгы baraң алты сай,
Бар-жогуна карабай.
—Бали! — деп келген адамга,
Берип турган жадабай.

Калтардан канча түлкү алган,
Казына болор мүлк алган,
Мергендиги Калынын
Кожожаштан үлгү алган.
Калмерген — менин жыргалым,
Канча жыл дуулап жыргадым.
Кара кошок сөз менен,
Кайгыңды тартып ыйладым.
Асылым — менин мергеним,
Арстан жүрөк берээним,
Тилеги кабыл келгеним,
Тиктегенин жеңгеним.

Марал атса кенебей,
Марттыгын жанга теңебей,
Башын кеспей бүпбүтүн,
Шыралгага бергеним.
Кабылан Калы арстаным
Кадуугa салган капканың,
Карк олжого батканым.
Карааның көрбөй какшадым.
Кармаган жерден кан чыккан,
Балбан эле мергеним.
Аюу менен күрөшүп,
Алган эле мергеним.

Ченинде аюу жатканда,
Сезбей басып барчу эле,
Ок дарысын коротпой,
Оёнум кармап алчу эле.
Баатырдыгы башкача
Баатыр жолборс жүрөктүү,
Качпай кирчү кармашып,
Карсакка[1] салган дүмөктү,

---

[1] *карсак* — түлкүнүн бир түрү.

Айбаттуу элең башкача,
Ажыдаардай жүрөктүү.
Арстандыгын мындан бил,
Аюуну кармап жүдөттү.
Аюуну аткан алыстан,
Жолборсту аткан камыштан.
Каман аткан черлерден,
Катылып жаткан жерлерден.

Кабылан, жолборс, аюунун
Жатар жери белгилүү.
Качпай барып мергендин
Атар жери белгилүү.
Күндүр-түндүр көп аткан,
Мергендиги белгилүү.
Адистиктен түндөрдө
Көргөндүгү белгилүү.
Карышкырды кубалап,
Жеңгендиги белгилүү.
Кийикти тоодон кулаткан,
Арстанды черден сулаткан.
Табышын адам туйбаган,
Аткандар сулап туйлаган.
Жандын баары кас болуп,
Бөрүгө айла жыйнаган,
Кармап алып бөрүнү,
Тишин кагып кыйнаган.

Кагыраган кара таш —
Тоого баскан мергеним,
Мелтиреген көк айкын —
Зоого баскан мергеним.
«Бойлобойм» — деп ойлобой,
Аккан суудан аттаган,
Кайберенди үркүтпөй,
Бир күнү үйгө жатпаган.
Сен — карчыганын тынары.
Мен — кара тоонун улары.
Кагылайын мергеним,
Кандай арга кылалы!?

## МААНАНЫН КОШОГУ[4]

Энекем, ак тактанын буту элең,
Ак сарай үйдүн куту элең.
Көк тактанын буту элең,
Көк сарай үйдүн куту элең.

Энекем, ак талдан уук копшоткон,
Ак сарай үйүн окшоткон.
Көк талдан уук копшоткон,
Көк сарай үйүн окшоткон.

Керегең талдын кызылы,
Уугуң талдын узуну,
Босогоң кайың ноодасы,
Түндүгүң кайың шыңгасы.

Жез оймок аял өзү эле,
Сарамжал менен үй кармап,
Салтанат менен жыргашы.
Кийизин аппак бордоткон,
Кылымын артык оңдоткон,
Үзүгүн аппак бордоткон,
Этегин чачы тордоткон.

Төкмө чачы төтөгө,
Төгүлтүп салган үйүнө,
Килем көчөт келтирип,
Чырмак салган чийине.

Боёгун жакшы кандырган,
Боосу терме Кажары[1]
Адамдын көзүн талдырган,
Акылын айран калтырган.
Үзүк менен жабыкбаш,
Баарысын кыял[2] ойдурган.
Арасынан оюунун.
Актан милте койдурган.
Жабыкбаштын баарына,
Кара кундуз кармаган.

---

[1] *Кажары* — сайманын бардык түрү.
[2] *Кыял* — сайманын бир түрү.

«Катын да болсом кылганым,
Калсын» — деп нуска арнаган.
Оң колуна кайчы алган,
Сол колуна барча алган.

Кайчысы колдо шартылдап,
Барчасы[1] колдо жаркылдап,
Үлгүлүү ишин бүтүргөн,
Үйдө отуруп бүтүргөн,
Саймасына күтүнгөн.
Сарамжалын бүтүргөн.
Томогодой ак өргөө
Үйүң калды, энеке,
Чымын канат чырмаган,
Чийиң калды, энеке.

Ала канат ашканаң,
Ак жагынан жыйып кет,
Арт жагында шербеттин
Көзүнүн жашын тыйып кет.

## САРАҢ КЫЗДЫ БЕРГЕНДЕ ЖЕҢЕСИНИН КОШКОНУ

Кыялап өткөн көч элек,
Кыз экөөбүз өч элек.
Өч да болсок ыйлайлык,
Ата-энени сыйлайлык.

Ой сараң кыз, балакет,
Тамакка кылдың аракет.
Жаман көргөн жеңеңди,
Учкаштырып ала кет!

Куба курут, сары май,
Жыйылып турду үйүңдө,
«Жеңем» — деп тамак бербедиң,
Сурап турган күнүмдө.
Сараңдыгы бийкечтин
Эсимден кетпейт тирүүмдө.

---

[1] *Барча* — кымбат баалуу кийимдин бир түрү.

Кол кармашып бир басып,
Ойнободум кыз менен.
Тамак ичип жайланып,
Тойлободум кыз менен.

Тизелешип отуруп,
Иш кылбадым кыз менен.
Ичте сырды чечишип,
Сөз кылбадым кыз менен.
Келген замат асылды,
Кеңгитип койду башымды.
Сураганды түк бербей,
Сараңдыгы ашынды.
Каяшаны көп айтып,
Сурады менин жашымды.

Үйүбүздү кайтарган,
Корукчубуз кыз эле.
Адамдан башка тескери
Жоруктуубуз кыз эле.

Кайтарганга казанды,
Какайып көнгөн маш эле.
Чык татырбас бул үйдөн,
Кайын сиңдим кас эле.

Каста болсо ыйлайлык,
Кадырыңды сыйлайлык,
Кара каска[1] какайып,
Карап бекер турбайлык.

Ой сараң кыз, балакет,
Саргарганда бербеген
Саамалыңды ала кет,
Сандыгыңа сала кет!
Сабылганда бербеген
Сары майың ала кет.
Санаасы бөлөк карабет,
Сандыгыңа сала кет!

---

[1] *Кара кас* — калп эле деген мааниде.

Кош билерик, кош шакек,
Оң колуңа сала кет,
Урушуп эрмек кылганга,
Жаман көргөн жеңеңди
Учкаштырып ала кет!

Кыйма элечек тартып кет,
Кыйналганда бербеген
Кымызың калды, артып кет.
Сайма элечек тартып кет,
Сагынганда бербеген,
Курутуң калды, ала кет,
Куржунуңа сала кет!

Казан сенин аягың,
Калбасын мында тамагың.
Өмүрүнчө кызганып,
Өз жеңеңден аядың.

Сузгу сенин кашыгың,
Жок эле сага жазыгым.
Кайын сиңдим кызыке,
Калбасын мында азыгың!

Соку эле сенин сыягың,
Сокбилек сенин кыягың,
Аш-тамакка киришкен,
Башка эле сенин кыялың.

Казан кап сенин калпагың,
Кара сырмак[1] талканың,
Түпкүч сенин оймогуң,
Түп оокатың ойлогун,
Аш-тамактан бул үйгө
Түк эчтеке койбогун!
Баарын жыйнап ала кет,
Кызыке куржунуңа сала кет!

---

[1] *Кара сырмак* — таруу талкан.

## «КӨК КӨЙНӨК»[6]

Көп болот биздин бүлөбүз,
Көк уй—биздин энебиз.
Айрылып калсак көк уйдан,
Ачкалыктан өлөбүз.
Жалгыз уйду таштап кет,
Жабырга кантип көнөбүз.

Кара алачык — желеси, —
Кайнатамдын керээси.
Оокат кылган сүтүнөн
Он баламдын энеси.
Бүлөлүктү санагын,
Ал-жайыма карагын ,
Жалгыз уйдан айрылсам,
Балдарды кантип багамын?
«Көк көйнөк», уксаң зарымды,
Бир жакшылык баштап кет,
Он баламды боздотпой,
Жалгыз уйду таштап кет!..

«Көк көйнөк» ага болбоду,
Көк уйду улам торгоду.
Өлдү көк уй чиренип,
Асылган оору койбоду.

Балдары сүт деп ыйлады,
Энесин болбой кыйнады.
Ошондо аял муңканып,
Көк уйду мындай ырдады:
— Аргымак атка бербеген,
Адам сурап келбеген.
Азыгым көк уй барында,
Ачкалык бизди жеңбеген.

Тобурчак атка бербеген,
Дос, тамыр сурап келбеген.
Тоютум көк уй барында,
Томсортуп бизди жеңбеген.

Төрт эмчегиң азыгым,
Кагылуу калды казыгың.

Он баламды какшаттың,
«Көк көйнөк», жоктур жазыгым!
Айрансыз калып балдарым,
Армандуу болуп жашыдым.

Желенде калды чүлүгүң,
Башыма түштү күйүтүң.
Бири өлгөндө баары өлгөн,
«Көк көйнөк», сенин бүлүгүң!

Асылым көк үй, кайраным,
Казан толгон айраным,
Каргашалуу «көк көйнөк»
Какшанып калды балдарым!

# АРМАНДАР

## ЧАЛГА БЕРГЕН КЫЗДЫН АРМАНЫ[7]

Күнгөйдүн күнү баткан жок,
Күйөөдөн мага айткан жок.
Тескейдин күнү баткан жок,
Теңтуштан мага айткан жок.

Алтымыш бутун аксаткан,
Чалга кетип баратам,
Атам сатып башымды,
Малга кетип баратам.
Башы кара, буту айры,
Чалга кетип баратам.
Пайдасы жок жаныма,
Жанга кетип баратам.
Жетимиш жерге киргизген,
Чалга кетип баратам.
Жээктен тышка сүрүлгөн
Жанга кетип баратам.
Өз башыма ээ болбой,
Малга кетип баратам.
Пайдасы жок башыма,
Чалга кетип баратам.

Убалга атам карабай,
«Балам» — деп мени санабай,
Кудурет мени кыз кылды,
Кууراган чалга туш кылды,

Бузулсун соккон дубалың,
Болбосун асый кунаның.
Боздотуп чалга жөнөткөн,
Атама жетсин убалым.

Алты байса дубалың,
Ат болбосун кунаның,
Ак сакал чалга кыз берген,
Атама жетсин убалым.

Баласын сатып мал алып,
Атамдын күнү мал менен,
Канткенде өсөт көңүлүм,
Какайган какбаш чал менен.

Ашыктуу жилик эт жесем,
Арманым калбайт ал менен,
Алтымыш күнү ойносом,
Ойнум канбайт чал менен.

Ак алма алып жеп жүрдүм,
Арзымды айтып көп жүрдүм,
Ыманбек деген агамды,
Мындай кылбас деп жүрдүм.

Жеңем менен бирге ойноп,
Жер жемишин жеп жүрдүм,
Энемдей болгон жеңемди,
Мындай кылбас деп жүрдүм.

Энеси өлгөн Эркечтин
Эч адамга доосу жок,
Бузулган ишим башынан,
«Мындай»— деп айтар «өзү» жок.

Энеси өлгөн курусун,
Ким билиптир мунусун.
Чалга сатып башымды,
Бүтүрүптүр жумушун.

Тарагым талдан болуптур,
Таалайым чалдан болуптур.
Таалайсыз Эркеч кор болуп,
Чалга теңтуш болуптур.

Келечим[1] жүндөн болуптур,
Кешигим чалдан болуптур,
Энеси өлгөн жетим деп,
Кем атакка конуптур.

Атама арбын мал керек,
Армандуу мага жан керек.
Энекем өлүп кор болдум,
Айтып, айтпай не керек!

Оюмдун баары омолду,
Олуттуу ишим жоголду.
Күлкүмдүн баары күбүлдү,
Күйөөдөн Эркеч түңүлдү.
Көмүктө калган мен шордуу,
Көрөмүн эптеп күнүмдү.

## ЖАШ БАЛАГА БЕРГЕН КЫЗДЫН АРМАНЫ[8]

Бай Шеримбай кайнатам
Бай Карабай өз атам,
Күйөөлү кызга көз артам,
Күйөөсүз жалгыз мен жатам.
Калка кылар дубал жок,
Анаркүл менде убал жок,
Жыйырма бешке чыкканча,
Ойноп-күлөр улан жок.
Абышкалар тойдо жейт,
Асыл койдун куйругун,
Жаш балага туш кылган,
Жараткандын буйругун.
Алты жаштагы жаш бала,
Анарга күйөө болчубу,
Жабыр тартып Анаркүл,
Кары кыз атка кончубу.
Жергеден башым кемиткен,
Карабай атам оңчубу.
Жети жашар жаш бала,
Жетилип күйөө болчубу,
Жесир жүрүп Анаркүл,

---

[1] *Келечим* — кийимдин түрү.

Жакшы атакка кончубу.
Өз атам мага кылды каз,
Өзгөчө мага боору таш.
Келсин деп кабар кылууга,
Кесирлүү күйөөм болду жаш.
Жыйырма бешке чыкканча,
Күйөөнүн жүзүн көрбөдүм.
Кордонгондон Анаркүл,
Ажал жетип өлбөдүм.
Күйөө келип кайындап,
Күйөөлүгүн дайындап,
Женелер жетип жандашып,
Жеңгетайын камдашып,
«Күйөөсү келди кыздын» — деп,
Женелер колум кармашып,
Теңтушума барбадым.
Жыйырма бешке келгенче,
Телмирип ыйлап зарладым.
Кадеми каткан Анаркүл,
Кары кыз деп аталган,
Кадырдуу башым кор болуп,
Калдым белем катардан.
Кары кыз мага күн барбы?
Кайгырбай жатар түн барбы?
Атам мени бербесе,
Ачылып чыгар күн барбы?
Эшикке чыгып карасам,
Эстеп күйөө санасам,
Кырамга чыгып карасам,
Кызыгып күйөө карасам,
Карарган калың мал турат,
Карагай, кайың, тал турат,
Мал көрүнөт көзүмө,
Кайың, тал кирбейт сөзүмө.
Күйүт тартып зар ыйлап,
Күйөө түшөт эсиме.
Бактысы жок Анаркүл,
Күйөө келбейт өзүмө.
Күйөө келсе өзүмө,
Куштармын айткан сөзүнө.
Келбети артык жигитти,

Келтирбейт менин кезиме.
Карагай — кайным болсочу,
Кайың тал — күйөөм болсочу,
Аралаш айлым консочу,
Анаркүл ойноп оңсочу.
Арманы көп Анаркүл,
Арманым айтып болдум зил,
Өрттөнгөн атам Карабай,
Өтпөдү буга айткан тил.
Карабайдын төрүндө,
Какшаган бейбак тул болдум.
Арзыкул акем айтса экен,
Айтып жөнгө салса экен.
Бай Шериден алганын,
Атам кайрып берсе экен.
Ажыратып башымды,
Көп көтөрбөй жашымды,
Теңтушума берсе экен.
Кепке-сөзгө келсе экен,
Быйыл мени берсе экен.
Быйыл мени бербесе,
Тирүүлөй көргө көмсө экен.

## НАСЫЯГА КЕТКЕН КЫЗДЫН АРМАНЫ[9]

Атбашынын сазында,
Чоко болуш башында,
Кара сакал соодагер,
Болуштун келди кашына.
Насыячы Карт келди,
Кенжеке мага дарт келди.
Бир келбеди, үч келди,
Кара жанга күч келди.
Өзүмдүн атам Сатылган,
Балаалуу карызга чатылган,
Көтөрмө теңге көтөрүп,
Көпкөнүнөн катылган.
Кызматчы болдуң болушка,
Кордукту болуш кылган соң,
Коно албадың конушка.
Кагазга бастың мөөрүңдү,
Катчылар тапты жөнүңдү.

Беребиз деп бул койду,
Болушуң тапты бул ойду.
Экинчи жылдын өзүндө,
Элден уккан сөзүмдө,
Арбытып койду жаздырып,
Кез болду арбын кесирге.
Бексулга койдуң колуңду,
Байладың өзүң жолуңду,
Көтөрө албай карзыңды,
Көрдүң белем сонунду.
Торгоду болуш сөзүңдү,
Торук кылды өзүңдү,
Аласа картын ээрчитип,
Ашты белең көзүңдү.
Атбашы, Нарын ара жер,
Аксай, Арпа сара жер,
Эшмамбет менен Атабай,
Ак чапандан пара жээр.
Насияга кыз берген,
Сен, Сатаке кара жер,
Карызга берди дедирбей,
Кенжеке кечтим жанымдан.
Кадыр алда чоң кудай,
Кара жаным ала көр!
Канетейин арман көп,
Казган көргө сала көр!
Бу кордукту көргөнчө,
Армандуу болуп өлгөнчө,
Токмокко орус толгондо,[1]
Жаңыдан комиссия болгондо,
Өзүң жаңы старшын болгондо,
Үйүңө үйөз конгондо,
Жүгүңө бешмант толгондо,
Жүгүндөгү бешмантың,
Чачып кетпей не болдум,
Көмүлөрүм билгенсоң,
Көл башында бугуга,
Качып кетпей не болдум.
Жылкы ичинде чоң тору ат,

---

[1] *токмокко орус толгондо* — орустар жаңы келип, шаар салына баштаганда деген мааниде.

Боолук салса карматат,
Насия алды аманат,
Насияга кыз берип,
Сатаке!
Өзүңө калды жаман ат!..
Эшмамбеттин кыздары
Кер жорго минип дуулады,
Нурмамбеттин Кенжеке
Кер эшек минип куурады.
Саксайган картка баратам,
Сердекти майдай туурады.
Атабайдын кыздары,
Аргымак минип дуулады,
Алды каткан Кенжеке,
Азап тартып куурады.
Карчыга салсаң кууга сал,
Кадырым билбейт как баш чал.
Картайган чалга бергенче,
Кардымды жарып суу га сал.
Ителги салсаң кууга сал,
Итейген чалга бергенче,
Ичимди жарып суу га сал.
Калдыбай минди кара атты,
Сасыкбай минди сары атты.
Болушу минди боз атты,
Кенжекени кейитип,
Ташкентти көздөй узатты.
Атагы чыккан Ташкенттин,
Жолунда кетип баратам,
Адырайган бир карттын,
Колунда кетип баратам.
Жети шаар Ташкенттин,
Жолунда кетип баратам,
Жепирейген бир карттын,
Колунда кетип баратам.
Бактым болсо созормун,
Балакет чалдан кутулсам,
Бир баркымды билер теңтушка,
Кара башым кошормун.
Мааниси жок жан болсо,
Баркымды билбей кор болуп,
Барган сайын бошормун.

# КЫЗ КЕНЖЕКЕНИН АРМАНЫ[10]

Бай Байбото кайнатам,
Малга кароо өз атам.
Жыйырма жашка чыкканча,
Күйөөсүз жалгыз мен жатам.
Өткөрдүң ата жашымды,
Билдим сенин касыңды.
Бала деп мени ойлобой,
Малга саттың башымды.
Ат чаптырып той жедиң,
Алда канча кой жедиң.
Желкилдеген төө жедиң,
Желини карыш бээ жедиң,
Калың малың бүткөнсоң,
Жалгыз ат болду салыгың,
Анча-мынча кечпестен,
Арбын болду алымың.
Эки жыл болду бир тайга,
Сарандык кылды кайын атам.
Кечип бербей кеңешип,
Сасыктык кылды өз атам.
Төрөдөй менин төрт акем,
Төрө Чыңгыш бой акем,
«Кенжеке кетип калат» — деп,
Кайтарганың кой акем!
Кайтарганың койбосоң.
Чакырып тоюң сой, акем!
Каада менен той союп,
Мойнун кайрып кой союп,
Атам мени жөнөтсүн,
Каалаганын жөн коюп,
Атам жөнгө келсин де,
Азыр мени берсин де,
Атама айткын сөзүмдү,
Азыр жөнөт өзүмдү!
Өмүрүмө кылбасын,
Өзүмдүн атам кесирди.
Астыртан кабар кеп угуп,
Армандуу сөздү көп угуп.
Ардыгып жүрөт колуктуң,

Азыр баргын деп угуп.
Күйөөм келди бешимде,
Жеңекем келди кечинде,
Атамын кылган жоругу,
Өлсөм кетпейт эсимде.
Жеңем келип айткан сөз,
Үйдөн чыктым булактап.
— Кайда кызың барат? — деп,
Кылайын буга санат — деп,
Оолукма жинди өз атам,
Басып калды кулактап.
Бозоруп күйөөм турганы ай,
Жинди атам туруп кейитип,
Башыма кордук кылганы ай,
Айылдын карап турганы ай.
Арбак урган жинди атам,
Айбыкпай мени урганы ай.
Аябай кордук кылганы ай,
Эрегишип эки бай,
Турушканын айтайын,
Бир мал үчүн өтүшпөй,
Урушканын айтайын.
Аргымак минсем келбесмин,
Азаптан мен да өлбөсмүн.
Аманат жаным өткөнчө,
Ат бастырып келбесмин!
Тобурчак минсем желбесмин,
Тозоктон мен да өлбөсмүн.
Эшигиңдин алдына,
Толгонуп кайта келбесмин!
Ой карагай четинди,
Жебей чөбү кетилди.
Бир көңүлүм калган соң,
Карабайм, ата, бетиңди!
Как баш атам куруп кал,
Калжырабай туруп кал!
Жолу катуу түгөт чал,
Жолбун иттей улуп кал!

# СҮЙҮҮ ЫРЛАРЫ

## ТОЛГОНАЙ[11]

Тору жорго жетелеп,
Тооруп келдим айлыңа,
Тойбогон атаң берген жок,
Мен кантейин, Толгонум?
Кара жорго жетелеп,
Кайгып келдим айлыңа,
Как баш атаң берген жок,
Мен кантейин, Толгонум?
Атаңдын аты Эрмекбай.
Ысабай чалга бермек бай,
Букарада башайы,
Кийип алдың, Толгонум,
Кокондуктун Ысабек,
Тийип алдың Толгонум.
Ай чырайлуу Толгонду
Бир жашка толгон карт алды.
Малын берип айрылып,
Сенин курдашың Андаш кур калды.
Ай чырайлуу Толгонум,
Бул картка кантип тиесиң?
Мунун сакалын кантип сүйөсүң?
Жашынып жүрүп кор болуп,
Жанган отко күйөсүң,
Кадемиң каткан, Толгонай,
Бир караңгы тамга киресиң.
Буга кантип чыдап жүрөсүң?

Эрмекбай атаң чыр кылды,
Эстен кетпес сыр кылды.
Акылымдан айрылып,
Маминтип атпай журтка ыр кылды.
Ак кайың түбү кермектир
Атаңдын аты Эрмектир,
Эрмекке түшкөн эмгектир.
Алтындан сөйкө салынган,
Кулагыңда болсомчу,
Айлыңдан басып суу алган,
Булагыңда болсомчу.
Күмүштөн сөйкө салынган,
Кулагыңда болсомчу.
Күндө барып суу алган,
Булагыңда болсомчу.
Улуу тоонун боорунан,
Улар болуп чакырсам,
Угар бекен Толгонум.
Кара тоонун боорунан,
Карга болуп чакырсам,
Карар бекен Толгонум?
Тору айгыр миндим жал жоктон,
Токмокко кирдим мал жоктон,
Кара айгыр миндим жал жоктон,
Кашкарга кирдим мал жоктон.
Мен шаардан келгинче,
Коломтодон кор чыкты,
Кокондуктун Ысабек,
Толгонума зор чыкты.

## ЖИГИТТИН КЫЗГА ЫРДАГАНЫ[12]

Кыздын аты — Айтамак,
Айтып өтөм бир сабак.
Келиндин аты Кермекаш,
Келбети жакшы, узун чач.
Ай кырандан баткандай,
Айтамак менен жар ойноп,
Айкалышып жаткандай.
Күн кырандан баткандай,
Айтамак менен жар ойноп,

Күбүрөшүп жаткандай.
Белестен чыккан айдайым,
Беш кара боз тайдайым,
Кырандан чыккан айдайым,
Кызыр эмди тайдайым.
Булбулдун муңдуу тилиндей,
Бүркүттүн жогдор жүнүндөй,
Кел ойнойлу ай тамак,
Жан адамга билинбей.

Бетегелүү кой таштан,
Айыл элек кыз бала,
Азек-мазек сөз айтсак,
Кайыр элек кыз бала.
Караңгыда басканда,
Атагың дайын ак ыргал,
Көрүп жүрдүк көп жыргал,
Көз таанышым Ак ыргал.
Ак ыргал кыздын шайыры,
Ак бетиңден өптүрсөң,
Аманат жандын кайыры.
Тоту куштай сыланган,
Боюң таза ак ыргал,
Буркурап жыпар жыттанган,
Койнуң жыттуу ак ыргал.
Ыргал, ыргал, ыргал жан,
Ыргалышкан кыздар жан.
Боз улан менен өскөн жан,
Күмүш топчуң күйдүм жан,
Ыргал жан сени сүйдүм жан.
Күйдүрбөчү, кыздар жан?
Тоголок күмүш топчу жан,
Ыргып бери турчу жан.,
Ак бетиңден сүйдүрчү,
Асылдыгың билдирчи.

## ЖИГИТТИН КЕЛИНГЕ ЫРДАГАНЫ[13]

Кашың кара кундуздай,
Жылтылдайсың, келин жан,
Чапма кунан жоргодой,
Жылтылдайсың, келин жан.
Ак чабактай кыландап,

Сууга ойнодук, келин жан,
Айлың жакын бир жүрүп,
Дууга ойнодук, келин жан.
Асыл кылып бир далай,
Қой-койлодуң, келин жан.
Азабың тартып бир далай,
Бой-бойлодуң, келин жан.
Аппак этиң биз көрсөк,
«Апей, кимсиң!» — дедиң жан.
Наркы жакшы сөзүңдө,
Қуму бар кара көзүңдө,
Қубандырып адамды,
Қылыгың кыйын өзүңдө.
Ала десем, куладай,
Арка чачың буладай.
Буладай сенин чачыңды,
Қандай бенде сылады ай?!
Жейрен десем, куладай,
Желке чачың буладай,
Буладай сенин чачыңды,
Қандай бенде сылады ай!
Тал, тал жибек чачыңды,
Қундуздай кара кашыңды,
Қысынып жүрүп далайга...
Өткөрмөк болдуң жашыңды.
Бул сөзүмө кулак сал,
Олуттуу жашты өткөрбөй,
Ордунча ойноп күлүп ал.
Ууру — Қырчын, Қеңдөйдө —[1]
Ай келиндин айылы.
Үңкүр мурун Шайылда —
Қалың берген кайыны.
«Ай келин» — деп аталып
Ашкере болду дайыны.
Үлпөт[2] сөзү миң дилде,
Ургаачынын шайыры.

«Шайылдага коном» — деп,
«Тамашада болом» — деп,

---

[1] Жердин аты.
[2] *Улпат* — чогулуп отурганда айтылган сөз.

«Ай келинге коном» — деп,
«Аңгемеде болом» — деп,
Барып калдым айлына,
О кудайлат, беш чүйүт[1]
Олтурган экен куралып,
Ай келин чыкса чубалып,
Чачын жууп сыланып.
Сөзү адамга кубаныч,
Кирин жууп барпырап,
Чачын жууп жаркырап,
«Мен үчүн келген мейман» — деп,
Карап турду зыркырап.
Чүйүттөрдүн Шайылда
Кондурган жок үйүнө
Шайылдан конок бербейт деп,
Кепке, сөзгө келбейт деп,
Арыз кылдым Ыса бийине.
Абжип болгон Ыса бий,
Айтсам сөзүм тыңдады,
«Ай келин үчүн бардың» — деп,
Арзымды кабыл кылбады.
Мен — күңгөйдүн андысы[2],
Ай келин, сиз—тескейдин жалбысы,
Ашык болуп күйгөн жан,
Куштар экен баргысы.
Арка чачың кулпунуп,
Тармал экен, Ай келин,
Албай туруп ырдаган,
Арман экен, Ай келин.
Желке чачың кулпунуп,
Тармал экен, Ай келин,
Жетпей туруп ырдаган,
Арман экен, Ай келин.
Ашыктыктын күйүтү,
Козуке менен Баяндан,
Калган экен, Ай келин.
Ай келин чыкпай койбойт деп,
Алам деп бирөө ойлойт деп,
Бар мурундун Шайылда,
Байсогур менен жайлады,

---

[1] *О кудайлат, беш чүйүт* — урууларды н аттары.
[2] *Андыс* — чөптүн аты.

Маймыл ооз Саркүчүк,
Ай келинди токтотуп,
Жайы, кышы байлады.
Безеленип курган жан,
Мээнетин бекер байлады.
Байлаганга токтобой,
Толмоч жубан Ай келин,
Тобундан качып кутулду.
Тозокко кеткен Саркүчүк,
Кетирбейм деп кутурду.
Төркүнүнө барганда,
Чыгамын деп чыр салды.
Чыгарбайм деген чүйүттөр,
Чыдай албай кур калды.
Болуш, бийлер чыгарып,
Эки күлүк ат баштап,
Үч жүз сом акча пул салды.
Чыккандан кийин зарланып,
Манапка зордук кылдырдым,
Өрттөнүп кеткен манапка,
Өз колумдан жулдурдум.
Аалы, Калпа көрүнөө
Кылып койду кордукту,
Көз көрүнөө залимдер,
Көрсөттү кыйла зордукту.
Шайлоонун болгон кезинде,
Жок экен бул сөз эсинде.
Ыймандардын Турдубай,
Каргаша чыкты жолумдан.
Калпа, Аалы манаптар,
Тартып кетти колумдан.
Кара жаным чок болуп,
Кашымда жолдош жок болуп,
Айрылып калдым өзүңдөн,
Айтып жүргөн сөзүңдөн.
Кемесия[1] кезинде
Ай келин кетти парага.
Такылдаган Канкелди,
Ошол жүрүп арага,
Турдубай алды өзүңдү,

[1] *Кемесия* — болуштарды шайлоо мезгили.

Укпады айткан сөзүмдү.
Келинди карган чал алып,
Атагыңды өчүрдү.
Кесепеттүү манаптар,
Ишиме кылды кесирди.

## КЫЗДЫН ЫРЫ[14].

Кылычың боосу кыйма боз,
Кылыгы жакшы, молдо дос,
Саадагың боосу сайма боз,
Санаасы бирге, молдо дос,
Үзөңгү боон күмүштөн,
Үйрүлөйүн, молдо дос,
Үркүндө жүрүп күйүшкөн.
Канжыгаң боосу күмүштөн,
Кагылайын молдо дос,
Кай жерде жүрсөм. күйүшкөн,
Кызыл тоонун боорунан,
Кырдап келем, молдо дос,
Кыз башымды зарлатып,
Ырдап келем, молдо дос.
Жашыл тоонун боорунан
Кырдап келем, молдо дос,
Жаш жанымда уялбай,
Ырдап келем, молдо дос.
Мен ырдап жүргөн ырымды
Угат бекен, молдо дос?
Эртели, кечти ойлонуп,
Мени санап делбиреп,
Мендей болуп эндиреп,
Чыгат бекен, молдо дос?
Зардап жүргөн зарымды,
Билет бекен, молдо дос?
Мендей болуп зарланып,
Жүрөт бекен, молдо дос?
Кызыл кыргый колго алып,
Көчтү жандап өткөндө,
Көзүм калат тунарып,
Көрүнүп жарым кеткенде,
Боз карчыга колго алып,

Айылды жандап өткөндө,
Боорум бышып чок болуп,
Боздотуп келбей кеткенде,
Сабатың окуп ачылган,
Сага ашык болдум жашымдан.
Илимиң окуп ачылган,
Сага, илинип калдым жашымдан.
Жүрөгүм түтүн, ичим чок,
Сүлдөрүм калды, дарман жок.
Молдо дос сени сагынып,
Асты дарман калган жок.
Укпай кеттиң зарымды,
Мага кандайлыктан таарынды?!
Кызыл-Кыя, Ак-Ташта,
Көчүң барбы, молдо дос?
Мени мынча зарлатып,
Өчүң барбы, молдо дос?
Арпанын башы Семиз-Саз,
Айлың конду, молдо дос,
Арбак урган Үчкемпир,
Кайным болду молдо дос.
Үч-Булак менен Көл-Сазга,
Бээ байладың, молдо дос,
Каралашып биз менен,
Бир жайладың, молдо дос.
Мен үйдө олтурдум үлпүлдөп,
Ак тамагым бүлкүлдөп,
Эшикке чыгам элеңдеп,
Эми жарым келет деп,
Кадимки сөздө бар болсоң,
Кадыр билген жар болсоң,
Өзүң жетик билимдүү,
Убадалуу жан болсоң,
Эртеңден калбай келип кет,
Эриктирбей көрүп кет.
Аларыңды аныктап,
Убадаңды берип кет.
Мен Үчкемпирге барбаймын,
Убайымда калбаймын.
Малы бар деп ал итке,
Башыма балаа салбаймын,
Балакетке калбаймын.

Кабарың уксам, молдо дос,
Кайгыңды тартып зарлаймын.
Кара жаным курмандык,
Как өзүңө арнаймын.
Мен кечтим ата-энемден,
Үчкемпирге берем деп,
Урулуу малын жегенден,
Убада сөздө бар болсо,
Жүр, молдо дос, кетели!
Комуттуу болуп жүргөнчө,
Кол кармашып өтөлү.
Күйүп минтип жүргөнчө,
Көз көргүз жерге кетели.
Быйылдан калсак оңбойбуз,
Бир балаага калбаймын,
Ал себептен, молдо дос,
Ашык болуп күйгөндөн,
Айтып кабар саламын,
Пайда болбос шашканда,
Сарамжалың так камда:
Кепте, сөздө бар болсоң,
Кел кетели... Кашкарга!
Кулак салгын мунума,
Курчалышып туруута,
Кел кетели, молдо дос,
Көл башында бугуга.
Атаны сыйлап нетебиз?
Армандуу болуп өтөбүз,
Энени сыйлап нетебиз?
Эмгек тартып өтөбүз.
Эртеңден калбай, молдо дос,
Көңүлүмдү жайлап кет,
Ушунчалык күйдүрбөй,
Убада сөздү байлап кет!

## КОЙКӨЗ[15]

Байымбет айтам баяндап,
Бардыгымды дайындап,
Койкөздүн жайын билдирип,
Күйгөнүмдү кабарлап.

Түндө жатып түш көрүп,
Түн уйкумду үч бөлүп,
Түпөйүл болуп ичимде,
Ажап айран иш көрүп.

Санаа тартып саргарып,
Дартызар болуп сандалып.
Кунава[1] жутуп кумсарып,
Алтымыш тамыр ийгенден,
Аспарай[2] көңүл сүйгөндөн,
Ай чырайлуу Койкөздүн
Азабын тарттым күйгөндөн.

Жерден, суудан калтырбай,
Санап айтам Койкөзгө,
Келиштирип кеп менен,
Жамап айтам Койгөзгө
Асыл Койкөз—ашынам,
Мен ашына болдум жашымдан.
Кабар салып өтөмүн.
Калтырбай баарын башынан.
Чоң-чарыкты[3] аралап,
Чоң дөбөнүн кашынан,
Ат-Кулак менен Оржойду,
Айтып өтөм башынан.

Аяк жагы өзөн суу,
Айыл конгон сазынан,
Ортосунда Кара тоо,
Айтып өтөр тарых бар,
Күндү карап чалкайган,
Орто жайлоо Бабык бар.
Зарлаган сөзүм эшитсе,
Сагынат бекен биздин жар?

Айланасы карагай,
Адам айран калгандай.
Карагайдын кени бар,
Албан түрдүү чеби бар.

Ушунчалык сөз менен,
Уктуруп айтар кеби бар.
Ашык жарым Койкөздү,
Айтып өтөр эби бар.

Кадыраалы, Боролбай,
Катар бүткөн жери бар.
Коңур уулу Чоң-Чарык
Жердеп жүргөн жери бар.
Кагаздан сөзүм эшитсең,
Кабардар болгун, күйгөн жар.
Обоз, Байтал, Кашка жол,
Окшобойт буга башка жол.

Башка жолдор бөлүнүп,
Биздин Курткага келет тасма жол.
Кадырман Койкөз күйгөн жар,
Кайда болсоң аман бол.

Арпа тектир, Кер булак,
Байжан үңкүр Зор булак.
Ашыгым Койкөз—күйгөн жар,
Айлымда болсоң гүл бурап.
Айкалышып бир жатып,
Армандан чыксак сөз сурап.
Касиеттүү жакшы жер,
Кадыраалы өзөнү.

Карыганда Бошкойго,
Саламдашып өтөлү.
Кармагандыр Бошкойду,
Карылыктын кесели.
Айнығандыр кадимки,
Абышканын чечени.
Кубат болуп калгандыр,
Үрбүлдүн келген чекени,
Кара талаа тегирмен,
Канчалар нанга семирген.

Бар өнөрү дыйкандык,
Пайда тапкан дыйкандан.
Ак сакалы Бошкойдун,
Аманы болбой өмүрдөн.
Үрбүл келип сапардан,
Үйүнө жаман көрүнгөн.
Кашында Үрбүл турганда,
Каршы сөз укпай келинден.

Толук чыгып токсонго,
Тайгандырсың эбинден.
Тоголонгон тополуң,
Чыкпасын кокус эбинден.
Бошкойго салам айтам деп,
Учурашып кой деген.

Туюк булуң калыптыр,
Ирети келген жериңден,
Койкөзүм кошо калбасын,
Козгоп келген кебимден.

Чын көңүлүм өзүңдө,
Чыкпасмын Койкөз кебиңден.
Кадырым билген жар болсоң,
Канткенде чыгам эбиңден?
Кош боор албас Бото жар,
Ортосунда көлмө бар.
Ойноп, күлүп жүрсөк деп,
Ойлонот бекен биздин жар?

Кара булуң, Кайырма,
Кадырман Койкөз асылда,
Ургаачылык кылбастан,
Убада сөзүң дайында.

Карды жарык Таш алыш,
Курткадан чыккан Чоң арык,
Кадырым билген Койкөздү,
Кагазга жаздым бир тарых.

Чечкенди талаа, Жакалык,
Жакалык менен Курткалык,
Чегин айтып жазалык.

. . . . .

Көрбөсөм Койкөз ашыкты,
Көөнүмдөн кетпейт капалык.

Жергелүү калкым жардам кыл,
Жетишпеген кыскага,
Аласаң болсо сабыр кыл,
Ачууланып кыстаба.

Илимин таап дос болгун,
Ишиң түшөт устага.
Жесирдин көөнүн оорутуп,
Жетимди башка муштаба.
Жергелүү саяк элиме.
Жердеген Куртка жериме,
Ашыктын зарлап күйгөнү
Айтылды маалим нускада.
Эл жайлаган Соңкөлдү,
Сазынан айтып келейин.
Ашыгым Койкөз ар сөзгө,
Машынан айтып келейин.
Эдил — Үңкүр, Молдонун,
Белин айтып берейин.

Эл жердеген ар түрдүү,
Жерин айтып өтөйүн.
Келишимдүү Койкөздүн,
Кебин айтып өтөйүн.
Сары иймек, Киндик, Арчалуу,
Сайын айтып өтөйүн.

Санаган жарым Койкөздүн,
Жайын айтып өтөйүн.
Анын төмөн жагында,
Ак-Терек менен Арал бар,
Ашык жарым Койкөздү,
Айныткан нечен адам бар.

. . . . . . . . . . . . . .

Тогуз-Булак, Ак-Талаа,
Зар айтамын мен мына.
Акылман Койкөз—күйгөн жар.
Айтышып жүргөн шерт кана?

Карасуу, Күйрөк, Аккыя,
Буудай өндүү ак куба.
Биздин Койкөз маңкайган,
Перизаттай жан тура!
Сасык булак, Жуматай,
Чапты кыркып адырдап,
Көрсөтүп өтөм кагырды,
Көл кайың менен Шабырлап,

Ырдын кени ичимде,
Ташып жатат тамырлап.

. . . . . . . . . . . . . .

Эми Какыр менен Коргондун,
Кабар салам башынан.
Кыя салып өтөмүн,
Кыз жайлоонун кашынан.
Кыялданып күйгөн жар,
Кызыктырдын жашындан.
Капалыгым таркаткан,
Купуя сөзгө машындан.
Кадырман Койкөз, таптаттуу,
Калемпир кошкон ашындан.
Чындап, Койкөз, сүйгөндөн,
Чыккым келбейт кашындан.

Теке жайлоо, Кыз-Мазар,
Терип айтып берейин,
Бала таман, Көк-Мойнок,
Башынан айтып берейин.
Жайдарым Койкөз, күйгөн жар.
Жайымды айтып берейин.

Кошуп айтып өтөйүн,
Козуке менен Баянды,
Убада сөзгө тургандан,
Сүйдүм Койкөз аялды.

Койкөзүм шертке турбаса,
Кызматын элге жаямбы?!
Малга жайлуу эгин жай.
Карагайга бүтүн бай.

Айдаганы дыйкандын,
Арпа менен ак буудай.
Отун, суусу жанында,
Узун булак өзөнүн,
Сүйлөп айтып дайындап,
Сөз түйүнүн чечемин.

. . . . . . . . . . . . . .

Кош көнүл Койкөз бейлинди,
Сүйүп турган кезегим.
Ашыкпы деген дартындан,

Күйүп турган кезегим,
Бакалы-Тоок, Ак-Чийди,
Баяндап айтып өтөмүн.
Басалгалуу Койкөзүм,
Максатка качан жетемин?
Бар жоругу башкача,
Күйбөгөндө нетемин?

. . . . . . . . . . .

Ургаачынын асылы
Ушак сөзгө кирдебес.
Перизаттай Койкөздү,
Кандай бенде үрдөбөс.
Ташкыя менен Көк-Жарды,
Таптым Койкөз чын жарды.

Койкөзүм сенин дартыңдан,
Кылып жүрөм көп зарды.
Кайың-Кечүү, Бөөк-Жар,
Алтынчыга жөлөк жар.

Оокатка жайлуу жакшы жер,
Окшобойт буга бөлөк жер.
Азили Койкөз күйгөндү,
Айнытат бузуп пейли тар.

## АШЫКТЫК ЖӨНҮНДӨ АРМАН ЖАШ[16].

Акыл менен ойлонуп,
Арманымды айтамын,
Армандуу болгон кырк жашка.
Барганымды айтамын.
Оюн менен күлкүдөн,
Калганымды айтамын.
Кыз-келинден дайын жок,
Карганымды айтамын.
Байымбеттин казалы,
Байит[1] кылып жазалы.
Аалам кылды жоругуң,
Арман жаштын азары.

---

[1] *Байит* — дайындап деген мааниде.

Жаштыкта кылган үзүрүң,
Жарманкенин базары.
Жигиттик өзү адамга,
Келген дөөлөт кезинде
Айланта санап ич күйөт,
Арман жаш турат эсинде.
Он сегизде толосуң,
Оюндун гүлү болосуң.
Кылчайбастан үйүңө,
Кыздуу жерге коносуң.
Жыйырма менен отуз жаш.
Жигиттиктин дөөлөтү,
Айлыңда болсо кыз чиркин,
Ашыклыктын сөөлөтү.
Кызыл көйнөк, шай кемсел,
Кыя басып түрлөнүп,
Кылчайып сүйлөп буралып,
Кыяктын күүсү үндөнүп,
Кош этек көйнөк, шай кемсел,
Комуздун күүсү үндөнүп,
Кошамат айтат кыз чиркин,
Короого басып түрлөнүп.
Атилес көйнөк, шай кемсел,
Аста басып түрлөнүп,
Арманың айтсаң кыз менен,
Аргендин күүсү үндөнүп,
Кемсели тувар, кемчат бөрк,
Керилип басып түрлөнүп,
Кеңешип жаткан кыз менен
Керемофон үндөнүп.
Жыйырма менен отуз жаш,
Жигиттикке жан жетпес,
Кыялың сыпаа, өзүң мас,
Кызматыңдан кыз кетпес.
Кыя басып буралып,
Кыз балдар көрсө кыя өтпөс.
Кыркка чыксаң кыйрадың.
Кыздарды кайдан уладың,
Жабыркап калган кезиңде,
Жаштарды кайдан тууралың.
Элүүгө чыксаң эңилдин,
Эл көзүнө жеңилдиң,

Ургаачыга кеп айтсаң,
Урматы болбойт кебиңдин.
Алтымышка чыкканда
Асылы болбойт өмүрдүн.
Тике сөз кыздан уккан соң,
Тирүү да болсоң көмүлдүң.
Жалынган менен кыз көнбөйт,
Сакалың курган бабай деп,
Жер куруткан куу сакал,
Жетмегиң бизге далай деп,
Алжыраган абышка,
Ал-кубатың калай деп,
Шылдың кылат өзүңдү,
Шыбырлап сөгөт көзүңдү.
Үч түлөп аппак болгон соң,
Үжөткө албайт сөзүңдү,
Он сегизде жаркырап,
Онунчу лампа чыраксың,
Ташыса дайра көл болгон,
Таштан чыккан булаксың.
Кыя басып түрлөнүп,
Кыз-келин менен ынаксың.
Жыйырмага чыкканда,
Жигиттик кызыл гүлдөйсүң,
Жыйынды көзгө илбейсиң,
Жыгылар жериң билбейсиң.
Кыялың сыпаа, өзүң мас,
Кызы жок үйгө кирбейсиң.

. . . . . . . . . . .

Отузга жаңы чыкканда,
Жылдызда болсоң айдайсың,
Дүйнөнү чачып коротуп,
Түш көргөндөй айдайсың.
Кыркка чыксаң токтойсуң,
Өткөн жашты соттойсуң,
Чидерлеп отко койгондой,
Чылбыр бою оттойсуң.
Элүүдөн жашың ашканда,
Эгизден паска түшкөнүң,
Эсепке кирет ичкениң,
Эсине сени албастан,
Эшикке чык деп кыз-келин,

Алтымышка чыкканда,
Айгырдан бычкан аттайсың,
Кесепеттүү кыз тургай,
Кемпириң менен жатпайсың.
Кадырың кетип катынга,
Өз үйүңө батпайсың.
Жигиттик өтүп кеткен соң,
Издеген менен таппайсың.
Экинчи келсе жигиттик,
Эсепсиз малга сатпайсың.
Жетимиште жер болдуң,
Жер таянып туралбай,
Кулагың укпас кер болдуң,
Ургаачыга уялбай
Ошондо кантип эр болдуң.
Сексенге чыксаң алжырап,
Сүйлөсөң тилиң балдырап,
Баспаган бечел баласың,
Арманың айтар курбуң жок,
Акылыңдан танасың.
Кемпириң менен урушуп,
Кейишти башка саласың,
Токсонго чыксаң токтодуң,
Топурак болуп жок болдуң,
Жаш кезиңдей оолугуп,
Жаңыдан кантип октолдуң.
Жүзгө чыгар жөнүң жок,
Жүдөп өлөр күнүң жок,
Жигиттикте кээриң жок,
Жиндилик кылчуу дооруң жок...
Арман жаштын казалы,
Айтып нуска жазалы.
Жигиттиктин бир катар,
Кылып өттүк базарын.
Орто жашың кырк экен,
Оюндун кыйдам сырты экен,
Жыйырма менен отуз жаш,
Кара болот курч экен.
Олуттуу жашка толгонсоң,
Оюндан калып турчу экен.
Кайратыңды билген соң,
Катындар шылдың кылчу экен.

Уят болуп муңайып,
Ургаачыга сынчу экен.
Элүү менен алтымыш,
Эгизден башка барган жаш,
Эси бар адам карган жаш.
Эсине муну алган жаш,
Байбичеңе кор кылып,
Башка түйшүк салган жаш.
Акылың болсо ойлоп бил,
Акыйкат жери арман жаш.

# ТҮРДҮҮ ЫРЛАР

## КЫЗ МАКТЫМДЫН АРМАНЫ[17]

Түлкү жүрбөс түнөк жол,
Түндөп келдим арман күч.
Түшүмө кирбес калмактын,
Колуна кирдим арман күч.

Карышкыр кирбес каран жол,
Капталып калдым арман күч.
Кашыма келбес калмактын,
Колуна кирдим арман күч.

Бул алжыган калмактын
Адамга сыяр кеби жок,
Атка минсе эби жок,
Армандуу өткөн жан болдум.

Алышып ойнор теңим жок,
Ала-Тоо кайда, жер кайда?
Атпай[1] кыргыз эл кайда?
Айтып, айтпай не пайда!

Кулалы деген куш болдум,
Кудай кылды кыз болдум,
Курган Магдым, мыш болдум.

Жарганат деген куш болдум,
Жаратып кудай кыз болдум,
Жалпы журтка мыш болдум.

---

[1] *Атпай* — көпчүлүк, эл деген мааниде.

Атамдын аты — Байсары,
Байсарыны айталы!
Азапка мени туш кылды
Байсарынын Малсары.

Көзүнө малы көрүнүп,
Элинен көчүп бөлүнүп,
«Чарба малын багам» — деп,
«Малдан пайда табам»—деп.
Көчүп келип жайланды,
Акыр заман айланды.
Атамдын кылган кесири,
Азапка башым байланды.

Элет кыргыз ичинде,
Эли менен турган жок.
Эсирип малга Байсары,
Эптүү кесир кылган жок.

Эмгеги көп Мактымга,
Эми мындай жыргал жок.
Канетейин арман күч,
Калмактан санаам тынган жок.

## БУУДАН КӨК[18].

### 1.

Бир кембагал жардынын
Жалгыз аты Буудан көк,
Келишимдүү тууган көк,
Жакшы таптап ээси,
Сары атанда сууган көк.

Жарды байкуш жактырып,
Таардан жабуу жаптырып,
Ошол атын буудан көк,
Сарапайлап[1] бактырып,
— Ушул атым буудан—деп,

---

[1] *Сарпайлап* — кадырлап.

Үкүнүн жүнүн тактырып.
Сылап, сыйпап үйрөттү,
Кайыштан чылбыр сүйрөттү.
Арпадан жемин чайнады,
Азем менен байлады.

Жалгыз аты жардынын,
Куйругу сопол, өңү көк,
Айта берсе түгөнбөйт,
Буудан көктүн кеби көп.

Жалгыз аттуу жардыга,
Башка байлар кеп айтат:
«Буудан деп буга чарчабай,
Жөн минсеңчи» — деп айтат.
Жардынын жалгыз малы деп,
Канакей мунун жалы деп,
Жалгыз атын буудан деп,
Жардыда барбы ары деп?
Куйругу жок, жалы жок,
Сопол атын мактайт деп,
Жоргосу жок, жүрүш жок,
Копол атын мактайт деп,
Атын багып алсырап,
Үйүндө тынчып жатпайт деп,
Өз оюна тим койсоң,
Бир топ малга сатпайт деп.

Күткөн малы жалгыз ат,
Буудан деп муну мактады,
Атын чабар байге жок,
Алты ай бүтүн таптады.
Өлгөн киши бар болбойт,
Малдуу киши кар болбойт.
Жалгыз атын жөн минбей,
Жардыда эч бир ар болбойт.
Жок тура сенин эсиң деп,
Кембагал ченеп эсир деп,
Чолок көктү буудан деп,
Көп тура сенде кесир деп.
Ай туяктуу жылкы деп,
Атын мактайт бул кедей

Жылкынын сырын биле албайт,
Айтса адамга тил албайт,
Көк чологун буудан деп,
Көтөрүлбөй жүрө албайт.

## II.

Бир байдын ашы берилип,
Арасынан жыл өтпөй,
Атты чапты алыска
Жан адамга сүрөтпөй.
Байгесинин башына
Тогуз нарча төө сайды.
Токсон тубар бээ сайды,
Тогуз жүз соолук кой сайды.

Атты айдады алыска,
Арбын байге алышка.
Байгени бөлүп берүүгө,
Баатырдан чыкты калыска.
Ат чабуучу заяпкер[1],
Алыстан келген талапкер,
Талап кылып байгеден
Аттарын салды жарышка.

Жал-куйругун түйдүрүп,
Жаш балага миндирип,
Буудан көктүн ээси,
Буудан атын билдирип,
Уктуруп сөзүн алыска,
Арбын байге алышка,
Айдады атты алыска,
Бууданы түштү жарышка.
Ат айдоочу камдатып,
Атты айдатты чаңдатып.
Заяпкерден эч адам
Жиберген жок жандатып.
Буудан көктүн ээси,
Минерге аты жок болуп
Өпкөсү көпкөн кембагал

[1] *Заяпкер* — ат таптачу киши.

Тура албады токтолуп:
— Жалгыз атым Буудан көк,
Келди бекен Буудан көк?
Калды бекен Буудан көк,
Өлдү бекен Буудан көк?

## III.

Ал аңгыча ат келди,
Ат келгенде бат келди,
Буудан көк буудан экенин
Жалпы-жайык калк көрдү.
Буудан көк келе жатканда,
Жарды байкуш сүйүнүп
Атым чыгып келди деп,
Алдынан чыкты түйүлүп:
— Куу-куу Буудан көк,
Кең Алайда тууган көк,
Жаныбарым Буудан көк,
Жай чилдеде сууган көк,
Буудандыгың билгиздиң,
Кадыр[1] түнгө киргиздиң.
Он эки куйрук, кырк чалгын,
Канат болдуң Буудан көк,
Кембагалга кенч дөөлөт
Санат болдуң Буудан көк.
Куу-куу Буудан көк,
Жай чилдеде сууган көк.

## КАРА МАКМАЛ, ЖОРГОЛО![19].

Өткөн заман өзүндө,
Калпы жок айткан сөзүмдө.
Жалгыз атка таянып,
Жабыркап жүргөн кезинде.
Бир кембагал катыны,
Аябай чырды баштады.
Алды каткан кембагал

---

[1] *Кадыр түн* — жакшылык берүүчү түн деген мааниде.

Ал чырынан качпады.
Катын айтат эрине:
— Байым[1], мени жакшы көр,
Атынды сатып базардан
Макмалдан чапан алып бер!
Анда эри кеп айтат:
— Сабыр кылгын—деп, айтат —
Жалгыз атты сатканда,
Кор болобуз — деп, айтат.
Кой, байбичем, чыр кылба,
Жалгыз атты сатпайлык,
Жалдырап жөө жатпайлык.
Ат аякты сындырат,
Алгы-берги иш турат.
Атты сатсак окустан,
Кор болобуз кокустан.
Аты жокто ырыс жок,
Ырыс жокто туруш жок,

. . . . . . . . . .

Эгин бышат эки айда,
Эгинди кантип басабыз?
Эгин калса басылбай,
Эмгегин тартып жатабыз.
Аштык калса басылбай,
Арбыйт го биздин капабыз.
Ал оокатты ойлобой,
Атты кантип сатабыз?
Анда катын кеп айтат:
Сабыр кылбай бек айтат —
— Айткан сөзгө көнбөйсүң,
Мени жакшы көрбөйсүң.
Катындын баары сүйүнүп,
Кара макмал кийинип,
Жылас болгон мен эмес,
Жыргаган катын көп экен,
Эрине сөзү эп экен.
Эмгекке калган мен экен.
Катындын сөзүн албаган,
Каргашалуу сен экен,

---

[1] күйөөм деген мааниде.

Атпай[1] журттун ичинде,
Ардактуу катын көп экен.
Алган эри жек көрүп,
Азапка калган мен экен.
Ашыңа атың союлсун,
Этин жеп энең тоюнсун!
Бура салба көөнүңдү,
Бул жоругуң коюлсун.
Алып бергениң мына бул,
Чыттан тигилген көйнөгүм.
Толук болду төрт айга,
Бул көйнөктү кийгеним!..
Көрсөткөнүң ушул — деп, —
Катын салды жаңжалды.
Көйнөгүн айрып бүлдүрдү,
Көпчүлүктү күлдүрдү.
Ачуусу мынча болорбу,

. . . . . . . . . . .

Көйнөк менен келтирип,
Эрин башка уруптур,
Көпчүлүктүн ичинде
Көшөрүп карап туруптур.
Жалгыз атын жетелеп,
Жөнөп калды кембагал.
Каргашалуу катыны,
Кошо барды базарга ал.
Атын сатып теңге алып,
Катындын берди колуна,
Кармалды эми торуна,
Кандай түрдүү кеп чыгат,
Караңар сөздүн соңуна.
Катыны турса чамынып,
Кандай иш келет оңуна?
Тентек катын жүгүрүп,
Дүкөнгө барды сүйүнүп,
«Атымды сатып койдум» — деп,
Эри калды күйүнүп.
Макмалдан алды чапанды,
Шайыдан алды көйнөктү.

---

[1] *Атпай* — жалпы көпчүлүк.

Балекеттүү куу катын,
Баштады мындай өрнөктү.
Баш-аяк киймин бүт алып,
Базардан катын жөнөдү.
Дагы мындан башкача,
Толуп жатат өнөрү.
Арадан эки ай өтүп,
Аштык бышып, күз болду.
Аңгемеси бирдалай,
Ажап айран иш болду.
Эрди, катын ээрчишип,
Эми кирди орокко,
Катын калды бир канча,
Кутулбай турган домокко.
Орду менен күтүндү,
Орогун оруп бүтүрдү.
Чийнеге салар көлүк[1] жок,
Мурунтан мындай көнүк жок.
Эгинин ташып алууга,
Кырманга ташып салууга,
Ынтымак кылган адам жок
Көлүк сурап барууга.
Ага да барды жүгүрүп,
Буга да барды жүгүрүп,
Тамтыгы кетип талыкшып,
Эри келди түңүлүп.
Арпаны ташып алсырап,
Катын жүрөт кансырап.
Таруну ташып талыкшып,
Буудайды ташып муңканып,
Көрбөгөн мындай жорукту,
Кыйналып катын зор укту.
Жөө көтөрүп, боо ташып,
Абдан көрдү кордукту.
Таманы шишип тешилип,
Балтыры шишип басалбай,
Жалгыз атты саттырган,
Жабырдан катын кача албай.
Катынды мээнет чырмады,
Таманы шишип ырбады.

[1] *Көлук* — унаа.

Көнүккөн эркек билеби,
Көп кейибейт жүрөгү.
Калдалаң кылып башында,
Катындын салган дүмөгү.
Катынга эри кеп айтат:
— Бул сөзүмдү угуптур,
Абыдан жоргоң чыгыптыр,
Чапандын баркын билбепмин,
Сени жорго кылыптыр.
Бул кара макмал, жорго экен,
Окута турган «молдо» экен!
Катын сенде айып жок,
Кара макмал, жорголо!
Камыгып кетсең салкындап,
Шай көйнөккө корголо!
Өөдө башың көтөрүп,
Кара макмал, жорголо!
Жоругун мурун билбепмин,
Жорго экен кийген чапаның,
Мен жорго чапан кийбепмин,
Ушунча болуп сакалым!

Катын өзү катылды,
Азапка өзү чатылды.
Капа болбойт кембагал,
Саттым деп жалгыз атымды.

## ЭКИ ЧИЛДЕ[20].

### 1.

### КЫШКЫ ЧИЛДЕ.

Кыш чилдеси кырк күнү,
Суук болот күн-түнү.
Бургак[1] болот мунарык,
Жер көрүнбөйт тунарып.
Кысым болот кышында,
Кыш чилденин тушунда.
Малга-жанга көп жабыр,
Кыйын болот ушунда.

---

[1] *Бургак* — кар катуу жааганда айтылат.

Жолдоштору кырк болот,
Бу да кыркка жык толот.
Кырдач[1] деген алты күн,
Кыйкырып өтөт кырданып,
Малдын-жандын майын жеп,
Түрүн бузуп сурданып.
Апкыт-сапкыт алты күн,
Ал да суук кыш болот.
Ала шалбырт кар эрип,
Түндө тоңуп муз болот.
Анын арка жагынан,
Адынын[2] келет алты уулу,
Жединин[3] келет жети уулу,
Алты, жети—он үчү,
Чилденин кайрат бел күчү.
Бул он үчтүн артынан,
Үйгө түшүп үт[4] келет,
Үткө аралаш жут келет.
Үттүн өзү он беш күн,
Бири калбай бүт келет.

Чилде кымбат кармаса,
Малдын майы калбаса,
Жут ушунда башталат.
Малдын кырып арыгын,
Итке сүйрөп ташталат.
Кам кылбаган адамга,
Мал тукуму аз калат.
Минерине ат калбай,
Ээр токумун жазданат.

Кышкы чилде чыгарда,
Жолдошуна кеп айтат:
— Кайрат кылып какайып,
Жаным кырдач камчылан,
Кайрат кылып алчылан.
Мал майлуу калды,

---

[1] Кышкы чилденин ар учулары,
[2] Кышкы чилденин учурлары.
[3] Кышкы чилденин учурлары.
[4] Кышкы чилденин акыркы мезгили.

Баарысы жайлуу калды.
Боз улан богоктуу калды,
Боз токту куйруктуу калды.
Кысырак жалдуу калды,
Кыз эмчектүү калды.
Төө комдуу калды,
Кой жондуу калды,
Уй семиз калды,
Баары тегиз калды.
Баарысын айтып өтөйүн,
Өкүрүп өгүз калды.
Жылкы кыйылбай калды,
Чыңырыгы тыйылбай калды.
Азыраак шайын алдым,
Айдап жолго салгын.
Кырдан кырдач турбагын,
Сөзүмдү эки кылбагын.
Жаным кырдач камчылан,
Теңим кырдач камчылан!
Бар кайратың күчөтүп,
Барган сайын алчылан!
Кырдач кирет кырданып,
Түрүн бузуп сурданып.
Күндүз бүркөк, түнү ачык,
Күндүз жүзүн бек кармайт.
Чилде агам айткан буйругун,
Бүтүрөйүн деп кармайт.

Күндүз бүркөк, түнү ачык,
Сыдырым шамал көп болот,
Малды жакшы бакпаса,
Ушуну менен сап болот.
Бул кырк күндө жут болсо,
Мал кырылып тарп болот

## II

### ЖАЙ ЧИЛДЕСИ.

Жай чилденин өзү да,
Саналуу кырк күн болот,
Жердин баары жымылдап,
Байчечекей гүл болот.

Жер чымырап көк болот,
Көк-ала майдан чөп болот.
Пейил салса жай чилде,
Берекеси көп болот.

Булбул, торгой тил ачат,
Байчечекей гүл ачат.
Ар жаныбар сайрашып,
Ар бир сонун үн ачат.

Күкүк үндөйт көктөмдө,
Торгой сайрайт көктөрдө,
Бака чардайт көлдөрдө,
Дыйкан жыргайт чөлдөрдө.
Чарба жыргайт тоолордо,
Кийик жыргайт зоолордо.
Ар бир түрлүү сонун чөп,
Ыргалып турат тоолордо.
Аштык чыгат жайкалып,
Жердин жүзү жайкалып.
Жабалактап дыйкандар,
Сугарып алат эгинди,
Жаман көрөт ал кезде,
Басып жүргөн тегинди.
Айран, кымыз береке,
Атып жатат көл болуп.
Күндө саап күтүнүп,
Ташып жатат сел болуп.
Жай чилдеде пайда көп,
Оокат, амал айла көп.
Кыш күнүнө касиет,
Саратан жайлоо жайда көп.

Кымыз ичип кызыса,
Карган чалы жашарып,
Аштыгы чыгат жайкалып,
Арпа, буудай баш алып,
Жайкалып жери бууланып,
Жаштардын баары дууланат,
Элге келген энчиден,
Эмгек кылбай тим жатып,
Жалкоолор анык кур калат.

Таруу деген эгини,
Таранчыдан корулат,
Ар сарамжал кылууга,
Арпа, буудай орулат.
Жай саратан чилдеде,
Кыш чилдеси аңдалат.
Баркын ойлор ар адам,
Кыштын камын камданат.
Оокат баркын билбеген,
Ооругандай сандалат.
Сарамжалдуу жигитке,
Жандын баары таң калат.
Жалкоолордун баарысы,
Иш кылууга арданат.

## ЖАНБАКТЫ[21].

Жан бакты жандын сатаны[1],
Жайын айтып жазалы.
Адамда жок мүнөзү,
Акмак болгон азалы.

Өзү бийдин баласы,
Өрт алгырды карачы.
Жаман жерде жарасы,
Табылган эмес чарасы.

Атасы бий өлгөн соң,
Эл жыйылып көмгөн соң,
Төрт түлүк арбын мал калган,
Жасалга сарай там калган.

Малдын барын түгөтүп,
Ада кылды жанбакты.
Өзүнчө оокат кылам деп,
Чама кылды жан бакты.

Оокаттын жайын билбеди,
Киши айткан тилге кирбеди.
Балакеттүү жан бакты,
Өзүн өлчөп жүрбөдү.

---

[1] *Сатан* — Анжыяндыкча, келесоо деген сөз.

Башында жаман көнүккөн,
Турпаты жаман өлүктөн,
Түбүнөн эмгек кылбаган,
Түйшүк кылбай көнүккөн.

Анча-мынча кызматка,
Бала кезде көнбөгөн.
Өжөрлүгү дагы бар,
Өз билгенин бербеген.

Жанбакты өзүн бий ойлойт,
Түнөгөн жерин үй ойлойт.
Намыс кылат жанбакты,
Бел чечип оокат кылгандан,
Бейли кетти бир жолу,
Береке таппайт туугандан.
Тууганы кетти карабай,
Жамандан дили суугандан.

Тамак бышкан үй болсо,
Жатып алат жанбакты,
Кет десе да болбостон,
Катып алат жанбакты.

Кепке-сөзгө келбеген,
Кежир болду жанбакты.
Таштай катып жумшабай,
Темир болду жанбакты.

Жаткан жерин жадатып,
Капа кылат жанбакты.
Өз башына өлчөөсүз,
Жапаа кылат Жанбакты.

Жан бүткөндүн баарына
Шылдың болду Жанбакты.
Кенебеген кем тумшук,
Кургур болду Жанбакты.

Тамак издеп темселеп,
Басып жүрөт Жанбакты.
Өз элине көрүнбөй,
Качып жүрөт Жанбакты.

Басып жүдөп Жанбакты,
Бир айылга кез болду.
Жанбактынын жоругу,
Далай элге сөз болду.

Түтүнмө-түтүн кыдырып,
Курсагы ашка тоюнду,
Тоюнган соң токтолуп,
Басканы тынчып коюлду.

Ал айылдын ээсине
Үйүр болду Жанбакты.
Үйүр болуп алган соң,
Кепке келди Жанбакты.

Кеңеш кылып сүйлөшүп,
Эпке келди Жанбакты,
Ар түрдүү сөз ойлонуп,
Кечке келди Жанбакты.
Жанбактынын бир күнү,
Эли түштү эсине,
Жанбактынын угуптур,
Жана айткан сөзүнө.

Олтурган эл Жакеңди,
Шылдың кылып кеп айтат
Жана бир жыл жайланып,
Жүрө бергин деп айтат.

Ал-аңгыча болбоду,
Жакеңди жабыр торгоду.
Бир кара уйду кубалап,
Таргыл бука туруптур.
Айылдын баары чогулуп,
Кашатка жыйын куруптур.
Баштагыдан беш бетер,
Дагы кудай уруптур.

Жалпы жыйын шылдыңдап,
Жанбактыга кеп айтат:
Көпчүлүктүн баарысы,
Көрсөтүп туруп сөз айтат.

Ашыкпа, Жаке, шашпагын,
Кызык өрнөк баштагын.
Даяр тамак табылып,
Бул тамактан качпагын.

Мына бука кууган кунаажын,
Анык тууйт он айда,
Уузунан ичип кет,
Бу дагы сага чоң пайда.

Бир жылча болду келгениң,
Бизге кызык эрмегиң.
Он ай турсаң кунаажын,
Ууз берет өзүңө.
Жана бир жыл чыдап тур,
Ишенип менин сөзүмө.
Ырас айтам көзүңө,
Анык алгын эсиңе.

Жанбакты анда кеп айтат,
Жакшы болду деп айтат,
Бука кууду дегенче,
Кунаажын тууду десеңчи.
. . . . . . . . . . .

Тууган уйдун уузу,
Бышып сууду десеңчи.

Элге барып нетейин,
Элден бүтүн кечейин,
Ашыкпастан-шашпастан,
Ууз ичип кетейин.
Эки ай бүтүн өткөндө,
Жанбактыга кеп айтат
Элиңди жоо чааптыр,
Эми кеткин деп айтат.

Жоо чапса элимди,
Сындырыптыр белимди,
Эми кайда барайын,
Бүтүрүптүр кебимди.

Жана үч ай өткөн соң,
Жандырып сөздү эми айтат,
Элиң аман калыптыр,
Эми кеткин деп айтат.

Жакшы айтасың карылар,
Жалпы-жайык баарыңар.
Бура салбай агалар
Бул сөзүмдү алыңар.

Элим аман калыптыр,
Амандыгы угулду,
Амандыгын уктуруп,
Кандырдыңар кыбамды.

Элимдин уктум аманын,
Эсен-түгөл кабарын,
Элим аман болгон соң,
Эми кайда барамын.

Жайы-кышы Жанбакты,
Кунаажындын байында,
Кунаажын тууду бир күнү,
Жаздын баар айында.

Уй тууду деп Жанбакты,
Сүйүнүп жүрөт жадырап.
Элин-журтун ойлонуп,
Эстеп койбойт камырап.

Кунаажындын уузун,
Бышканча күтүп олтурду,
Бата кылып, кол жайып,
Турганча күтүп олтурду.

Кетейин деп эртелеп,
Жанбакты турду энтелеп.
Чокоюна чалынып,
Жыгылып кетти темселеп.

Жанбакты анда кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
— Алда менин шашмам ай,
Шашмам курсун деп айтат.

Амандашып-коштошуп,
Жанбакты кетти элине,
Киндик кесип кан тамган,
Так өзүнүн элине.

## САНАТ[22]

Жигиттерге кыз жакшы,
Мүлүшкөргө куш жакшы,
Тамактын бабын келтирген,
Татты кылган туз жакшы.
Уктасаң жатып түн жакшы,
Оокат кылса күн жакшы.
Алтын, күмүш, жахуттан,
Асыл таштан дүр жакшы.
Алыска сапар жол жүрсөң,
Аземдүү жорго ат жакшы.
Билбес жаман туугандан,
Билеселүү жат жакшы.
Үйүңө бекер жатканча,
Үйрөнсөң илим кат жакшы.
Саранды кылган бакылдан,
Саакылык кылган март жакшы.
Кесирлүү жаман катындан,
Келте ооруган дарт жакшы.
Биздей көчмөн элетке,
Чарба баккан мал жакшы.
Тамчы тамган боз үйдөн,
Дубалдап соккон там жакшы.
Сарандык кылган жигиттен,
Сарамжалдуу чал жакшы.
Башыңа келсе жалгыздык,
Жакырчылык кам жакшы.
Пара жеген бийлерден,
Баш билги төө мал жакшы.
Аялдарга эр жакшы,
Дыйкандарга жер жакшы.
Эгин айдар чөл жакшы,
Каз, өрдөккө көл жакшы.
Кадырын тапкан эр жигит,
Кары, жашка тең жакшы.

## ЖАКШЫ КАТЫН[23].

Жакшы катын жадырап,
Ачык болот кабагы,
Акак койгон күмүштөй,
Аппак болот тамагы.
Олуттуу ишти ойлонот,
Окуй турган сабагы.
Эл турганда чыр башта
Эзел урбайт баланы.
. . . . . . . . .

Элиңди сыйлап ар качан
Бүтүрүп турат чаланы.
Азамат эрдин бактына
Акылы болсун аялы.
Эл көзүнчө урушуп,
Эрине тийбес залалы.
Көп ичинде урушуп,
Көрүнөө жаппас жалааны.
Жакшы болсо ургаачы,
Жатыктыгын ылгачы,
Сылык болсо ургаачы,
Сыпаалыгын ылгачы.
Баштан аяк катынды,
Байымбет акын ырдачы.
Тапмайынча бир жакшы,
Таалайлуу жигит, тынбачы.
Акылы бар боз бала,
Акыйкат сөзүм тыңдачы.
Алмайынча бир жакшы
Акылдуу жигит, тынбачы.
Таалайыңа кез болуп,
Табылса жакшы ургачы,
Жакшы катын дүйнөнүн,
Табылбай турган урматы.
Эрегиш кылбайт эрине,
Бу дөөлөтүңдүн зыйнаты.
Күлө багып кашкайып,
Күзгүдөй бети тастайып,
Санжап менен сөз айтып,
Сарамжалын башкарып,

Кыбылжып турса буралып,
Кызматыңды башкарып.
Айланып турса жашыңда,
Алдыңа тамак аш коюп,
Күмүштөй тиши кашкайып,
Күлбөй сүйлөп мостоюп,
Сүйгүң келет чиркинди,
Ичинден ышкың козголуп,
Аста басып шыпылдап,
Алгыр куштай зыпылдап.
Кыя басып шыпылдап,
Кыргый куштай зыпылдап.
. . . . . . . . . . . .

Самаварын барлатып,
Санжап менен кайнатып,
Дасторконун жайнатып,
Кандырар суусун чайына,
Айттырбай билет машыңды,
Какканда билет кашыңды.
Мейман үчүн даярдайт,
Береке кошуп ашыңды,
. . . . . . . . . . . .

Азамат эрге буюрсун,
Акылга дыйкан асылды
Капалык менен иши жок,
Кабагы жарык күлгөндөй,
Айттырбай билет сырыңды,
Кагаздан окуп билгендей.
Асылзаттын форуму,
Азелден жүрбөйт түрлөнбөй,
Матаны киет түрлөнтүп,
Бачайы көйнөк кийгендей.
Душманга сырын алдырбай,
Жооп берет сүйгөндөй.
Кылар ишин туюнуп,
Кылып турат камыңды,
Шыпырып турат тамыңды.
Санжап менен түгөлдөп,
Санап турат малыңды.
Жакшылап жууруп бышырып,
Таттуу кылат наныңды.

Жубантат сенин жаныңды.
Кээ бир жакшы ургаачы,
Көңүлүңдү жай кылат.
Өзү ичпестен даярдап
Ичкенин кызыл чай кылат.
Оозунан сөзүн чыгарбай,
Оокатын бүтүн жай кылат.
Айтып турган сөзүнөн,
Адептен бир күн жаңылып,
Ачуунун чыкса кезинен,

. . . . . . . . . . .

Кылчайып карап сөз айтпайт,
Эрегиш сөздү чыгарып,
Элге-журтка көз кылбайт.
Эки минут кир сактап,
Эрегишип өч кылбайт.

. . . . . . . . . . .

Күлүп турат жаркылдап,
Ачуусу келип калды деп,
Аста сүйлөп жалжылдап.
Буралып басып түрлөнүп,
Бураган арген үндөнүп,
Муздатпай сенин дилиңди,
Керилип басып түрлөнүп,
Керемофон үндөнүп,
Кейитпей сенин дилиңди,
Кезеги менен үргөлүп.
Жардылыгың билгизбейт,
Аптада жууп ак кылып,
Кир кийимди кийгизбейт.
Кападар кылып көңүлүңдү,
Караңгы түнгө киргизбейт.
Жакшылап жайлап сөз айтып,
Санадар кылып жүргүзбөйт.
Тапканың кайсы деп айтып,
Таамайлап отко күйгүзбөйт.
Алганы жакшы эр жигит,
Ачылган кызыл күлдөйсүң,
Апта сайын бүрдөйсүң.
Алганың эшик ачпаса,
Адеп сактап кирбейсиң.

Кабагың ачып күлбөйсүң.
Капалык түшүп ичиңе,
Кайгырбай түптү койбойсуң.
Күндө үч убак урушуп,
Күйгөнүңдөн тилдейсиң.
Жыгылар жериң ойлонуп,
Жыйынга басып кирбейсиң.
Сыпаалык бейлиң жоголуп,
Жылдызың куурап зилдейсиң.

## ЖАМАН КАТЫН[24].

Жактырып көрүп кайныңды,
Жакшыдан алгын зайбыңды,
Жаман болсо аялың,
Табалбайсың дайныңды.
Чаркырап турса үч убак,
Жаба албассың айбыңды.
Башка чаап жалкытпа,
Минип жүргөн атыңды,
Көрбөй туруп туш болсоң,
Кимге айтасың датыңды?
Көп ойлонсоң жоругун,
Көк мээ кылат башыңды.
Ичине көр-жер түшүрүп,
Балит кылат ашыңды.
Тамагыңды шишитип,
Так ушунтип сурайт жашыңды.
Эмгектүү эрдин башына,
Эсер катын жолугат,
Эртең менен кеп айтсаң,
Эл жатканча оолугат.
Бейтаалай эрдин бактына
Бир бейжай катын жолугат,
Бешимде туруп кеп айтсаң,
Беш күнгө чейин оолугат.
Армандуу эрдин бактына,
Аксым катын жолугат,
Азанда туруп кеп айтсаң,

Алты күнгө оолугат.
Жаман болсо алганың,
Жалынга жанды салганың.
Жарык дүйнө жүзүндө
Жакында кетпес арманың.
Осол болсо алганың,
Отко жанды салганың.
Отурсаң да, турсаң да,
Оозуңдан кетпейт арманың.
Мейман келсе курушуп,
Бет алдырбай урушуп,
— Нан барбы?—десең,—ун жок»—деп,
Назарыңды сындырар:
«Жарым тыйын пул жок» — деп.
Асты-кийнин карабайт,
«Акылсыз сендей кул жок» — деп.
«Убайым тартып үшкүргөн,
Үйүңдө мендей тул жок» — деп.
«Баштан аяк сурасаң,
Баары тамам, шол жок» — деп.
Бетиңе салар майбыңды,
Чыңырып сүйлөп дайындап,
Чыгарып турар айбыңды.
Адеп сактап токтолуп,
Аркаң менен жыларсың,
Алыстан келген мейманды,
Араң конок кыларсың.
Капа болуп кайгырып,
Канткенде мындан тынарсың?
Сырыңды айтпа эр болсоң,
Бей акыл жаман зайыпка,
Ашкере кылып айбыңды,
Айдатып барар найыпка[1].
Анча-мынча мал тапса,
Алдырып коёр айыпка.
Акмак болсо алганың,
Арылбас сенин арманың.
Кутулбай турган балаага,
Кудурет салса, калганың.

[1] *Найып* — өкмөт кишиси.

Барымтага бир кеткен,
Пайдасы жок бар малың.
Үйүңдө уруш болгонсоң.
Убайым менен карыганың.
Кең дүйнөң абдан кысылып,
Кейиш менен карыганың.
Кебиңди катын майтарса,
Келгениңди кайтарса,
Канткенде болбойт арманың?
Бир караңгы түндө калганың.
Кудай кылса бенделик,
Өтөрсүң шөнтүп сенделип.
Жаман менен урушсаң.
Жеңе албассың тең келип.
Урушкандан уялбай,
Уятты кубат черленип.
Кайрат кылып какыйып,
Кармашып турат демденип.
Ачууң келип сөз айтсаң,
Жакаңдан алып жармашып,
Жан аябай кармашып,
Аюудан жаман айкырып,
Айлыңдын баарын чакырып,
Анан ажыратат эл келип.
Жаман болсо катының,
Жакшы айткан сөзгө ийилбейт.
Тапканыңа сүйүнбөйт.
Үксүйүп турат урушуп,
Үстү-башын кийинбейт.
Айылчылап жүрөт талпактап,
Аягы турат шалтактап.
Талаада жүрөт талпактап,
Табагы турат шалтактап.
Өзүнө бул иш билинбейт,
Курсагы тойсо күлүңдөйт.
Сууктан жаман корунуп,
Жумасында киринбейт.
Сарамжалы жогунан,
Бар оокатың бириндейт.
Адамдын сөөгүн какшатып,
Айткан сөзү ок болот,
Этек-жеңи салбырап,

Эзелде мындай жок болот.
Эрге каршы суук тил,
Элечеги кок болот.
Ушак айтып сүйрөңдөп,
Урушка оозу шок болот.
Күндө үч убак урушуп,
Күйгөндөн ичиң чок болот.
Кой сааганда челеги,
Белчесинен кок болот.
Кокуйга атаң туш кылса,
Өрттөнүп ичиң от болот.
Жемелеп койсоң желигип,
Жебегени жок болот.
Барса айылга кобурап,
Басылбайт мунун өсөгү,
Самыны турса кир жуубай,
Салаа-салаа этеги,
Жакшы болсо алганың,
Азамат эрдин жетеги.
Акмак болсо катының,
Сенде калбайт акылың.
Эр өлтүргөн душмандай,
Кас болот сенин жакының.
Масилет сөзгө кирбестен,
Айткан сөздү билбестен,
Үйүңдөн чыкса «каапырың».
Кара жанды калкалап,
Мындан качып кутул акырын.
Катының жаман болгонсоң,
Айыкпаган дарт мен тең,
Кырдалдуу ишти өткөзсөң,
Кыркка чыккан жаш мен тең.
Армандуу болбой жигиттер,
Жакшылардан тапкын тең.

1896.

# БАЛДАР ЫРЛАРЫ

## ҮРКӨР-ҮРКӨР ТОП ЖЫЛДЫЗ[25].

Үркөр — үркөр топ жылдыз,
Үркүп кайда барасың?
— Жоо желимге барамын!
— Жоо желимде эмнең бар?
—Аштык айдаар уулум бар.
Жибек согоор кызым бар.
Аштык алып нан кылам,
Жибек алып, тон кылам.
Аштык алып уулумдан,
Азык-түлүк камдаймын.
Ашка кардым тойгонсоң,
Анан айды жандаймын!
Жибек алып кызымдан,
Кийим-кечек камдаймын.
Кийим-кечек кийген соң,
Анан айды жандаймын!

Дагы сонун кебим бар,
Кебимди угар эбиң бар!
Жүгүрүп, жүрүп, жүн таптым,
Жүн алдынан тарак таптым,
Таракты таттыма бердим,
Таттым боз toктусун берди.
Токтуну конокко сойдум,
Конок камчысын берди,
Камчысын алып, каз урдум,
Каз жумурткасын берди,

Жумуртканы көлгө салдым.
Көл көбүгүн берди,
Ак уюма шыбасам,
Аяк-аяк сүт берди.
Көк уюма шыбасам,
Көнөк-көнөк сүт берди.
Айран, жуурат көп болду,
Ушул иш мага эп болду.

## ЭЛКИН ТОО[26].

Элкин, Элкин, Элкин тоо,
Элкин тоого мен чыксам,
Эл карааны көрүнбөйт.
Эки семиз ат минсем,
Жер карааны көрүнбөйт.
Көлдө жаткан көп өрдөк,
Ылаачын тийсе бөлүнбөйт,
Чечендер сөзгө эринбейт.
Сулуулар жөнсүз керилбейт,
Буктурбай бугу аттырбайт,
Буралбай сулуу өптүрбөйт.
Оорунун жайын соо билбейт.
Буйласыз атан жөн жүрбөйт.
Эки ат минген кеч калбайт,
Элдүү түлкү ачка өлбөйт.
Адыры болбой тоо болбойт,
Аркары болбой зоо болбойт.
Бийиги болбой тоо болбойт,
Кийиги болбой зоо болбойт.
Карысы болбой эл болбойт,
Камышы болбой чөл болбойт.
Өрдөгү болбой көл болбойт,
Ашуусу болбой бел болбойт.
Кар бузулбай сел болбойт.
Калысы болбой эл болбойт.
Булагы жок жер болбойт,
Карагай болбой чер болбойт,
Кайратсыз адам эр болбойт.
Сулуунун мойну кир болбойт.

## БАЛДАРДЫН ЫРЫ[27].

Каак — каак каргалар,
Камыш түбү жорголор,
Элебайдын эки кыз,
Эшек минип жорголор.
Жорголор деп, ким айтат?
Жортуп жүргөн киши айтат.
Киши айтат деп, ким айтат?
Кишенделүү тай айтат.
Тай айтат деп, ким айтат?
Тай энеси Кулпу айтат.
Кулпу айтат деп, ким айтат?
Кудуктагы бака айтат.
Бака айтат деп, ким айтат?
Маарап жүргөн эчки айтат.
Эчки айтат деп, ким айтат?
Энеси өлгөн теке айтат.
Теке айтат деп, ким айтат?
Тели болгон жылкы айтат.
Жылкы айтат деп, ким айтат?
Жылып аккан суу айтат.
Суу айтат деп, ким айтат?
Суу түбүндө таш айтат.
Таш айтат деп, ким айтат?
Тартар деген куш айтат.
Куш айтат деп, ким айтат?
Күйөөсү келген кыз айтат.
Кыз айтат деп, ким айтат?
Кырда жаткан төө айтат.
Төө айтат деп, ким айтат?
Төөнүн чоңу нар айтат.
Нар айтат деп, ким айтат?
Нашаа тарткан маңги айтат.
Маңги айтат деп, ким айтат?
Мала кашка бука айтат.
Бука айтат деп, ким айтат?
Буудай менен арпа айтат.
Арпа айтат деп, ким айтат?
Айтпай журттун баары айтат.
Баары айтат деп, ким айтат?
Бешиктеги бала айтат.

## ТАЛЫМ КЫЗ МЕНЕН КӨБӨКТҮН АЙТЫШКАНЫ[28].

Талым кыз:

— Адамзаат пендеси,
Сүйгөн нуру не болот?
Асман менен закымдап,
Жүргөн нуру не болот?
Аркасында тунарык,
Кирген нуру не болот?
Асман, жерди жаркыткан,
Ачык нуру не болот?
Асман, жерди бүркөгөн,
Сасык нуру не болот?
Асман, жердин зыйнаты,
Каныk нуру не болот?
Эл ортосун ынтымак,
Кылган нуру не болот?
Бир ордуна кебелбей,
Турган нуру не болот?
Талымдын тартпа домогун,
Таба салгын жомогун,
Менин атым—Талым кыз,
Ченеп мага жологун.

Көбөктүн жообу:

— Адамзаат пендеси,
Сүйгөн нуру таң болот,
Асман менен закымдап,
Жүргөн нуру ай болот,
Арасында тунарык,
Кирген нуру түн болот.
Асман-жерди жаркыткан,
Ачык нуру күн болот.
Жер асманды бүркөгөн,
Сасык нуру туман дейт.
Жер-асманды жаркыткан,
Анык нуру жылдыз дейт.

---

Талым кыз аттуу залим кыз болот, ал ар ким менен айтышып, жеңгенин өлтүрө берген экен. Акыры Көбөккө жеңдириптир деген элдин лакабы боюнча жазылган.

Эл ортосун ынтымак,
Кылган нуру жакшы сөз.
Бир ордуна кебелбей,
Турган нуру убада.
Таптымбы, Талым, сөзүңдү?
Келтирдимби кезиңди?
Аптыкпагын, Талым кыз,
Ачмак болдум көзүңдү!..

Талым кыз:

— Жер сиңип кеткен жети атан,
Ал эмне Көбөк чоң?
Жерди жемире баскан чал буура,
Ал эмне Көбөк чоң?
Желини сүттүү куу инген,
Ал эмне Көбөк чоң?
Жез буйлалуу нар тайлак,
Ал эмне Көбөк чоң?
Оргочордон от күйөт,
Ал эмне Көбөк чоң?
Ысык көлдө ит үрөт,
Ал эмне Көбөк чоң?
Жан бүткөндүн баарынан,
Каргыш алган ким болот?
Жанга залал кылбастан,
Алкыш алган ким болот?
Түйүлгөндүн түйүнүн,
Чечип турган ким болот?
Түндөп-күндөп токтобой,
Көчүп турган ким Болот?
Сөөгүндү ысытып,
Эзип турган ким болот?

Көбөк:

— Жер сиңип кеткен жети атан—
Жети атабыз эмеспи!
Жерди жемире баскан чал буура—
Түп атабыз эмеспи!
Желини сүттүү куу инген,
Өз энебиз эмеспи!
Жез буйлалуу нар тайлак—

Карындашым эмеспи!
Оргочордон от күйсө, —
Эки көзүң жайнаган,
Ысык-Көлдөн ит үрсө,
Бака болот чардаган.
Жан бүткөндүн баарынан,
Каргыш алган карышкыр.
Жанга залал кылбастан,
Алкыш алган байкуштар.
Түйүлгөндүн түйүнүн,
Чечип турган чечендер,
Түндөп-күндөп токтобой,
Көчүп жүргөн санаа дейт.
Сөөгүңдү ысытып,
Эзип турган бала дейт.

Талым кыз:

— Узун, узун, узун жол,
Учун билген ким экен?
Күндөп-түндөп жүгүрүп,
Аянбай жүргөн ким экен?
Алыс менен жуукtун,
Ченин билген ким экен?
Ачуу менен таттууну,
Даамын таткан ким экен?
Кара сууну кайнатып,
Каймак алган ким экен?
Кан төгүшкөн душманды,
Жакын кылган ким экен?
Кайраты бар адамды,
Баатыр кылган ким экен?
Оолуктуруп адамды,
Чечен кылган ким болот?
Ойдо жокту ойлонтуп,
Кесел кылган ким болот?
Мүңкүрөтүп адамды,
Карып кылган ким болот?
Мууну-жүүнүн бошотуп,
Арык кылган ким болот?
Кызыл жүзүн оңдуруп,
Сарык кылган ким болот?

Көбөк:

— Узун жолду узартып,
Үчун билген кербенчи.
Күндөп-түндөп жүгүргөн,
Аянбаган мергенчи.
Алыс менен жууктун,
Ченин билген базарчы.
Ачуу менен таттуунун,
Даамын таткан казанчы.
Кайраты бар жигитти,
Баатыр кылган эл болот.
Оолуктуруп адамды,
Чечен кылган тил болот.
Ойдо жокту ойлотуп,
Кесел кылган жин болот.
Күңгүрөтүп адамды,
Карып кылган ургаачы.
Муунун-жүүнүн бошотуп,
Арык кылган убайым.
Кызыл жүзүн оңдуруп,
Сарык кылган бересе.
Жана сөзүң бар болсо,
Жообун берем бир нече.

Талым кыз:

— Куу ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге түшпөгөн,
Кууда бүтүн бар бекен?
Кара ылаачын теппеген,
Калдайып жерге түшпөгөн,
Казда бүтүн бар бекен?
Башынан алыш албаган,
Таш оодарып салбаган,
Сууда бүтүн бар бекен?
Качырганын кайсаган,
Иттин чоңу бар бекен?
Качырганын куткарбас,
Куштун чоңу бар бекен?

Көбөк:

Кулдуюп жерге түшпөгөн,
Кууда бүтүн куркулдай.
Кара ылаачын теппеген,

Калдайып жерге түшпөгөн,
Каздан бүтүн кардыгач.
Башынан алыш албаган,
Таш оодарып салбаган,
Суудан бүтүн Ысык-Көл.
Качырганын кайсаган,
Иттин чоңу кумайык.
Кармаганын куткарбас,
Куштун шери буудайык.
Каргашалуу Талым кыз,
Ушул кимге ылайык?

Талым кыз:

Тим жүрбөстөн сөзүңө,
Тийиштик кылдым өзүңө,
Күнөөм болсо кечкин — деп,
Күрмөгөн жибиң чечкин деп,
Таппадым деп, ыгынды,
Талым кыз сөзгө жыгылды.

## ТУРУМТАЙ[29].

(Темир комуздун күүсү менен)

Куу-куу турумтай,
Жиги-жиги, турумтай,
Бетегенин түбүндө,
Беш балаң калды, турумтай!

Суктугуңдан бир балаң,
Сууда калды турумтай!
Тойбогур сенин бир балаң,
Тоодо калды турумтай!

Убал жок деп торгойду,
Уят болдуң турумтай.
Белде калды бир балаң,
Бейли бузук турумтай!

Толуп жаткан өзүңө,
Жазык кылдың турумтай.
Торгой менен булбулду,
Азык кылдың турумтай!

Көпкөнүндөн бир балаң,
Көлдө калды турумтай.
Тумшугу жок бир балаң,
Чууда калды турумтай!

Бети суук сенин бир балаң,
Белде калды турумтай.
Чөпкө оронуп бир балаң,
Чөлдө калды турумтай.

Кызыл этте бир балаң,
Кырда калды турумтай.
Айыкпаган азаптан —
Чырда калды турумтай!

Ынсап кылып, тобо деп,
Жүргөнүң жок турумтай.
Өзүң мындай болоруң,
Билгениң жок турумтай!

Жайган торго чалынып,
Торго түштүң турумтай!
Эки көзүң жалдырап,
Колго түштүң турумтай!

Шыйрагыңдан байлатып,
Сынга түштүк турумтай!
Жамандык кылып, жан кыйып,
Кууга түштүң турумтай!

Береке тапкан жериң жок,
Пейлиң бузган турумтай,
Жакшылык кылган жериң жок,
Шайтан баскан турумтай.

## ТОРПОГУМ[30].

Кыдың-кыдың торпогум,
Кыдыңдаган торпогум.
—Кокус өлүп калат — деп,
Торпогумдан коркомун.
Анжыяндын камышын,

Аралган — торпогум,
Атка саман салганда,
Сагалаган — торпогум.
Бурма сууга барганда,
Булкулдаган — торпогум.
Ийри сууга барганда,
Жулкулдаган — торпогум.
Тескейдеги бетеге,
Терип жеген — торпогум.
Күңгөйдөгү бетеге,
Күбүп жеген — торпогум.
Адырдагы бетеге,
Аймап жеген — торпогум.
Алдына салган саманды,
Жалмап жеген — торпогум.
Коктудагы шиберди,
Койбой жеген — торпогум.
—Торпогум өлүп калат — деп,
Мындан жаман коркомун.
Күндө үч убак мингенде,
Жоргологон торпогум.
Күн жааганда үйүмө
Коргологон торпогум.
Жомогумай, жомогум,
Жорго кара торпогум.
Торпогум өлүп калат деп,
Уй өлөттөн коркомун.
Жабуу жапса жарашып,
Жаркыраган торпогум.
Кышкы чилде суукка,
Калтыраган торпогум.
Саратанда токтобой,
Сайгак кууган торпогум.
Жалгыз чымын артынан
Айдап кууган торпогум.
Быйыл түштү жаңыдан,
Мурдундагы боркогуң.
Семирүүчү кезегиң.
Эми болду торпогум.
Айта жүрчү бирдалай,
Эби болду торпогум.
Ай төбөдөн тоголду,

Жорго торпок жоголду.
Торпогумду жоготтум,
Ишим кантип оңолду!
Манаттан баштык тиктирип,
Жем илейин дечү элем,
Мамыркандын ашына,
Бир минейин дечү элем.
Өз көзүмө жаркырап,
Айдай болгон торпогум.
Кысыр эмди секирген,
Тайдай болгон торпогум.
Ашка барган катындар,
Алчаңдабай айтыңар.
Ашта-тойдо көргөнүң,
Торпогум жообун айтыңар.
Тойго барган катындар,
Тойпоңдобой айтыңар,
Тойдо торпок көргөнүң,
Мен көрдүм деп айтыңар.
Ашка келген баарыңар,
Кепке кулак салыңар,
Көрүп-билип калганың,
Сүйүнчүсүн алыңар.
Сүйүнчүсү беш теңге,
Торпогум өзү ток эле,
Токтобогон шок эле.
Аягы менен жоголду,
Алса ууру алгандыр,
Көзүм көрбөй калгандыр.
Каргашалуу уурулар,
Кайгыга мени салгандыр.
Торпокту алса ким алды?
Түн каткандын бири алды.
Торпогумду ким алса,
Союп албай, тирүү алды.
Ал-аңгыча болбоду,
Адырдан келди торпогу,
Жайытынан издебей,
Жаш баланын корккону.
Торпогун таап сүйүнүп,
Эликтей чуркап түйүлүп,
Торпогу тойдо табылды,

Торпогуна жалынды.
Кендирим кескен кедейлик,
Мындан башка малым жок,
Табылып калды торпогум,
Сактасын эми жанынды.

## БОТОСУ ӨЛГӨН ТӨӨ[31].

Эки эмчегим тирсейтип,
Эмизбедим ботойду.
Жайлоонун чөбү жалбырак,
Жедирбедим ботойду.
Талдын башын сыдырып,
Жардын башын кыдырып,
Элге-журтка дайындап,
Ээрчитпедим ботойду.
Эрмек кылып эмизип,
Телчитпедим ботойду.
Бороонду күндө жоготуп,
Издетпедим ботойду.
Келин, кызды чогултуп,
Тиздетпедим ботойду.
Калы килем жаптырып,
Жүктөтпөдүм ботойду.
Сарбандарга[1] бактырып,
Чиркетпедим ботойду.
Анжыянды чалдырып,
Асылдан жабдык салдырып,
Көргөндүн көзүн талдырып,
Жүктөтпөдүм ботойду.
Көбүргөнгө көшүлтүп,
Көлдөтпөдүм ботойду.
Көзүм тирүү чагында,
Төлдөтпөдүм ботойду.
Жалбыракка жайкалтып,
Семиртпедим ботойду.
Саратанда туз берип,
Кемиртпедим ботойду.

---

[1] *Сарбандар* — жигиттер.

Жаш балдарга, «ыйлак» — деп,
Ойнотподум ботойду.
Аста сылап уктаса,
Ойготподум ботойду.
Кубалатып балдарды,
Ойнотподум ботойду.

# АШКЕРЕЛӨӨЧҮ ЫРЛАР

## «СЕЛДЕ ОРОНГОН МОЛДО КОЙ»[32].

Касымаалы, Койкелди,
Калың элге той берди.
— Жыгуучу балбан алсын — деп.
Селде орогон кой берди.
Аш көрбөдүм той көрдүм.
Селде оронгон кой көрдүм.
Ак селделүү «эшен» кой,
Анча-мынча кесел кой,
Кайта-кайта көп маарайт,
Же болбосо чечен кой.
Соолук десем, ирик кой.
Желини жок чирик кой.
Дубандан[1] чыккан күлүк кой.
Касымаалы, Койкелди,
Бул сөзүмдү билип кой!
«Мырзаңардын» ашында,
Буудан кылып минип кой.
Дубандан чыккан, жорго кой,
Селде оронгон молдо кой.
Чоткарадай «мырзаны»
«Акыретте колдо, кой».
Селдесинде күлү бар,
Сексен койдун «сүрү» бар.
Коктудан чыгып маараса,
Коңгуроодой үнү бар,

[1] *Дубан* — бир уезд эл.

Төбөсүндө салаадан,
Чыгар-чыкпас жүнү бар.
Ушул ашты башкарган,
Қасымаалы, Қойкелди,
Молдо койду минип ал!

## ТЕЗЕК-ТАГАЙ ЭЛДЕРИНЕ[33].

Болуштуу жерде тарап бар,
Жумгалдагы Баатырбек,
Элин эзген манап бар.
Чородон чыккан Касымбек,[1]
Тартып койгон танап бар.
Танапты тартып үзө албай,
Қарап турган жайың бар,
Қарабектин Жантайдан,
Қалыңга келген чагың бар.
Тезек-Тагай бечара,
Қемчил болгон аның бар.
Уругун козгоп жазды деп,
Тагай-Тезек таарынар.
Таарынганда не кылар,
Теңдик көрбөй жүргөнүн,
Жазсам сөзүм табылар.
Таабалдыңды терекке,
Таңып уруп сабаган,
Қөкөйүңө тийгендир,
Чоюбектей[2] кабаган.
Тезек-Тагай бечара,
Сезимдүү сенин башың жок,
Тар капчыгай буйгатта,
Таруундан башка ашың жок,
Баш күндөн бери тезегим,
Манаптан башка касың жок.
Жүзгө чыкса мейличи,
Жүгүрүп жүрүп байге алган,
Токумдан башка жакшың жок.
Атайга[3] барып топ кылса,

[1] Жердин аты, Тогуз-Тородо.
[2] Уездлин начальниги болгон.

Анча-мынча док кылса,
Касымбек келип демигер,
Кары-жашың кемирер.
Кемиргенде семирер.
Куурап калган Тезегим,
Күлүгүн алып бүгүлөр.
Чапанын алып жүгүнөр,
Жабыркаган Тезектер,
Өз жанынан түңүлөр...
Ой, Тезегим, Тезегим,
Келер бир күн кезегиң!
Баяналуу күн тууса,
Балдарың табар эсебин.
Кечээ Тализин уезд тапшырып,
Аягына жапшырып,
Чоюбекке кор болдуң.
Терекке таңып урулуп,
Тердеген майдай шор болдуң.
Чогулуп баарың жедирдиң,
Чоюбек деген зулумга,
Жалгыздан сааган уюңду,
Кармап бердиң чыгымга.
Торпогу кетти өкүрүп,
Эки сом элүү тыйынга.
Жүктөөрүңө төөң жок,
Урунган, күткөн ырымга,
Ушунтип жүрүп тезегим,
Жетесиң качан тынымга.
Тагай, Тезек башында,
Кайдан келип жай алдың?
Арызың угар улук жок,
Алда кимди таяндың?

1905

## ЧЫНДЫК[34]

Байымбеттин казалы,
Байыт кылып жазалы.
Жегичтерге убал жок,
Теңгеге ооду назары.
Чыгым алды чыңыртып,

Бай, болуштун тажаалы.
Зулумдар бизге бек болду,
Эл ичинде көп болду,
Калк-калайык сен үчүн,
Казал жазыш эп болду.
Жесир, жетим дебестен,
Баса калып жеп койду.
Карыз деп алса болуштар,
«Ана-мына» — деп койду.
Сөз чыгарбайт кедейден,
Старшындар дерейген.
Болбос ишке асылган,
Болушу бар килейген.
Ромат деп саттырып,
Жалгыз уюн баш кылып,
Жеп алгандар көбөйдү.
Тамагына аш кылып,
Бузуктун уулу чоң болду,
Букара журту кор болду.
Жайы-кышы жабыркап,
Малай байкуш шордолду.
Бул заманда не карып,
Ак матадан бөз карып,
Адилетсиз бийлердин,
Алдына келген сөз карып.
Сөзү үжөт болбогон,
Учан теңиз эл карып.
Букарадан кайраттуу,
Сөзү өтпөгөн эр карып.
Кызыл таздан таяк жеп,
Кыйноо тартып мен карып.

1902

## КАБЫРГАМА ТАШ БАТТЫ[35]

Миң тогуз жүз алтынчы,
Тарыхтын болгон жылында,
Аалынын өлгөн жоругу,
Маалым болгон кылымга.
Бул казалды баштадым,
Куралган топ жыйында,

Эл таланып чабылса,
Эстен кетпейт чынында,
Кадеми каткан момундар,
Качан жетет тынымга.
Коңур уулу, Ымандар[1],
Өткөн жылы Аалынын
Өлүмүнө өк болгон,
Өз тууганы Касымбек,
Тиригине тик болгон,
Букараны чапканга,
Көңүлүмө кек болгон.
Куу-Чүкө[2] Үмөтаалынын
Короодо коюн жеп койгон.
Үч жүз үйлүү эл талап,
Аалынын куну деп койгон.
Чоң чарыктын Турдубай[3],
Чоң масилет курдуң ай,
Эки тарап баштаган,
Эрмек менен Быржыбай[4],
Оңолбогон Бексултан[5],
Эл ичинде Кылжырай,
Беш жүз кой күтүп эсирип,
Бексултандын көпкөнү,
Ортодогу бузуктун,
Элге дарты өткөнү.
Бексултандан себепкер,
Аалыга ажал жеткени.
Эки жылга басылбай,
Элдин тентип кеткени.
Эсте калсын түбөлүк,
Байымбеттин дептери.
Коңур[6] уулу Ыманды,
Тогуз болуш жектеди.
Тамтыгы жок чабылып,
Кайран эл көчтү тескери.
Капа болуп Байымбет,

---

[1] *Ымандар* — уруунун аты.
[2] *Куу-Чүкө* — ылакап ат.
[3] *Турдубай* — бир уруунун башчысы.
[4] *Эрмек, Быржыбай* — уруу башчылары.
[5] *Бексултан* — бай. Ушак айтып, кагылыштырган.
[6] Коңур уулу, Чоң чакыр — уруулар.

Жазган казал дастаны.
Өткөн жылы Турдубай,
Калабаны баштады.
Касымбек, Калпа биригип
Найзага жуушаң аштады.
Жазыксыз жаткан момунду,
Бүлдүрүп чаап таштады.
Узун аяк мал койбой,
Үстү бүтүн там койбой,
Эгерине дан койбой,
Эчки улактан мал койбой,
Жабагыдан тай койбой,
Жатып ичер чал койбой,
Капка салган дан койбой,
Кайгырбаган жан койбой,
Ороого куйган дан койбой,
Ойноп, күлөр жан койбой,
Кайран саяк чабылды,
Калпа ажыга багынды.
Сая кылар багы жок,
Букаранын алы жок,
Кайнатып суу ичерге,
Казан-аяк дагы жок.
Жаккан отун өчүрүп,
Жалпы баарын көчүрүп,
Жаат баштап Турдубай
Жай-жайына кетирип,
Кайран эл тентип кеткенде,
Кабыргама таш батты,
Качканынан калганын,
Калпа ажы сурап какшатты.
Молдонун белин[1] жөө ашты,
Мурду жырык төө ашты,
Ала качып түн катып,
Анча-мынча мал ашты.
Кара черүү болгондор,
Качкан-бозгон дагы ашты.
Касымбек, Калпа, Калдарбек[2]
Кат жиберген жумгалга.

[1] Жердин аты.
[2] Манаптар.

Кадырлашып бирге өскөн
Көкүмбай менен Курманга,
Кулжыгач, Байзак ажыга,
Эл качты деп мындан да,
Аалыга тийди залалы,
Турбасын деп жыргалда,
Үч жүз үйлүү букара,
Кең Жумгалга баткан жок,
Аларга каран түн болуп,
Агарып таң аткан жок.
Жумгалга кантип туралат,
Көкүмбай, Байзак кубалап,
Анча-мынча оокатын
Алышты окшойт будалап.
Катын, бала канча ыйлап,
Келишти кайта бириндеп,
Кедей-момун баары ыйлап.
Эл сагынган курусун,
Ким билиптир мунусун.
Көрдүк бейм баштан өткөрүп,
Кесирдүү жаат урушун!

1907

# ТАМСИЛДЕР

## УЙ МЕНЕН МУЗООСУ [36].

Уй коркот жаман союудан,
Башын кесип коюудан.
Талаада жүрүп эстептир,
— Бир күнү союп салат — деп,
Сойгону да курусун,
— Музоом жетим калат — деп.
Түштө келет кышылдап,
Мурду бүтүп бышылдап,
Чөпкө тоюп дардайып,
Сайгак кууп тызылдап.
Жакынсынып корккондон,
Музоосунан сыр сурайт:
Коркуп жүргөн бычактан,
Сыр сураса, чын сурайт:
— Менден көрө аралап,
Эл ичинде жүрөсүң,
Элден чыккан кеп болсо,
Анык жерин билесиң.
Айтып мага бергиниң:
Эл ичинде дүүлүккөн,—
«Уй соёт» деген кеп барбы?
Эси жок эсер ээмдин,
Оюнда азыр эт барбы?
Анда музоо кеп айтат:
— Эсиң жок, эне, — деп айтат —
Азыр сени сойчу эмес,
Музооңду жетим койчу эмес.

Ичип турат сүтүңдү,
Көрүп турат күчүңдү.
Ичип турат айранды,
Көрүп турат пайданды.
Ээңдин дагы эси бар,
Башында акыл, мээси бар.
Азыр коркпо энеке,
Сени соёр кези бар.
Айран, сүтүң алган соң,
Арчы[1] жыйып алган соң,
Куба курут, сары май,
Сандыгына салган соң,
Жай өтүп салкын күз келет,
Кылычын алып кыш келет,
Кыш келгенде, энеке,
Ошондо өлүм туш келет.
«Согумга сени соём» — дейт,
«Тоңдуруп этин коём» — дейт.
Балта менен талкалап,
Чыкыйыңды оём — дейт.
Олурайтып көзүңдү,
Анан соёт өзүңдү,
Мен билгеним мына бул,
Энеке уккун сөзүмдү.

## ИТТИН ДООЛДАЙ[2] КЫЛДЫРАМ ДЕГЕНИ[37]

### I.

—Кыш чилдеде курудум,
Үнүмдү баспай улудум.
Бул жүргөнүм кеп эмес,
Бул иш мага эп эмес.

Жадырап жайнап жаз болсо,
Байга жалчы жүрөйүн,
Байдын коюн кайтарып,
Бир доолдай чепкен киейин

---

[1] *Арчы* — айрандан бышып алган май.
[2] *Доолдай* — жүндөн соккон таар чепкен

Жакшыраак байга барайын,
Акымды бүтүн алайын.
Доолдай кийип жасанып,
Оокаттын жайын карайын.

Саратан өтүп кыш болду,
Жаткан жерим муз болду.
Бул жорукка көнбөйүн,
Музда жатып өлбөйүн.

## II.

Ал аңгыча кыш өттү,
Жадырап жайнап жаз өттү,
Ит унутту айтканын,
Кышында музда жатканын.

Тилин салып акактап,
Көлөкө жерди качырат.
Доолдай чыккан эсинен,
Көлөкөгө жашынат.

Түлкү итке кеп айтат,
Түшүнсүн деп бек айтат:
—Кышында айткан доолдай,
Бүттүбү итим? — деп, айтат.

Түлкүм, мага жүн гана,
Чыга турган үн гана?
Ал чепкенди кылгын — деп,
Айта турган тил гана?

Чепкен чыгып эсинен,
Керилип жатып алыптыр,
Жалкоонун жайы ушундай,
Жайкалып уйку салыптыр.

## КАРКЫРА МЕНЕН ТҮЛКҮ[38].

Абал баар жаз болуп,
Көлгө батпай каз толуп,
Келгин келген кезинде,
Бозго батпай куш толуп.
Жер айрылып гүл ачып,

Булбул сайрап үн ачып,
Байчечекей гүлдөгөн,
Жыгачтын баары бүрдөгөн.
Жаркыраган жаз келип,
Жан-жаныбар төлдөгөн,
Жазгы көктөм мезгилде,
Бир каркыра, бир түлкү,
Коңшу болду достошуп.
Ачык сырын жашырбай,
Анык сөздөн козгошуп.
Каркырада шумдук жок,
Түлкүнүн көп бузугу,
Түлкү акеңдин бир түрдүү,
Эми келет кызыгы.
Түлкүдө казган ийин бар,
Өткөн иштин кийни бар.
Бет келишкен жеринде,
Бекиткен сөздүн түйнү бар.
Каркырада уя бар,
Убада кылган башында,
Убада сөзүн бекиткен,
Калыстар туруп кашында.
Түлкүдө бар төрт бала,
Каркырада беш бала,
Балдарына жем издеп,
Каркыра кетти бечара.
Түлкү жүрөт жойлонуп,
Шумдуктун баарын ойлонуп,
Убададан тайгылды,
Түлкү жойбур иш бузуп,
Каркырага түлкү акең,
Кылмак болду бир кызык.
Тура калып түлкү акең;
«Эчтеке болбос» — деп койду.
Каркыра кетип калган соң,
Бир баласын жеп койду.
Карды тоюп алган соң,
Карсылдап күлүп ойноду.
Жалган жерден кеп куруп,
Жана шумдук ойлоду.
Каркыра келер кезинде,
Түлкү акең ыйлап олтурду.

Көөнү менен көп ыйлап,
Көзүн жашка толтурду:
— «Бирибиз тышка чыкканда,
Бирибиз үйдө турбай— деп,
Этиет болуп сактанып,
Эптеп оокат кылбай — деп,
Сен кеткенде, мен кетип,
Экөөбүз үйдөн тең кетип,
Санап көрдүм бийле албайм,
Тогузунан кими жок,
Кандай бетсиз алды экен?
Узун моюндун бири жок.
Бала деген эң кыйын,
Баласыздын күнү жок.
Узун моюн баландын,
Убайым кылды дарты деп,
Каркыра аке кантелик?
Кайрылуу болсун арты» — деп.
Түрдүү кытмыр сөз баштап,
Түлкү турду муну айтып.
Кара күчкө кууланып,
Кара жанын муңайтып,
Кири жок ичте каркыра,
Ишене калды кебине.
Түндө жортуп жойлогон,
Түлкүнүн кирди эбине.
Түлкү сөздө турбады,
Залимдин бири бу дагы.
Кайда болсо залимден,
Залал көрөт ынагы.

## БӨРҮ МЕНЕН ТҮЛКҮ[39].

Түлкү, бөрү достошуп,
Өткөн иштен козгошуп.
Бөрү жарат, түлкү жейт,
Жүргөнү бизге күлкү дейт.

. . . . . . . . . . . .

Бөрүнүн бар эрдиги,
Түбүнөн аңгаал шердиги.
Эки жагын каранып,

Эрди-мурдун жаланып,
Билбегенсип бойпоюп,
Көрбөгөнсүп компоюп.

Түбүнөн келген жоругу,
Түлкү-пикир арамза,
Карап калат карышкыр,
Эки жагын каранса,
Карышкырдын өнөрү,
Түлкүнүн жыргал көрөрү.
Бөрү акең тынчып турабы,
Тоо башында турагы.
Жок эмеспи бөрүнүн,
Жегенинде сурагы.
Азыр түлкү ынагы,
Аянып бөрү турабы.
Өркөчү бийик төө жарат,
Эмчеги карыш бээ жарат,
Азуусу тутам ат жарат,
Ат жарганда бат жарат.

Түлкү достун буйругун,—
Орду менен аткарат.
Түнөп калган уй жарат,
Түлкү доско сый жарат.

Коодон түшүп кой жарат,
Ар качандан бир качан,
Карышкыр акең адаты,
Түлкү доско той жарат.

Башынан бери жок эле,
Мал ээсинде жазыгы.
Карышкыр кайсап жарган мал,
Шум түлкүнүн азыгы.

Бир күнү жарган бээсине
Ээсинин ичи ачыды,
Кайран бээм өлдү деп,
Ыйлай таштап жашыды.

Албарс менен күч ала,
Сүр куйрукка ачытты,
Алыстан жыты келсин деп,
Аябай ороп сасытты.

Өзү аңчы мерген кул,
Аңчынын жөнүн көргөн кул.
Тилеги кабыл келген кул,
Аянбастан аңчы акең,
Аңгемени баштады.

Бөрүнүн келер жолуна,
Бир куйрукту таштады.
Кайран бээм жарылды,
Кас кылган мага бөрү деп,
Өлдү муну жеген соң,
Атасынын көрү деп.

Аңчы кетти үйүнө,
Аңдаңар сөздүн түрүнө,
Кырып-жоюп бөрү акең,
Кыйратып турат күнүгө.

Бөрү акеңдин кеги бар,
Айтып өтөр кеби бар.
Бөрү, түлкү дос болуп,
Бөлүнбөй жүргөн эби бар.

Башка сөздү укпаган,
Майга тоюп уктаган.
Карышкыр досум укта деп,
Кашынан түлкү чыкпаган.

Ал аңгыча күн батты,
Элдин алды ным жатты.
Түлкү досум жүргүн деп,
Кызыгыма күлгүн деп.
Казысына бөлөн деп,
Картасына жөлөн деп,
Досум бөрү көк жалдын,
Баатырдыгын көрөм деп,
Бөрү басты суналып,
Куйругу жерге чубалып.
Эрдигине бөрүнүн
Түлкү келет кубанып.

Алыс жерден куйруктун
Жыты келди бөрүгө,

Жемек турсун, жыттаса,
Бөрү даяр өлүүгө.
Бөксө жол менен барышты,
Бөрү, түлкү ашына,
Сүбөөсүн бөрү көтөрүп,
Сүр куйруктун башына,
Түрдүү шумдук ойлонуп,
Ары-бери жойлонуп,
Табармын деп эбинди,
Түлкү турду кашына.
Эми түлкү кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
— Кул базарга баруучу,
Сүр куйрук сатып алуучу,
Сүйүнгөндөн бош байлап,
Жолго түшүп калуучу.
Ал, бөрү аке, алгын! — деп,
Жолун берди бөрүгө,
Себеп болду түлкү дос,
Бөрү акеси өлүүгө.
Досум деп жүргөн түлкүнү,
Түлкү салды күлкүнү.
Көөсөр бөрү турабы,
Сур куйрукту сугунду.
Уу жеген аман калабы,
Сугунган жерде жыгылды.
Өлөр бөрү өлдү деп,
Өкүмүнө көндү деп,
Өлбөгөндө нетти деп,
Өз кылганы жетти деп,
Куйругун сайып чоң жолго,
Карабастан оң-солго,
Бөрүнүн түлкү өнөгү,
Кайрылбастан жөнөдү.
Түлкү кетти турбастан,
Дүмөгүн айтып бир баштан.
Бөрүнүн этин жашырып,
Беките салды тынбастан.
Мындан башка түлкүнүн,
Толуп жатат өнөрү.
Эртең келип жеймин деп,
Чуркап алып жөнөдү.

Шумдугун түлкү ашырды,
Түндө келип жеймин деп,
Өлгөн бөрү көөсөрдү.
Жерге көмүп жашырды,
Аңгемелүү кеп курду,
Түлкү салды бул чырды,
Бөрү акеңдин этинен,
Түндө келип жеп турду.
Калтырбай сөөгүн кемирди,
Бөрүнүн этин жеп жатып,
Кайран түлкү Абжөрүң[1],
Казы байлап семирди.

Бөрү өлдү тырайып,
Эки буту сырайып,
Бөрү өңдөнгөн залимге,
Анык бул иш ылайык.

## БӨДӨНӨНҮН ТҮЛКҮНҮ АЛДАГАНЫ[40].

Бөдөнөнүн кеби бар,
Турумтай менен кыргыйда,
Толуп жаткан кеги бар.
Бул экөөнөн бөдөнө,
Дайым жүрөт жашынып,
Эки жагын элеңдеп,
Эси чыгып ашыгып.
Жаткан жерин жазгырып,
Бытпылдыктап бакырып,
Бытпылдык деген табышы,
Чөптү кетет жапырып.

Бөдөнөнү түлкү аңдыйт,
Чакырган үнүн уккан соң,
Бытпылдык деген табышы,
Жакын жерден чыккан соң,
Түлкү акең жатты кылыйып,

[1] *Абжөр* — амалдуу.

Жакындап келсе жеймин деп,
Ичинен тынып кымыйып.

Аста басып аңдыды,
Түйүлүп түлкү каргыды,
Басып калды түлкү акең,
Бөдөнөнү учурбай:
Түлкүнүн кылган жоругу,
Башынан маалим ушундай.
Түлкү акең амал иштеди,
Баскан жерде тиштеди.
Бөдөнө түштү түлкүнүн,
Арсайган азуу оозуна.
Бытпылдык деп чакырып,
Өзүнүн салган доошунан.
Бөдөнө туруп ойлонду:
«Кутулсам түлкү оозунан.
— Табайын мунун эбин— деп,
Жедирбейин тегин деп,
— Арзымды ук түлкү аке,
Алал кылып жегин деп,
Уккан болсоң сөзүмдү,
Үлүрөйтпөй көзүңдү,
Оозуңда мен турамын,
Угуп жегин сөзүмдү.
Кулкулдабай тамагың,
Бул санатты санагын.

— Макул — деп түлкү ынады,
Санамакка чыдады.
—«Бир десе» түлкү «бир»—деди,
«Эки» десе, «эки» — деп,
«Үч» десе, түлкү«үч»—деди
«Төрт»—десе, түлкү «төрт»—деди,
«Беш»—десе, түлкү «беш»—деди,
Акыңдан түлкү кеч — деди.
«Аянбай түлкүм алты»—де,
Анык санап сен өткөн,
Ажалдын анты алты эле.
Акылдан түлкү шашканда,
«Алты»—деп оозун ачканда

Бөдөнө кетти кутулуп,
Түлкү калды жутунуп.
Алтың менен аңга түш,
Айтпай койбой не болдум?
Ширин этин мен чайнап,
Эзип жебей не болдум?

Түлкү калды кайгырып,
Бөдөнөдөн айрылып.
Алдаганын бөдөнө,
Айтып калды ыр кылып.

## ЭШЕК МЕНЕН БУЛБУЛ[41]

Канаттуу куштар,
Төрт аяктуу жаныбарлар
Бир күнү мажилис[1] курду,
Булбулдун сайраганын сынап,
Эшек калыс болуп карап турду.

Күүгүм кирип, күн баткан,
Түндөн баштап сайрады.
Так он эки санагы,
Айдан баштап сайрады.
Саратан салкын шамалдуу,
Жайдан баштап сайрады.
Асман ачык күн булут,
Тумандан козгоп сайрады.
Кепил болуп теминген,
Улардан козгоп сайрады.
Чалкыган көлдөн жай алган,
Куулардан козгоп сайрады.
Тоют кылган аккууну,
Тынардан козгоп сайрады.
Жер жайпаган төрт түлүк,
Малдан козгоп сайрады.
Карагай, кайың, байтерек,
Талдан козгоп сайрады.
Жер жүзүндө ар түрдүү,

---

1 *Мажилис* — чогулуш деген мааниде.

Жандан козгоп сайрады.

. . . . . . . . . .

Кызыл, жашыл гүл ачкан,
Чөптөн козгоп сайрады.

Көңкү тамам[1] жыйылган,
Көптөн козгоп сайрады.
Келишимдүү ар түрлүү,
Кептеп козгоп сайрады.
Тирөөчү жок токтолгон,
Көктөн козгоп сайрады.
Жер зилдеген жазында,
Амалдан козгоп сайрады.
Жайга салкын келтирген,
Шамалдан козгоп сайрады.
Жакшы менен аралаш,
Жамандан козгоп сайрады.
Башынан өткөн ар түрдүү,
Замандан козгоп сайрады.
Кызыл, жашыл байчечек,
Гүлдөн козгоп сайрады.
Черин жазган муңдуунун
Тилден козгоп сайрады.
Айбанаттын эң чоңу
Пилден козгоп сайрады.
Учуп жүргөн ар түрлүү,
Куштан козгоп сайрады.
Татты кылган супсакты,
Туздан козгоп сайрады.
Жакын кылган алысты,
Кыздан козгоп сайрады.
Акча үчүн уктабас,
Эшенден козгоп ырдады.
Мажилиста сайраган,
Чеченден козгоп ырдады.
Көпкө тийген пайдасы,
Көсөмдөн козгоп ырдады.
Көп ооруган талыкшып,
Кеселден козгон ырдады.

---

[1] *Тамам* — бүт деген мааниде.

Беш жашка чейин баспаган,
Жан-жаныбар укпаган,
Неченден козгоп сайрады.
Асмандагы дууланган
Жерге түшсө нурланган.
Жамгыр жаап көк чыккан.
Булуттан козгоп сайрады.
Тайпа-тайпа[1] ар түрлүү,
Улуттан козгоп сайрады.
Акын булбул чечендин,
Айтпаган сөзү калбады.
Булбулдун сайраганын,
Сайроодон талбаганын
Уккан мажилис:
Баракелде, булбул!
Калың журттун
Уйкусун ачып,
Кумарын жазып,
Сайрадың дешти:
— Кана айтчы эшек!
Сага келди кезек—
Деп ага сөз беришти.
—Ырас булбул жакшы сайрады,
Айтпаганы калбады.
Чынын айтсам бирок,
Үнү короздукуна окшогон жок.
Менин тилимди алса,
Короздон өнөр үйрөнүү үчүн,
Дагы бир жыл окууга барса,
Болор эле—деди эшек.
Анда көпчүлүк мындай дешет:
— Ээ, макоо, булбул эшек эмес,
Эшектей кесеп эмес,
Сенин бул айтканың
Бизге эсеп эмес!—
Деп, көпчүлүк наалат айтып калды,
Эшекти айдап жолго салды.

---

[1] *Тайпа-тайпа* — бөлөк-бөлөк деген маанидс.

## КОЖОНУН АҢГЕМЕСИ[42]

«Мен элетке барам» — деп,
«Элетти жөнгө салам» — деп,
«Элеттин малы тууганДыр,
Кайыр-зекет алам» — деп,
Селдесин чоң чалынып,
Мал алууга камынып,
Кожо акең келди көчмөнгө,
Зекет сурап зарылып,
«Элеттин малы белен» — деп,
«Эли-журту кенен» — деп,
«Баары мага кол берген,
Мурутчулап[1] келем» — деп —
Жылда келип мал алып,
Пайдаланган кожо экен.
Тазасынып өзүнчө,
Каадаланган кожо экең.
Тазасынып өзүнчө,
Каадаланган кожо экен.
Алынча оокат малы бар,
Байсымак жанга жолукту,
Келген замат кеп баштап,
Кесирлүү кожо оолукту.
Акыл ойлоп шашпады,
Алдоонун кебин баштады,
Теспесин алып колуна,
Тегеренип оңуна,
Аракет кылып кеп айтат,
Алдамчы сөздү көп айтат,
«Нарк ушундай»—деп айтат,
Назирдин[2] жөнүн көп айтат,
«Назир-нияз маашарда[3]
Минүүчү атың» — деп айтат.
«Зекет бергин малыңдан,
Садага бергин жаныңдан,
Адал болот тапканың,
Айдап жүрүп бакканың,

[1] *Мурутчулап* — деген кожого кол бергендерди айтат.
[2] *Назир* — кудайы, садага.
[3] *Маашар* — куранда экинчи дүйнө бар деген сөздөн алынган.

Пайда кылат өзүңө,
Айдап малды сатканың».
Көз көрбөгөн караңгы,
Эл ишенди кебине.
Колун берип көпчүлүк,
Кожонун кирди эбине.
Калктын баары жайланды,
Кожого колу байланды,
Караңгы калк ишенип,
Кожо акең кылды айланы.
Назир-нияз-зекетин,
Кожонун берди колуна.
Зекет арбын түшкөн соң,
Кожо түштү жолуна.
Алган малын аш кылып,
Айтууга оозун маш кылып,
Экинчи жылдын өзүндө,
Жана келди жазгырып.
Жумуру башта нелер жок,
Жумган көзүн түк ачпайт,
Намазын арбын көбөйтүп,
Даараты жок түк жатпайт.
Элдин баарын чогултуп,
Кожо кирди эрмекке,
«Салайын»—деп бул элди,
Жана бир түрдүү өрнөккө».
Айтып сөзүн баштады,
Акыл-эстен шашпады.
— Азирет кожом айтат—деп,—
Айрып элет ачпады,
— «Даяр тамак алыңар,
Малды жакшы багыңар,
Койдун башын сойгон соң,
Калтырбай тишин чагыңар,
Таза жууп куйкалап,
Казанга анан салыңар.
Мага мурут болгонуң,
Бул сөзүмдү алыңар.
Ичеги менен карынды,
Итке салып бериңер.
Ичеги, карын бүт арам,
Бул сөзүмө көнүңөр,

Үмүт кылсаң жаныңдан,
Үшүр бергин данындан.
Эмгегиң зая[1] кетпесин,
Зекет бергин малыңдан.
Катындын тилин албаңар,
Капылетке калбаңар.
Айнытат катын адамды,
Көрөсүң мындан залалды.
Катын деген түк билбейт,
Алал менен арамды.
Тобуң-көбүң чогулуп,
Токтотуңар карарды»[2]
Кожодон бул сөз чыккан соң,
Калктын баары уккан соң,
Элдин баары дабырап,
Айтып сөзүн жабырап,—
—Кожом ырас айтат—деп,
Бул сөздөн ким кайтат?—деп,
Элет кыргыз көчмөн журт,
Элдин баары ишенди.
Эбине кожо келтирип,
Баарына салды кишенди.
Ошончо калктын ичинде,
Бир акылдуу жигит бар экен,
Кыянат менен иши жок,
Кылган иши шар экен.
Ойлонуп калды туюнуп,
«Кожонун кеби кызык»—деп,
«Эркек менен катындын,
Ортосун бузчуу бузук»—деп.
«Катындын тилин алба—дейт,
Сөзүнө кулак салба—дейт.
Катындын кирсең тилине,
Мындан чыгат калба дейт.
Берсең кожом колдойм—дейт,
Балакеттен коргойм—дейт.
Бул айтканы жалган го,
Алдап бизден алган го,
Кожонун сөзү кеп эмес,
Эч кимге бул сөз эп эмес.

---

1 *Зая* — бекер, бошко,
2 *Карар* — токтом, чечим.

Бул кожону сынайын,
Чоң аңгеме кылайын,
Кожонун ушу сөзүнө,
Кантип чын деп турайын.
Жигит мындай ой кылды;
— Кожом сага кебим бар,
Кебимди угар эбиң бар.
Үйүбүздөн чыр чыкты,
Сизге айтар сыр чыкты.
Кулак салгын сөзүмө,
Көп сыр айтам өзүңө.
Мен айтам бир кой берем—деп,
Кожом сенин өзүңө,
Катыным айтат—тай бер—деп,
Тай берсең, семиз май бер—деп.
Берген малың кайырлуу,
Акыретте ай көр деп.
Катындын тилин албасам,
Өзүм билип кой берем,
Тилин алсам катындын,
Кожо сизге тай берем.
Бул сөзгө кожом ынандым,
Берүүгө бирин чыдадым.
Катыным капа кылгандан,
Сизден келип сурадым».
Анда кожо кеп айтат,
«Мырза жигит» — деп айтат:
Аз-аз катын сөзүнө,
Кире жүргүн?» — деп айтат.
Жигит калды ойлонуп,
«Ушу кожо кызык—деп,
Алдамчы кожо көрүнөт,
Анык напси бузук—деп,
Кепке, сөзгө келген жок,
Тайын, коюн берген жок.
«Акырет»—деп алдаган,
Алдоосуна кирген жок.
Балакеттүү кожону,
Байкап калды ошону.
Жоболондуу кожого,
Жугузмак болду жошону.
«Кожомду өзүм кыйбайм»—деп,

«Тамак берип сыйлайм»—деп,
Аңгемени ашырып,
Айтпай туруп жашырып,
Тууган бээнин чөбүнөн[1],
Бермек болду бышырып.
«Алал малдын эти»—деп.
«Алал тамак өзү»—деп,
Чөптү таза бышырып,
Кожонун койду астына,
Жазгырмакка бул жигит,
Кожонун кылган казына.
Таза тамак деп алды,
Түк калтырбай жеп алды.
«Татты тамак ушул» — деп,
«Кылбайбыз буга кусур»—деп.
—Кыргыздын бээси тууганда,
Келип жүр кожом өзүмө.
Бээнин чөбүн бышырып,
Берип турам өзүңө.
Жигит берди кууланып,
Кожо кетти кубанып.
Бул жигиттин сөзүнө,
Кожо калды ынанып.
Бээнин качан тубарын,
Кожо билбейт башынан.
Аяр жигит кожону,
Айнытып салды ашынан.
Барган элден кеп сурайт,
Көрүнгөн элден көп сурайт,
—Кыргыздын бээси туулубу?
Мезгили качан?—деп сурайт.
Кожону жигит азгырды,
Өз жолунан жазгырды.
Алдамчы кожо өзүнө,
Бул жорукту аз кылды!

1890

## ТӨӨНҮН АРЫЗЫ[43].

Менин ээм Элебай,
Жакшы баккан.
Жаан-чачында

---

[1] *Чөп* — бээ тууганда түшө турган ыйлаагы.

Жабуу жапкан.
Шорумду кандырган,
Ала бата
Аткулакты
Боолап жыйдырган,
— Бук этпес жесин—деп,
Тамагымды сый кылган.
Бакырбай кепшейм,
Кыкты тепсейм,
Эчки, кой тебелесе,
Эч кандай бук этпейм.
Ээм эрке багып,
Кастарлап асырап,
Тузду талкалап,
Маа-маалап чакырат.
Короого келем,
Жем-чөп белен.
Аябай тоюп,
Кызматты берем.
Ошентип турганда,
Старчын келди,
Буйламды чойду,
Жайытымдан, ээмден,
Айрылтып койду.
Кырк төөлү Кыдырбайдан,
Бирди гана алды,
Отуз тогузу,
Өзүндө калды.
Теңдикти көрбөй,
«Бук этпес» өлбөй,
Арманда жүрөт,
Ким мага күйөт?
Нарынга келдим,
Арпаны жүктөп,
Көтөрдүм айласыз,
Жалдырап тиктеп,
Кыдырбайдын буур жүнү,
Кадырлуу болду.
Эки кап арпа,
Торсойтуп бууп,
Жонуна койду.
Байдын ысык буур жүнү,

Жаштык кылат деп,
Ченеп жүктөп,
Назар салып,
Кызыл чок дайындап,
Төө болушка барып,
Жолго салды,
Жети жүз төөнү,
Чубатып калды.
Мени мактап
Биринчи каттап,
— Балбан төө—деп,
Кыдырбай турат,
Самырдай какшап.
Көп эле жүктөп,
Көпчүлүк тиктеп,
Кайран бук этпес,
Канча болсо көтөрөт,
Төөдөн артык улук деп,
Тааныган элдер,
Кады жерлер,
Долон аштык,
Кочкорду бастык.
Көтмалдыга жеттик,
Ачка болдук,
Куу бакынын белине,
Кайта барып кондук.
Үч күн өргүп,
Майдам талда болдук.
Анткени менен
Жабырым көп,
Үч кап жүктүн үстүнө,
Улоочу мени минет.
Баспаган төөнүн ээси
Учкашып деги минет.
Кыдырбайдын буур жүнү,
Жаш экен дешип,
Мени бакыртып,
Мурдумду тешип,
Шайымды кетирип,
Күндөп-түндөп,
Боом суусун кечирип,
Барганыбыз Токмок,

Ал шаарга токтоп.
Алмаштырып жүктү,
Которуп жүктөп.
Күндөн көп өтүп,
Жабырландык минетип.
Ашмара, Мерки,
Нарындан берки,
Канчалык жол,
Ой улугум,
Эсептеп берчи.
Айлабыз кетти,
Арыктыгыбыз жетти.
Тура албай чоюлдук,
Астыбыз өлдү,
Акыретти көрдү.
Тартайып жыгылды,
Талпагы сыйрылды.
Карга, кузгун,
Өлүккө жыйылды.
Сагызган курады.
Арбын жыйынды.
Бук этпес элем,
Бакырчаак болдум,
Айлам кетип,
Жатынчак болдум.
Ашуу белде
Тартынчаак болдум.
Адамды көрсөм,
Арзымды айтып,
Алда кайдан
Чакырчаак болдум.
Таякты жедим,
Улугум, сизди,
Арыз угат дедим.
Жүгүбүз оор,
Жонубуз жоор,
Мурдубуз жырылдык,
Бурандап жыгылдык.
Таманыбыз туурулдук,
Заманабыз куурулдук.
Теңдик болобу?

(1915).

II

# ПОЭМАЛАР

## ТЕЛИБАЙ-ТЕНТЕК[44].

Мурунку өткөн заманда
Дадаңбай деген бай болгон,
Баласынын жогунан,
Бала деп тилеп зар болгон.
«Куубаш Дадаң» деген сөз,
Дадаңбайга ар болгон.
Ыйлап жүрүп бала деп,
Арман менен күн өтүп,
Арасынан бир катар,
Алда канча жыл өтүп,
Капалык бар сөзүндө,
Карып кеткен кезинде,
Бала көрдү Дадаңбай.
Арманы калбай өзүндө.
«Балам аман жүрсүн деп,
Аман жүрсө балам—деп,
Баладан тынды санаам»—деп.
Эр жеткенде Телибай,
Акылы жок жан болду.
Балам жинди болду деп,
Дадаңбай буга дал болду.
Балдары малга ээ болду,
Баарынан Телибай дөө болду.
Эс-акылы жогунан,
Дөө болгону кээ болду.
Эки агасын Телибай,
Малга-жанга ээ кылбай,

Малым бар деп ойлобой,
Бир айткан кебин эки айтат,
Дадаңбайды мээ кылат.
Малдын, жандын баарына,
Жалгыз өзүн ээ кылат.
Түк жебестен этинен
Түгөтүп кирди четинен.
Аз күн өтүп арадан,
Малдын баарын түгөттү,
Тоого алып барып бир далай,
Бөрү, жору тойсун деп,
Балакетти баштады,
Малдан жарып таштады.
Арадан канча күн өттү,
Күнгө аралаш түн өттү.
Акмактык кылып Телибай,
Агаларын жүдөттү.
Баштагыдан беш бетер,
Акыл-эстен айрылды.
Талатып малын түгөтүп,
Акыры өзүн кар кылды.
Капа болуп атасы,
Камыгып ыйлап кайгырды.
Кармаар малдан түк калбай,
Телибай такыр айрылды.
«Балам жинди чыкты»—деп,
Күйүп жүрүп чок болуп,
«Багуучу балам жинди»—деп,
«Шайтанга болду минги»—деп.
Жалгыз эмес Телибай,
Жана бар эки агасы.
Телибай тентек шок болду,
Эс-акылы жок болду.
«Оңолуп кетер балам»—деп,
«Баладан тынбайт санаам»—деп,
«Кудуреттин ишине,
Барбы менин чарам» — деп.
Молдого берип окутсам,
Жиндилиги калар—деп,
Тентектиги жоголсо,
Анан тилимди алар—деп,
Атасы менен энеси,

Баласын алып ортого,
Телибайды жетелеп,
Алып барды молдого.
Атасы Дадаң кеп айтат:
—Ай, молдоке!—деп айтат,—
Балам тентек болду,—деп,
Бир айтпастан көп айтат.
Оң айткан сөзгө тил албайт,
Иштин жөнүн биле албайт.
Бузулду балам жоругу,
Бузуктук кылбай жүрө албайт.
Бүткөн ишти бүлдүрөт.
Элдин баарын күлдүрөт.
Өзү билбейт кумсарып,
Отурбайт үйгө тынч алып.
Айланайын молдоке,
Жалгыз балам ушу эле,
Жалгыз деп жазып айтпаймын,
Улуусу мындан кыз эле.
Кызымды бердим күйөөгө,
Айлымда жакын бирөөгө,
Тентек болду бул балам,
Бала үчүн менин убарам.
Бул баланы окутуп,
Тентектигин тыйып бер,
Айткан тилиң албаса,
Аябай мыктап уруп бер!—
Телибайды тапшырып,
Молдонун берди колуна.
Катынын Дадаң ээрчитип,
Кайта басты жолуна.
Молдо туруп кат жазып,
Кат жазганда бат жазып.
Алды калем колуна,
Алип-бээ деп ат жазып,
Телибай тентек баласын,
Табайын деп чарасын,
Телибайдын колуна
Берди окутчу кагазын.
Молдого Телибай тил албайт,
Тентек кылбай жүрө албайт.
Молдо ойлонуп баланы,

Не кыларын биле албайт.
Молдо айтса, терс айтып,
Молдонун жанын күйдүрдү,
Айрып, жыртып бир канча,
Дептерин да бүлдүрдү.
Зерикти молдо Телибайдан,
— «Кеткин,—деди,—бу жайдан!»..
Телибай кайтты үйүнө,
Жини арбыды күнүгө.
Телибай деги чыдабайт,
Тентектик кылбай жүрүүгө.
Келе жатса жолунда,
Келтеги бар колунда.
Телибайдын сөзүнө
Кулагың тунат сонунга.
Бир топ бала ойношуп,
Жүрүптүр музоо кайтарып,
Телибайдын өзүндө
Коркуу жок жандан жалтанып.
Байкап басып өзунду,
Балдарга келип кошулду.
Мал кайтарган балдарга,
Көрсөтмөк болду жосунду[1].
Мен Телибай тентек деп,
Балдарды уруп келтектеп,
Балдарды уруп кыйратты,
Баштан аяк ыйлатты.
Айдап алды музоосун,
Ал балдарга бербестен,
Бул музоо меники—деп,
Теңдикке Телибай келбестен,
Музоону салып алдына,
Телибай келди үйүнө.
Музоону баккан балдардын,
Жооп айтпайт бирине,
Музоону Телибай жыйнады,
Токмоктоп уруп кыйнады.
Бул кордукка чыдабай,
Кайтарган балдар ыйлады.
Телибай тентек музоону,

---

[1] *Жосун* — кордукту деген мааниде.

Токмоктоп уруп сойду деп,
Музоонун баарын алып барып,
Туюкка камап койду деп,
Ыйлап барды үйүнө.
Балдардын баары чуркурап,
Энесине барган соң,
Жаңырып ыйлайт буркурап.
Атасы буга кайгырып,
Музоосун берди балдарга.
Телибай тентек ызалап,
Ыйлап келген жандарга,
Музоодон калган түңүлүп,
Балдар кайтты сүйүнүп.
Айдап алып музоосун,
Айлына барды жүгүрүп.
Бир топ жоон күн өтүп,
Күнгө аралаш түн өтүп,
Ал-аңгыча болбоду,
Дадаңды ажал торгоду.
Кесел болуп нечен күн,
Акыретке жөнөдү.
Телибай тентек тескери,
Айткан сөзгө көнбөдү.
Көптөн бери Дадаңдын
Өз колунда малы жок,
Баласы жинди жаны жок.
Мал табарга алы жок.

. . . . . . . . . . . .

Кембагал Дадаң өлгөн соң,
Кепин кылар бөзү жок.
Телибайдын энеси,
«Балам»—деп буга кеп айтат,
«Атаң өлдү келбейт»—деп,
«Айласын кылгын»—деп айтат.
«Кайрылып келбейт атаң жок,
Кепин кылар матаң жок.
Кантип муну көмөбүз?
Мындан башка капам жок.
Эчтеме менен оюң жок,
Конокко соёр коюң жок,
Салпайган жинди кунуң жок,
Сатып алар булуң жок.

Кантип жерге жашырам,
Кара жанда тыным жок.
Эч болбосо үйүндө,
Челпек[1] кылар унуң жок.
Элеңдебей жүгүрүп,
Эжең жакын, барып кел,
Кепин берсе, кечикпей,
Ылдам барып алып кел.
Акыл салып кеп айтып,
Атаң өлдү деп айтып,
Эжеңе кабар салып кел,
Эжеңе кабар салып кел.
Эки агаң мында көр казсын,
Кантип булар тим жатсын.
Ылдамыраак барып кел.
Эмне берсе алып кел! —
— Энеке макул болот деп,
Телибай кетти жүгүрүп,
Эрте өлгөн бир жан деп,
Атасынан түңүлүп.
Эжесине барды далдаңдап,
Телибай тентек кеп айтат,
— «Арманың барбы эжеке?
Атаң өлдү,»—деп айтат.
Эжеси туруп ыйлады,
Элинин баарын жыйнады.
Атаң өлдү дегенде,
Ыйлабай чыдап турабы.
— «Мен келдим эже өзүңө,
Кулак салгын сөзүмө.
Энем сага жиберди,
Алып кел деп силерди.
Конокко соёр кой сурап,
Челпек кылар ун сурап.
Кеңеш кылып кеп сурап,
Кепин кылар бөз сурап,
Энем мени жиберди,
Берсин деди силерди.
Берериңди камдагын,
Бүгүн түштөн калбагын.»

---

[1] Челпек — жупка нан деген мааниде.

Айтып сөзүн угузуп,
Телибай турду темселеп,
Бачымыраак кетсек деп,
Айтып турду энтелеп.
Эжеси анда кеп айтат,
— Азыраак токто — деп айтат —
Сарамжалын бүтүрүп,
Санжап[1] кылып күтүнүп.
Койду саап алайын,
Сураганың берейин,
Койду саап болгон соң,
Өзүң менен жөнөйүн.
Азыраак сабыр кылгын деп,
Баланы ала тургун деп,
Баласын берди колуна.
Байкагын сөздүн соңуна.
Эмчектеги жаш бала,
Алар замат ыйлады,
Токтобостон көп ыйлап,
Телибайды кыйнады.
Ыйлаганы ырбады
Телибайды мээнет чырмады.
—Басыл-басыл бөбөк деп,
Баланын башын сылады.
Сылап көрсө баланын,
Балкылдап турат эмгеги,
Жара чыккан экен деп,
Башка сөзгө келбеди,
«Ыйлабаптыр бекер»—деп,
«Ириндеп калган экен»—деп,
Аман болсо бөбөгүм,
Мындан айгып кетер»—деп,
Телибай тентек шашпады,
Балакетти баштады.
Баланын мээсин «ириң» деп,
Алып жерге таштады.
Мээсин чукуп алган соң,
Өлүп калды баласы.
Акылы жок Телибайдын,

[1] *Санжап* — тактап деген сөз.

Акмактыгын карачы.
Тынчып уктап калды деп,
Ойлоп калды санаасы.
Өлбөй бала калабы?
Өлөр жерде жарасы.
Ал аңгыча эжеси
Малын саап бүтүрдү.
Малын саап болгон соң,
Бармак болуп күтүндү.
Телибай тентек кеп айтат:
Эжесине эми айтат:
—Ириңдеп башы калыптыр,
Ириңин алдым—деп айтат.
Акылсыз эже билбепсиң,
Жарасын байкап жүрбөпсүң.
Жаман эже билбепсиң,
Жакшылап байкап жүрбөпсүң.
Мына береги жара—деп,
Жарасын эже кара—деп.
Ириңин алып салган соң,
Уктап калды бала»—деп.
Эжеси алса баланы,
Эчак өлгөн жаны жок.
Жаны кеткен балада,
Бетинде кызыл каны жок.
Телибай түпкө жеттиң! деп,
Тентек ит турбай кеткин—деп,
Убалыма калдың—деп,
Уят кылып салдың»—деп,
Эжеси ыйлап бакырып,
Эли-журтун чакырып,
Телибайды кудай урду деп,
Темтейип карап турду деп.
Түбүмө Телибай жетти деп,
Жетпегенде нетти?—деп,
Түрү суук түгөнгүр,
Түгөтүп таштап кетти — деп,
Балама кылды кесир—деп,
Балакетти кетир—деп,
Жаш баламды өлтүрүп,
Барбеле менде өчүң?»—деп.
Кейип ыйлап сөз айтып,

Кепин кылар бөз берип,
Челпек кылар ун берип,
Конокко соёр кой берип, —
Буларды берип колуна,
Телибайды салды жолуна.
Тентек Телибай не кылат?
Байкаңар сөздүн соңуна.
Жетелеп кою колунда,
Келе жатса жолунда,
Алдынан бөрү жолукту,
Акмак Телибай оолукту.
«Чубалжык куйрук, көк чунак,
Бул кудайдын ити»—деп,
«Ити менен кудайдын
Эч кимдин болбойт иши»—деп,
«Жолумдан тозуп жүрүптүр,
Келеримди билиптир,
Кудайдын ити күлүкпү?
Менин коюм күлүкпү?
Билейин койдун чамасын,
Табайын иттин чарасын.
Көрөйүн койдун өнөрүн,
Жарыштырып көрөмүн.
Коюмдан бул өтпөйт—деп,
«Өтмөк турсун жетпейт» — деп,
Бөрүгө коюн жиберди,
«Сынайын» деп «силерди»,
Кою кетти колунан,
Бөрү кууду соңунан.
Каргашалуу Телибайдын,
Келеби иши оңунан?
Жеткен жерде карышкыр,
Койду басып жеп алды,
«Бүгүн жолум болду»—деп,
Тоого барып дем алды.
Жана Телибай жүгүрүп,
Азыраак жолго барганда
Айылына жакындап,
Арасы жакын калганда,
Казандай кара кудукту,
Көрө салды көз менен,
Сүйлөп турду сөз менен:

«Кудайымдын казаны,
Куру кайнап туруптур,
Көргөн, билген адам жок,
Көптөн бери куруптур.
Унду буга салыш — деп,
Чалгыч менен чалыш — деп,
Ашты кылып бүтүрүп,
Анан үйгө барыш» — деп,
Эчтемесин калтырбай,
Кудукка унду салыптыр.
Агаласын кетирип,
Чалгыч менен чалыптыр.
Азыраак болуп калды деп,
Армандуу болуп калыптыр.
Андан өтүп Телибай,
Көп камышка барыптыр,
Шамал тийсе камыштар,
Нары — бери ыргалат.
Алгандын баарын жоготуп,
Акмак Телибай кур калат.
«Мен көрбөпмүн башынан,
Өтүүчү элем кашынан.
Кур жүгүнүп туруптур,
Кудайымдын келини.
Алып келе жатканым —
Атамды ороор кепини.
Келинге кылып бүркөнчөк[1],
Табайын мунун эбини[2].
Буга байлап өтөм — деп,
Тартынганым бекер — деп,
«Бүркөнчөк байлап өтпөсөм,
Таарынып келин кетер» — деп,
Айрып алып бир баштан,
Байлап жатат камышка.
Телибайдын ою жок,
Тартынып мындан калышка.
Баарын байлап бүткөн соң,
«Жарашып калды келин» — деп,

---

[1] *Бүркөнчөк* — элечек, таптап салынуучу жеңил жоолук.
[2] *Эбини* — эбин деген сөз.

«Ушу кылган жумушум,
Кеткени жок тегин» — деп.
Акылсыз, акмак Телибай,
Акмактыгы билинип,
Атасынын кепини
Камышка калды илинип.
Адамда мындай заң болбойт
Телибайдай акмак жан болбойт.
Энесине барбастан,
Эч кимдин тилин албастан,
Жакшы айткан сөзгө көнбөстөн,
Атасын келип көмбөстөн,
Телибай жинди темтейип,
Талаадан качып жоголду.
Минтип жүргөн Телибайдын,
Иши кайдан оңолду.
Акылы жок ордунда,
Атанын акы мойнунда.
Агалары күтүнүп,
Көрдү казып бүтүрүп,
Карап турган кезинде
Уят жок Телибай бетинде,
Эчтемени ойлобой,
Жетип барды кечинде.
Туруму болбойт сөзүндө,
Уяты жок өзүндө.
Анын арка жагынан,
Эжеси барды алсырап,
Атасынын үстүнө,
Баласы өлүп кансырап.
Эл жыйылып келишти,
Кошумча жардам беришти.
«Тапканыбыз ушу» — деп,
Дадаңбайды көмүштү.
«Бул Телибай оңбойт» — деп,
«Дегеле адам болбойт» — деп,
«Акыры бизди жок кылат,
Анан бизди койбойт» —деп,
Телибайды алышты,
Алыс жерге барышты.
Кийимин дырдай чечтирип,
Жылаңачтап салышты.

Агалары мындай дейт:
«Тоого чыгып барабыз,
Томкоруп алтын алабыз,
Бай болуп жыргап калабыз,
Алтын алып кулатсак,
Алтын келет жаркырап,
Кучактап кал алтынды,
Карап турбай алсырап.
Карап тургун көргөндө,
Кучактап кал келгенде.
Байкап тургун көргөндө,
Басып калгын келгенде!»
Телибай буга ынады,
Келгенде карап турабы,
Агалары барышты,
Отунду арбын алышты.
Казандай ташты чок кылып,
Аябай отту жагышты.
Өлтүрүүгө Телибайды,
Кептери бүтүп калышты.
Кызарып таш ысыды.
Жаккан отун көп болуп,
Төбөндөн тийген Телибай,
Өз тууганга жек болду.
Таш кызарып болгон соң,
Көңүлүнө толгон соң,
Телибай деп чакырды,
Токтобостон бакырды.
— Акылы жок ит элең,
Аянып мындан калба — деп,
Таш барып түзгө барганда,
Басып калды кучактап,
Акмактыгын мындан бил,
Аяныч жок кылчактап,
Териси ташка жабышты,
Тентектин эбин табышты.
Анда Телибай кеп айтат:
Аянбаймын деп айтат —
«Эки акем мында келгинче,
Эрдигимди көргөнчө,
Ыркырасаң, ыркыра,
Шыркырасаң, шыркыра,

«— Эрдик кылар салтым» — деп.
«Коё бербейм алтын» — деп,
Күйүп жатып жан берди,
Акмакты мындай ким көрдү!

## КЕМЧОНТОЙ[45].

Кемчонтойдон кеп келет,
Акылсыз акмак деп келет.
Кемчонтойдун жоругу,
Кандай жанга эп келет.

Атасы казы айтылуу,
Адамдан чыккан бу бир куу.

Элден көп жеп параны,
Дагы кирем деп алган.
Бир сөзүнөн кайтпаган,
Парасыз сөз айтпаган.
Акыйкат бүтүн кылбаган,
Сөзү ордуна турбаган,
Бул киши адил эмес деп,
Сыртынан сөзүн сындаган.
Казынын жалгыз уулу бар,
Уулунда толгон чыры бар.
Кемчонтой деп атанып,
Кесир болду мунуңар.

Ажал жетип, күн бүтүп,
Казы, аттанды дүйнөдөн.
Өмүрүнчө пара жеп,
Кабы толуп күнөөдөн,
Атасы казы өлгөн соң,
Казыны калк көмгөн соң,
Атадан калган бар малын,
Сапырып чачып жоготкон.
Түбүндө Чонтой кутулбай,
Түгөнбөгөн домоктон.
Бала кезден келесоо,
Өз акылы такыр жок.
Ар кайсыны бир айтып,
Сөзү орой, оозу шок,

Жалгыз эшек малы бар,
Эшегин айтат атым деп,
Эс-акылы жогунан,
Энесин айтат катын деп,
Атасы өлгөн жашында,
Акылы жок башында.
Эсер-зөөкүр Кемчонтой,
Энесинин кашында.

Акмактыгы Чонтойдун,
Айлына болгон дап-дайын.
Жалгыз балам зөөкүр деп,
Энеси кылат убайым.
Эшегин токуп ээрдеп,
Энесин тилдеп кээрдеп:
«Мен базарга барам» — деп,
«Кийим-кечек алам» — деп,
Аш куюп ичип казандан,
Аттанып кетет азандан,
«Ажатымды алам — деп,
Азыр барып базардан».
Жалгыз чака пулу жок,
Жакшылык көргөн жылы жок.
Адам десе санда жок,
Ага-тууган анда жок.
Айткан кебин унутат,
Акмактыгы жанда жок.
Теңир урган Чонтойдун,
Жоругу айбан малда жок.
Базардан башка кеби жок,
Адамга сыяр эби жок.
Акмактыгын мындан бил,
Адамга болжор теңи жок.
Базарга барат күн сайын,
Баркы кетти ансайын.
Акылсыз зөөкүр келет — деп,
Айлында болду дап-дайын.
Кемчонтойдо мээси жок,
Кел — деп айткан киши жок.
Айбандыгын мындан бил,
Адам менен иши жок.
Арыктап баспайт эшеги,

Айыкпайт жинди кесели,
Адамдын баары көргөндө,
Кемчонтой жинди дешеди.
Элге дайын жинди дейт,
Эшегин күндө минди дейт.
Эсерлик кылып жан бакпай,
Эл ичинде жүрдү дейт.
Кемчонтой бүгүн өтөт деп,
Жолун тозуп жатышат.
Балдар баары чогулуп,
Тамашага батышат.
Келип жолдо турушат,
Кезек менен урушат.
Келесоону токмоктоп,
Келеке-шылдың кылышат.

Кемчонтойдо эс барбы,
Унутуп калат урганын,
Жүрө берет сенделип,
Ойлобойт жандын жыргалын.
Нандын атын унутуп,
Кемчонтой айтат жалпак деп.
Калпагын айтат байпак деп.
Байпагын айтат талпак деп.

. . . . . . . . . . . . .

Кептин жөнүн биле албайт,
Кежир сүйлөп тил албайт.
Элирип кетет ар жерде,
Эл ичинде жүрө албайт.

Балам үйдө турар деп,
Бастырып оокат кылар деп,
Оокатка балам кирген соң,
Анан жаным тынар деп,
Жакшы көрөт энеси,
Ичтен чыккан байталман[1],
Жазганып турат уулунан,
Жамандап элге айтардан.

Энеси бир күн ойлонду,
Ойлонуп жатып толгонду.

---

[1] *Байталман* — байкуш бала деген мааниде.

Акылынын жогунан
Үйлөнтөйүн баламды,
Көргөн жалгыз карамды.
Өлбөй тирүү каламбы,
Тындырайын санаамды.
Каралды жок жапжалгыз,
Калтырбайын баламды,
Каргашалуу арамды.
Кемпир эмес, орто жаш,
Келбеттүү киши энеси,
Катын алып берүүгө,
Анык тынды санаасы.
Катын алып берүүгө
Жакын жерден кайындап,
Ынтымакка келишип,
Калың малын дайындап,
Бечарага кайындап,
Элге-журтка дайындап,
Күйөө барып кайындап,
Күйөөлүгүн дайындап.
Куда болуп кой союп,
Тойго арнап кой союп.

. . . . . . . . . . . . . . .

Күйөөлөдү Кемчонтой,
Кыз алууга ой коюп,
Кызды алып барышты,
Жеңелер төшөк салышты.
Желип келген жеңелер,

. . . . . . . . . . . . . . .

Жеңкетайын алышты.
Балам үйлүү болду деп,
Мамырап калды энеси.
Кемчонтой катын алганы,
Энесинин керээзи.

## II.

Энеси эптүү болбосо,
Зөөкүргө аял келеби.
Дүнүйө калың бербесе,
Кызын бекер береби.
Атасы калың көп алды,

Алып малды жеп алды.
Кыздын башы байланды
Азап тартып зарланды.
Акылы артык Багдагүл,
Бул жорукка алданды.
Жабыр көрдү канча жыл,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Көргөн күнү мына бул.

Жабыркап аял чыдабай,
Не кыларын биле албай,
Эмгек тартып зөөкүргө
Эстүү катын жүрө албай,
Эсебин мунун тапсам деп,
Эсерден кордук көргүнчө,
Эми турбай качсам деп.

Качып барды бир күнү,
Атасынын үйүнө.
Көңүлү жок Багдагүл,
Кемчонтой менен жүрүүгө.
Качып барса, атасы
Кагып койду баласын.
Атасы кагып койгонсоң,
Табалбай калды чарасын.
Атасы туруп кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
— Кызы чыккан оңчубу,
Мындай жорук болчубу?
Жаман кыз чыгат күйөөдөн,
Жакшы деп атка кончубу?
Канткенде балам чыгасың,
Калыңга берген кою бар,
Баталашып башында,
Элге берген тою бар.
Айтканыңда ката бар,
Баарысын айтып нетейин,
Алакан жайган бата бар.
Балам мени кыйнаба,
Батаны не деп унутуп,
Учурасам батага
Тукумум менен курудук.

Ал аңгыча энтелеп,
Кемчонтой келип кеп айтат.
Биздин катын жоголду,
Көрдүңөрбү деп айтат?

Кайышып ичи бурады,
Кайненеси турабы:
«Катыныңдын Кемчонтой
Аты ким деп сурады?»
Катыңдын аты Багдагүл,
Кайгы тартып болгон зил.
Багдагүл атын унуткан,
Акмактыгын мындан бил.
Канчалык ойлоп таба албай,
Жабыркатты байкушту,
Асырап жакшы бага албай.
Энеси ыйлап буркурайт,
Багдагүл ыйлап зыркырайт.
Кыздын шору арбын деп,
Жеңелери чуркурайт.

Атасы ага болбостон,
Кызды оюна койбостон,
Жөнөттү кызды эрине,
Калың берген жерине.
Баарыңар кулак салыңар,
Багдагүлдүн кебине.

«Балакетке кабылдым» — деп,
Багдагүл акыл ойлоду,
Атасы менен Чонтойдун,
Ал сөзүнө болбоду.
Жадатсам деп жаманды,
Багдагүл кылды амалды.
Көтөрмөк болду Багдагүл,
Башына түшкөн заманды.

Бир күнү ашын мол кылат,
Тузун ачуу шор кылат,
Бир күнү тузун кем кылат,
Көзүнүн жашын сел кылат.
Убайым тарткан Багдагүл,
Ушуну кантип эр кылат!

Бир күнү суюк — ашы суу,
Көрбөймүн деп кордукту,
«Ашты суюк кылдың» — деп,
Чонтой салат ызы-чуу.
Оңой эмес Багдагүл,
Ойлогон иши нак ушу.
Бир күнү коюу бышырган,
Кутулсам деп ушундан.
Бейлин салбай оокатка,
Берекесин учурган.
Кемчонтой анда кеп айтат,
Багдагүл анда кеп айтат,
— Бузулду катын жоругуң,
Билбедиң иштин орунун.
Бир күнү ашың таптаттуу,
Ичкиң келет коюусун.
Бир күнү ашта тузу жок,
Адамдын ичер кушу[1] жок.
Бейлиңди кудай алдыбы,
Берекелүү куту[2] жок.

Багдагүл анда кеп айтат,
Баянын уккун деп айтат:
— Ашыктырдың өзүмдү,
Укпадың айткан сөзүмдү.
Энтелеп өзүң барганда,
Эсимди кудай алыптыр,
Колумдун чени ошондо,
Энемде унут калыптыр.

Айтса, айтпаса барып кел,
Энеме кабар салып кел.
Эрте барып тезирээк,
Колумдун ченин алып кел.

Кемчонтой анда турабы,
Барбоого моюн бурабы.
Багдагүл айтып койгон соң,
Буйругун эки кылабы.

---

1 *Кушу* — көңүлү тартпоо.
2 *Кут* — касиет деген мааниде.

Эшегин минип эпендеп,
Жолго чыкты тепендеп.
Ашыкпастан энеңе,
Аш бышымда жетем деп.
Жөнөп калды турбастан,
Артына кылчаң кылбастан.
Бара салып Кемчонтой,
Сөзүн айтты бир баштан:
— Кызың барып ушундан,
Акылынан адашты.
Адашканын мындан бил,
Айбан малга жанашты.
Аш кылса бир күн тузу жок,
Бир күнү ачуу шор кылат,
Бир күнү ашы супсуюк,
Минтип жүрсө кор кылат.
Бир күнү кылат буламык,
Кызыңды кемпир сынадык.
Аш кылчуу чени сизде деп,
Алпарып берип тыналык.

Биле салды куу кемпир,
Кызынын шумдук кылганын.
Эсердик кылып Кемчонтой,
Келип сурап турганын.
Кемчонтойго кеп айтат,
Келтирип сөздү эми айтат:
— Аял кылбай кайтып бар,
Мен айтканды айтып бар.
Сууну аз куйса казанга,
Тузду дагы аз салсын.
Тумшугу жок балам ай,
Талканды да аз чалсын.
Казанга сууну көп куйса,
Тузду дагы көп салсын.
Ушу сөздү айтып бар
Талканды да көп чалсын.

Башкасын Чонтой унутуп,
Аз суу, аз туз—деп келет.
Кемчонтойдун кебинен,
Артынан кызык кеп келет.

«Аз туз» деп баратып,
Сууну, тузду унутуп,
«Аз түш» деп алды адашып.
Аз түш деп келе жатканын,
Адамдар калат карашып.
Зөөкүрдү шайтан кысканда,
Келе жатып жолукту,
Чеч байлап кырман сузганга.
Кырманга келип калжырап,
Айтып турду «аз түш» деп.
Кырманчы урду зөөкүрдү,
«Арзан эмес бул иш» деп,
Чебердеп таяк жебеди,
«Береке чечке» дебеди.

Келтекти мындан жеп алып,
«Береке чечке» деп алып,
Кемчонтой салды жолуна.
Келбеди иши оңуна.
Чонтойду кудай атканда,
Жана түштү капканга,
Келе жатып кез болду,
Өлүк көөмп жатканга.

Жанына келип булардын,
Таңыркап келип көп турат,
«Унутам» — деп көп айтып,
«Береке чечке» — деп турат.

Тургандар буга кырсыгып,
Кемчонтойдон чыр чыгат:
— Өзүң мында келесиң,
Өлүктү байкап көрөсүң,
Бул өлүктүн үстүнө,
Бизге каргыш бересиң.
Кепке-сөзгө келбейсиң,
«Тукумуң өссүн» — дебейсиң.

Мындан Чонтой жөнөдү,
Толуп жатат өнөрү.
Бир айтканын көп айтып,
«Тукумуң өссүн» — деп айтып,

Келе жатып Кемчонтой,
Той бергенге кез болду,
Көптүгүн көрүп бул элдин,
Эстен танып нес болду.

Башында акыл-эси жок,
Балан деп айтар сөзү жок.
Эстен танып нес болду.
— Кептин жөнү мындай — деп,
Кемчонтой айтар кези жок.

Бала көрбөй зар кылган,
Бала деп ыйлап кайгырган.
Баласыз жүргөн бир чалга,
Той берип жаткан бир жанга,
Келип Чонтой жолукту,
Жолуккан жерде оолукту,
Туюнбастан кеп айтат:
— «Тукумуң үзүл»—деп айтат.
Билбеген оң сөз соңун,
Бир айтпастан көп айтат.

Жалгыз бала көрүнүп,
Тоюн берип жатканда,
Элдин баары жыйылып,
Оюн көрүп жатканда.

— Өзүң зөөкүр зарлуусуң,
Бул не деген каргышың?
Оозуңду тыйып жүрбөйсүң,
Билбейсиң шоруң арбышын.

Бул жиндини уруш деп,
Не деп карап туруш деп,
Акылы жок зөөкүрдү,
Аябай жаза кылыш деп.

Тепе-тепке алышты,
Тепкилешип салышты.
Чонтойдун шору кайнады,
Эки көзү жайнады.

Эсер Чонтой темселеп,
Эшегин минип энтелеп,
Эл жатканда үйүнө,
Жетип барды темселеп.

Багдагүл, барса, жатыптыр,
Қарк уйкуга батыптыр,
Алды каткан жөнүктүн,
Азабы таштай катыптыр.

Келгенде Чонтой кеп айтат,
Улам-улам бек айтат.
— Эми келдим ой катын,
Эшигиң ачкын деп айтат.

Багдагүл анда кеп сурайт,
Байкайын кебин деп сурайт.
— Қатын деген сен кимсиң,
Атыңды айткын билейин,
Тааныганда өзүңдү,
Анан ачып берейин.

Чонтойду кудай курутту,
Өзүнүн атын унутту.
Жана Чонтой кеп айтат,
Жаңыртып үнүн бек айтат.
— Эриң келдим базардан,
Эшикти ачкын—деп айтат.
— Эрим болсоң атың ким?
Атыңды айткын билейин?
Қокус эрим болбосоң,
Қайдан туруп жүрөйүн.
Эсер Чонтой эси жок,
Өзүнүн атын унутту.
Чымырканып таба албайт,
Чындап кудай курутту.

Чакырып жатып чарчады,
Кемчонтой атын таппады.
Атын таппай кайгырып,
Үйүнө кирип жатпады.

## IV.

Қара жамгыр дабырап,
Қуюп турду асмандан,
Ачып кеткен ороого,
Кемчонтой кирди шашкандан.
Таң атканча күнү жаап,

Таң сүргөндө ачылды.
Тамтыгы кетип суу болду,
Ороого түшүп жашынды.

Ал-аңгыча дүбүрөп,
Ат дүбүртү угулду,
Чоочуп кетип Кемчонтой,
Ороого башын бир урду.
Ороодон турду кокоюп,
Моюнун сунуп, сокоюп,
Мааласында[1] кожо экен,
Бастырып өткөн ошо экен.
Анда кожо кеп айтат:
Балакеттүү Кемчонтой,
Балакетти баштадың.
Атым үркүп бул жерде,
Жыгылып кала таштадым.

«Кемчонтой» — деп укканда,
Жоготкон жогум таптым дейт,
Сүйүнүп кетип Кемчонтой,
— Түндөн бери таба албай,
Ороого бекер жаттым дейт.

Бүгүн конок болуп кет,
Таап бердиң жогумду,
Көрсөттүң мага сонунду.
Жибербеди чылбырлап,
Кармап алып кожону.

Кайран Чонтой шашпады,
Конгондон кожо качпады.
Атын алып түшүрүп,
Кемчонтой жолду баштады.

Ээрчитип барып кожону,
Өз үйүнө киргизди.
— Баракелде кожого,
Пайдасын мага тийгизди.
Отурбай катын тур деди,
Кожомо тамак кыл деди.
Багдагүл коркуп жиндиден,
Шайтанга болгон мингиден,

Туруп чайын кайнатып,
Тасторконун түзөттү.
Баштагыдан Багдагүл,
Кутулар жөнүн күчөттү.

— Эт, май болсо баары бар,
Издетпей үйдөн табылат.
Кожо өңдөнгөн конокту,
Көрбөсө адам сагынат.
Азиз мейман кожодой,
Анда-санда кабылат.
Мен тамакты кылайын,
Даяр кылып турайын.
Конокко кылган кызматтан,
Кантип моюн бурайын.

Аздык кылат отунуң
Отунга ылдам барып кел,
Суу эмес, кургак отундан,
Ашыкпастан алып кел.

Кемчонтой кетти отунга,
Кызматын айтып катынга.
Кемчонтойдон Багдагүл,
Кутулуунун дартында.

Эт, май үйдөн табылып,
Тамакка турду камынып.

Кемчонтой барып отунга,
Арканга бекем таңыптыр,
Келе жатат элеңдеп,
Арбын отун алыптыр.
Төш жары келген курч темир,
Багдагүл отко салыптыр.
Отко салган темирге,
Коногу айран калыптыр.
Катындан кожо сурады,
— Кабарын айтчы келиним,
Алда кандай шумдуктуу,
Отко салган темириң?
Багдагүл анда кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:

— Кемчонтой курсун кеби бар,
Кеңешип бүткөн эби бар.
Кемчонтой теги оңбогон,
Тамагы бекер болбогон.
Алдап келип далайды,
Эстен кеткис кордогон.

Аш-тамакка тойгузуп,
Нечeнди Чонтой байлаган.
Көчүккө басып темирин,
Далайдын шору кайнаган.

Кожо турду секирип,
Мурун турган шекинип,
Чыга качып эшиктен,
Келгенине өкүнүп.

Келе жатып Кемчонтой,
Кожонун көрдү качканын,
Артын карап кылчаңдап,
Корккондой болуп шашканын.

Кемчонтой кесир келгиче,
Келип үйдү көргүчө,
Аш-тамагын бекитип,
Карап турган Багдагүл.
Кемчонтойдон ар качан,
Жадап турган Багдагүл.
Кутулсам деп зөөкүрдөн,
Самап турган Багдагүл.
Багдагүл туруп кеп айтат,
Келтирип сөздү эми айтат:
— Аш-тамактан калтырбай,
Алып кетти—деп айтат.
Кожоң менен куруп кал,
Этке, майга тойгон соң,
Эч болбосо арттырып,
Анча-мынча койгон жок.

Жарты нанды жашырып,
Алып калдым мен зорго.
Бардык майды үйдөгү,
Алып кетти ал кожо.

Чакырып алып кожону,
Жакшылап туруп кеп салгын,
Майда сенин акың көп,
Матырып нанды жеп калгын.
Багдагулдөн Кемчонтой,
Нанды алды колуна,
Кожокелеп чакырып,
Коноктун түштү соңуна.
Чонтойдун үнүн укканда,
Кайрылып кожо караса,
Кемчонтой нанын көрсөтөт,
Сонун кызык тамаша.
— Бул нанымды кожоке,
Матырып майга салайын,
Анан кийин өзүң ал,
Нанымды малып калайын.

Тентек Чонтой тим турбай,
Темирин алып келет деп,
Артына басса темирин,
Көчөдө кожо өлөт деп.
Качып калды турбастан,
Артына кылчаң кылбастан,
Үйүнө барды темселеп,
Артка моюн бурбастан.
Катын чык үйдөн бат деди,
Жашырып мени кат деди.
Үйүнө барды темселеп,
Кожо калды жашынып.
Кемчонтой андан адашып,
Тентип кетип жоголду,
Эшегинен айрылып,
Канчалык болду коромжу.
Акыл, эси болбогон,
Башына тиет кесири.
Көргөн менен пайда жок,
Көзүң тамдын тешиги.
Акыл менен иш кылат,
Адамдардын жетиги.
Эмгек болот өмүрдө,
Адамдардын кесиби.

## ЖАҢЫЛ МЫРЗА[46]

Эртегинин жомогу,
Эми келди оролу,
Аялдан Жаңыл мырзаны,
Айтсам эби болобу?
Байыркынын жомогу,
Баштасам келер оролу.
Баатырлыгы артык кыз,
Байкатсам жөнү болобу?
Кыздан чыккан тынары,
Кызматын кыса[1] кылалы.
Аялдан чыккан тынары,
Ачылат адам кумары.
Кагазга Жаңыл жазылбай,
Калбасын деп бу дагы.
Акын молдо Байымбет,
Айткым келди азыраак.
Жаңылдын кылган өнөрү,
Жайылсын калкка чачырап.
Эл оозунда жүргөн сөз,
Эми чыкты шатырап.
Атагы дайын Жаңылдын,
Ата журту Нойгут дейт.
Атасынын өз аты,
Нойгуттан чыккан Койгут дейт.
Лоп дайрадан туулган,
Жүргөн жери чуулган.
Кара калмак каңгайдын,
Калкын бөйдөй куурган.

. . . . . . . . . . . .

Асынганы саадак ок,
Аялдан чыккан бул бир шок.
Колок[2] атып, жаа тартса,
Аялда мындай баатыр жок.
Алты шаар, Кашкарда,
Элинин баары баш камда.
Эртегинин сөздөрүн,
Эрикпеймин жазганга.

---

[1] *кыса* — казал кылалы.
[2] *Колок* — жаанын огу.

Койгуттун кызы Жаңылды,
Кошмок болдум дастанга.
Айтсам келер оролу,
Аялдан чыккан арстанга.
Асили Нойгут кыргыздан,
Артык чолпон жылдыздан.
Кызда болсо Нойгуттун,
Намысына тырышкан.
Кара калмак уругу,
Алтай тоодо туругу,
Алты шаарга жолобой,
Качып жаткан бир кыздан.
Алты шаарды жердеген,
Адамга намыс бербеген.
Эрегишип Жаңылды
Эрлерден эч ким жеңбеген.
Каары келген душманга,
Кайраты тууп төлдөгөн.
Кармаша кеткен эр болсо,
Кайрылып үйүн көрбөгөн.
Алты шаар, Кашкарда,
Аксы менен Турпанда,
Кара шаар, Камбылда,
Жеркен менен Котондо,
Жергеси менен көп Нойгут,
Жердеп турган ошондо.
Атпай Нойгут тукуму,
Лоп дайрада турулган.
Лоп дайранын боюнда,
Оён Жаңыл туулган.
Ок, саадак атып ойногон.
Басташып келген эр болсо,
Баатыр кыздан сойлогон.
Кылычын кыя байланган,
Алтайдын тоосун айланган,
Атасы Койгут, өзү кыз,
Атышкан жоосун жайлаган.
Саадагын сая байланган,
Алты шаарды айланган,
Жоо бөрүсү баатыр кыз,
Жоо жарагын шайланган.
Аламын деп Жаңылды,

Алда канча жан келген.
Калмак менен кыргыздан,
Калк бийлеген хан келген.
Эл бийлеген эр келген,
Эрегиш кылып шер келген.
Бел байлаган бек келген,
Беттешип мыкты көп келген.
Барына Жаңыл тийбеген,
Басташкан эрди сүйбөгөн.
Саадагы колдо турганда,
Салышпай Жаңыл жүрбөгөн.
Жаңылды жеңип алсак деп,
Канча баатыр дүрбөгөн.
Каарынан корккондон,
Кандардын баары сүрдөгөн.
Акылы толук баатыр кыз,
Азгырган сөзгө кирбеген.
Атышып жеңип албаса,
Мени ала койчу ким деген.
Кыргыздын чоңун кыйраткан,
Кыйла жанды ыйлаткан
Колок менен сулаткан,
Аткан жерде кулаткан.
Калмактын чоңун какшаткан,
Казактын чоңун аксаткан.
Ургаачынын жолборсу,
Улуктун баарын бастаткан.
Кашкардын каны Кантурсун,
Көпкөндүктөн катылган.
Ажалы жеткен Турсундун,
Аялдан чыккан баатырдан.
Жаңылды алам деп келип,
Ажал окко чатылган.
Колу тийип Жаңылдын,
Колок менен атылган.
Казынасы таланып,
Канчалык мүлкү чачылган.
Жарадар болгон эчен жан,
Жаңыл мырза баатырдан.
Кашкарга Турсун хан эле,
Тарлан боз атын идерип,

Арага жуучу жиберип,
Алсам деп калды хан Турсун,
Баатыр кызды имерип:
—Атың Жаңыл мырза—деп,
Мырза кыз сөзгө турса деп,
Алайын деген оюм бар,
Анык жооп кылса деп,
Так өтпөйсүң дүйнөдөн,
Акыры эрге тиесиң,
Эсиң болсо өзүңдө.
Эр кадырын билесиң.
Эрге тийбейм дегениң,
Эсирип жүргөн мүнөзүң.
Эс акылың бар болсо,
Мен айткан сөзгө киресиң.
Анда Жаңыл кеп айтат.
Кеп айтканда бек айтат:
— Жеңип мени алчууну
Көрө элекмин—деп айтат.
Кашкардын ханы хан Турсун,
Каарына кандай жан турсун?
Карындашын алам деп,
Хан Турсун, сени ант урсун.
Саадагын колго имерип,
Долу кара атын идерип,
Козголоң баштап Жаңыл кыз,
Кологун атып жиберип.
Уруш-чабыш кылбастан,
Акылын таап бир баштан,
Колок менен жайлады,
Жазганып Жаңыл турбастан.
Берендиги кармады,
Беттешкен жерде жайлады.
Колуна саадак кармады,
Колок менен жайлады.
Кашкардын ханы Турсунду,
«Акыретке» айдады.
Жибербей акыл тузагы,
Хан Турсундай канчаны,
Алам деп келген Жаңылды,
Турсундун шору кайнады.

Хан Турсундай канчаны,
Жаңыл мырза жайлады.
Долу кара атын каргытып,
Саадактын огун арбытып,
Хан Турсунду сойду деп,
Кашкардын калкын дарбытып.
Жаңылдын кылган адаты,
Көрүп келген адам жок,
Көпчүлүк айткан санаты.
Боло калбас калети.
Аз аңгеме айтайын,
Мырза Жаңыл өнөрүн,
Аялда болсо Жаңыл кыз,
Ойго албаган өлөрүн.
Асманга калпак ыргытып,
Түшүрбөй жерге жүз атат,
Калбыр кылат калпакты,
Эрегишкен эрлерден,
Канчаны Жаңыл чарчатты.
Жааны чоюп асманга,
Колоктун бирин атканда,
Кайрылып колок түшкөнчө,
Аркасынан жана атып,
Асманга окту тургузуп,
Майдалап салган колокту.
Ким көргөн мындай домокту?
Карылар айткан сөзү экен,
Калк ичинде жомокту.
Өзү эркек борумдуу,
Кылган иши оруңдуу.
Өпкө[1] кызыл, оңмо эмес,
Өзү окуган молдо эмес.
Кошомат айтып бирөөгө,
Кош сөз айткан жорго эмес.
Ылжыраган сары эмес,
Эркекче жүрүш ар эмес.
Түрү суук кара эмес,
Түрлөнбөй жүрчү жан эмес.
Буудай өңдүү кер сары,

---

[1] *Өпкө кызыл* — ачык кызыл эмес деген мааниде.

Заары бар бетинде,
Шам жаккандай кып-кызыл,
Жалыны бар көзүндө.
Адамдын мизин кайтарган,
Айбаты бар сөзүндө.
Атка чыйрак чабендес,
Ителгидей кара көз,
Качпай жүрүп качырат,
Канчалык душман келсе да,
Саадагы даяр боюнда.
Жаа тартканы жандан тез,
Кабарын угуп калыстан,
Атагын угуп алыстан,
Алабыз деп Жаңылды,
Нечен баатыр сабылды.
Кайраты кабат Жаңылдан,
Канчанын башы чабылды.
Анжыяндын жеринен,
Адигиненин элинен,
Жаазынын жайык белинен,
Анжыян менен Арканын,
Атагы дайым чегинен,
Үлбүрчөк, Бургуй атанып,
Баатырлыкты жат алып,
Көөп турган кезинде,
Учурады кесирге.
Жаңыл кызды алам деп,
Кеткен жок, булар эсинде.
Алабыз деп Жаңылды,
Аттанууга камынды.
Азамат эрлер кыз үчүн,
Ажалга келип кабылды.
Аттанып чыгып жол алып,
Анча-мынча кол алып,
Ала-Тоону аралап,
Басып өттү Кашкарды,
Аралап өттү Аксыны,
Торчуп өттү Турпанды,
Марал башы оюнда,
Лоп дайранын боюнда,
Ойноп жаткан Жаңылга,

Үлбүрчөк, Бургуй эки эр,
Өзү келип катылды.
Баатырлыгын өлчөбөй,
Балекетке чатылды.
Жаңыл да карап турган жок,
Жалынып сөздү урган жок.
Кайратты кабат чоң кылып,
Качып моюн бурган жок.
Саадактын огун жаадырып,
Салышып чыкты турбастан,
Балакеттүү баатыр кыз,
Басташып чыкты бир баштан.
Колок атып, жаа тартып,
Майданга кирди турбастан,
Үлбүрчөк, Бургуй эки эр,
Аянбай бу да салышты.
Жаңыл кызга бет алып,
Жазганбай кирип барышты.
Үлбүрчөк менен Бургуйду,
Жаңыл мырза жайлады.
Саадактын огу зыркырап,
Кан төгүлүп шыркырап,
Кара жан кетти чыркырап,
Калганы ыйлап буркурап.

## ҮЛБҮРЧӨК МЕНЕН БУРГУЙДУН КАТЫНЫНЫН КОШОГУ

Салганың калды
Сарала кыргый,
Алганың калды—
— Келинчек, Бургуй.
Минген атың
Чал кашка жорго,
Жорголой албай—
Бир таман жолго.
Салып бардың —
Жасалуу колго,
Түшүп калдың
Жайылуу торго.
Не катылдың

Өзүңдөн зорго
Минген атың—
Көк кашка жорго,
Көрүнөө бардың—
Жасалуу колго.
Чалынып калдың, жайылуу торго
Түшүп калдың—
Казылган орго.
Не катылдың—
Өзүңдөн зорго?
Алам деп бардың Жаңылды,
Жаңылдан мээнет жабылды.
Канетейин арман күч,
Алганың ыйлап зарылды.
Адигине эл калды,
Ашуулу жазы бел калды,
Үлбүрчөк, Бургуй аталып,
Жердеген жазы жер калды.
Жайлоочу элең Арпага,
Татуучу элең канчага,
Топурак Лоптон буюруп,
Кайтпадың кайтып Аркага.
Карабет кызга катылдың,
Каргашага чатылдың.
Үлбүрчөк, Бургуй эки эрдин
Жаңылдан болду катары.
Жарашпады сапары,
Асыл туйгун эки эрдин,
Айтылып калды макалы.
Анжыян, Арка арасы,
Жалпы жердин сарасы.
Үлбүрчөк, Бургуй аталып,
Эки жайлоо төр турат,
Жыланач-Чытты белинде,
Атагы дайын жер турат.
Ошо төрдөн шаркырап,
Эки булак суу агат,
Үлбүрчөк, Бургуй аталат.
Муну мындай коюңар,
Ар демеден ою бар,
Үчүкө менен Түлкүнүн,

Кабарынан болуңар.
Асылы түбү сарбагыш,
Айтылат сөзү чын калыс.
Түбү келет далайдан,
Агул, Кубул, Тагайдан,
Орун алып турчу экен,
Ала-Тоо менен Алайдан.
Кылжырдын аты Сарбагыш,
Өңү сары, мойну ийри,
Кылжыр деп атак алыптыр,
Дөөлөс деген бир уулу,
Сарбагыш атак алыптыр.
Дөөлөстөн болгон төрт бала,
Токо, Жантай, Таздар дейт.
Эң кичүүсү Манап дейт,
Токо, Манап чоң болуп,
Журтка бүлүк салган дейт.
Түтүнгө асый алган дейт,
Азапка элди салган дейт.
Алман алып, эл жемек,
Манаптан нуска калган дейт.
Манаптын болгон балдары,
Сарысейит, Тугур дейт.
Сарысейит балдары —
Үчүкө, Түлкү эки хан,
Үчүнчүсү Кудаян,
Үчүкө, Түлкү, Кудаян,
Үч ага, ини бир тууган.
Кашкардагы Жаңылдын
Кабары буга угулган.
Нойгуттан бир кыз чыкты деп,
Далай эрди жыкты деп,
Кара калмак, кашкарлык,
Жаңылдан коркуп ыкты деп.
Кыйла чабал домогу,
Кыз да болсо мыкты деп,
Бул кабарды укканда,
Жаңылдын даңкы чыкканда,
Жаңылды барып алмак деп,
Нойгутка бүлүк салмак деп,
Арбын кошуун кол менен,

Айлына баса бармак—деп,
Аялдан корккон болобу,
Корккон адам оңобу?
Ал кара бет Жаңылдын,
Арбып барат домогу.
Түлкү мырза Жаңылды,
Алмак болуп жөнөдү.
Лоп дайрада Нойгутка
Бармак болуп жөнөдү.
Кошуунду арбын мол алды,
Миң чамалуу кол алды.
Оендор сапар кылууга,
Лоп дайрага жол алды.
Каркап[1] бир миң кол жүрүп,
Саналуу бир миң жол жүрүп,
Лоп дайранын оюнан,
Аккан суунун боюнан,
Койгуттун алды жылкысын,
Нойгуттун ачты уйкусун.
Кошуундун баарын күлдүрүп,
Жылкысын алып бүлдүрүп,
Айдап жолго салыптыр,
Арбын жылкы алыптыр.
Үчүкө, Түлкү жылкыны,
Кең-Какшаалды өрдөтүп,
Жылкыны жолго салыптыр.
Бул арада Жаңылга,
Жылкыны алып кетти деп,
Жаңыдан кабар барыптыр.
Жаңыл угуп козголуп,
Тура албады токтолуп,
Кой күрөң атын каргытып,
Аңгемени арбытып:
— Идерлүү жигит, күлүк ат,
Бириң калбай аттан—деп,
Элдин баарын дарбытып,
Саадагын сая байланып,
Жоо жарагын шайланып.
Атамдын аты Койгут деп,

[1] *Каркап* — көп деген мааниде.

Ата-журтум Нойгут деп,
Түлкү менен Үчүкө,
Эркексинип булар—деп,
Эрдемсип жүрөт куулар — деп,
Нойгуттар атка мингин деп,
Жалпы тамам жүргүн деп,
Жөнөп калды турбастан,
Аттын башын бурбастан.
Жалпы Нойгут жан калбай,
Аттанып калды баарысы,
Бири да моюн бурбастан.
Жаңылын салып алдына,
Нойгуттун колу жөнөдү,
Толуп жаткан Жаңылдын,
Кыла турган өнөрү.
Үчүкө, Түлкү жылкы айдап,
Жаңыл үчүн бел байлап,
Алды, артынан жол чардап,
Марал, Токой, Ийри-Жар,
Баса конуп алышты.
Кош башына бир бээден,
Ай туяк деп чалышты.
Келер Жаңыл турбас деп,
Кеңешти кылып алышты.
Ал аңгыча күн батты,
Эр отту жагып салышты.
Келсе Жаңыл алыш деп,
Эрдемсиген Жаңылды,
Элге алып барыш—деп,
Тамашага батканда,
Жаңыл мырза келиптир,
Үчүкө менен Түлкүнүн,
Экөөнү бирдей көрүптүр.
Үчүкө, Түлкү эгиз эр.
Экөө тең баатыр жан экен,
Кордоп болбойт адамды,
Айтканынча бар экен.
Качырганын кайсаган
Кара чаар шер экен.
Ыгы келсе бирөөнө,
Тийип алчуу эр экен.

Ийри жардын үстүндө,
Сынап Жаңыл олтурду,
Сымбаттуу Түлкү баатырды,
Сынап сынга толтурду.
Ал аңгыча кер тайган,
Жойлоп жетип барыптыр,
Кер тайгандын келгенин,
Үчүкө көрө алыптыр.
—Тайганы келди канчыктын,
Өзү да келип калган бейм.
Сыртыңдан чалгын чалган бейм,
Сыпатың байкап алган бейм.
Ат-атыңа камын деп,
Келген экен Жаңыл—деп,
Үчүкө айтып салыптыр.
«Канчык» деген бир сөздү,
Жаңыл каршы алыптыр.
«Үчүкө сөзүн танбайт—деп,
Түлкү мени албайт—деп,
Алса дагы Жаңылдын,
Канчык аты калбайт»—деп,
Жааны чоюп келтирип,
Тиер жерин өлтүрүп,
Үчүкөнү бүктөдү,
Түлкүнү жайлап таштады.
Талыкпаган Жаңыл кыз,
Тамашаны баштады,
Атакозу, Чабагы,
Ыргып туруп ордунан,
Эмне болуп кетти деп,
Башын өөдө көтөрүп,
Жөлөп калды а, дагы.
Жаңыл мырза турбастан,
Башка кепти урбастан,
Атакозу, Чабакты,
Колок менен келтирип,
Аны да жайлап таштады.
Талыкпаган кара бет,
Тамашаны баштады.
Башка колго тийбестен,
Жылкысын ·алып колуна,

Кайра түштү жолуна.
Баштан аяк кулак сал,
Байкаңар сөздүн соңуна.
Үчүкө менен Түлкүнүн,
Келбеди иши оңуна,
Жаңылдын түштү торуна.
Тагайдан барган миң кошуун,
Үчүкө менен Түлкүнү,
Кара жерди оюшуп,
Кадимкидей коюшуп,
Тарап кайтты элине.
Ала-Тоонун чегине,
Сарысейит баатырдын,
Кулак салгыла кебине.
Атакозу, Чабактын,
Атап кой ата тегине.
Асылы саяк Кабадан,
Айрылып чыккан агадан,
Шыкмаматтын бир уулу,
Бөлөкбай менен Бөөбүй дейт,
Бөлөкбай калып саякта,
Башчысынан айрылып,
Бөөбүй жүрөт таякта.
Сарбагыштын ичинде,
Бөөбүй кетти таралып.
Башчысынан айрылып,
Баштарын катып, жан багып,
Үчүкө, Түлкү өлгөнүн,
Жаңылдан жабыр көргөнүн,
Жалпы кошуун кор болуп,
Жабыр тартып келгенин,
Калк жыйылып уктурду,
Сарысейит баатырга
Ташка тамга баскандай,
Сөзү калды акырга.
Армандуу менин балдарым,
Алдырды деп катынга.
Үчүкө, Түлкү кулунум,
Убайым көрбөй курудум.
Артында калып балдардын,

Арманым айтып, улудум.
Қозу, Чабак арстаным,
Атанын ордун басканым,
Асылдардан айрылып,
Арманым айтып какшадым.
Парбардигер кудайга,
Бар бекен менин жазганым.
Өкүргөн үнү басылбай,
Өксөп жатты бир далай.
Қапалыгы басылбай,
Қакшады Сейит бир далай.
Угузуп келген калың журт,
Баарысы ыйлап буркурап,
Басылбастан чуркурап.
Сарысейит абаңыз,
Үнүн баспайт зыркырап.
Қой деп коёр эч жан жок,
Турбай жатып ыйлады,—
Қары Сейит ошондо,
Қара жанын кыйнады.
Байбичеси Сейиттин,
Басып келди кашына:
—Қапа болбо, Сейитим,
Қайрат кылгын жашына,
Үч балаңдын тынары,
Тукум болот булары.
Қутуруп түшкөн курсактан,
Қан уучтап түшкөн карындан,
Қудаян деген балаң бар,
Артыңда болоор караан бар,
Ушуга кайрат кылгын деп,
Үчүкөнүн үч уулу,
Бир Үчүкө болбойбу,
Бири Түлкү болбойбу.
Бири ашык турбайбы,
Қубат, күчүң кетирбей,
Сарысейит абышка,
Буга шүгүр кылбайбы.
Түлкүдөн Тынай турбайбы,
Түбүндө санаа тынбайбы,

Түлкүдөн калган бир тукум,
Бу да туяк турбайбы.
Көп ыйлаба, абышка,
Сөзүңдү сынат калыска.
Көп күйбөгүн отко деп,
Сабыр кыл байым, токто деп.
Ишеничтүү иш кылып,
Иштин артын сокто—деп,
Байбичеси айткан соң,
Сарысейит басылды.
Капалыгы жазылды,
Кайгырган көөнү ачылды.
Кабар айтып кат берип,
Казактан бери чакырды.
Жайлоо каркап толгондо,
Ат кара тил болгондо,
Кабар салды ханына,
Казак, кыргыз баарына:
«Сарысейит балдары,
Нойгуттан барып өлдү деп,
Жаңыл кыз муну жеңди деп,
Жанындагы кошууну,
Томсоруп ыйлап келди деп,
Казактардын хан Тооке, —
Баарыбызга калыс деп,
Мунун кунун куубасак,
Баарыбызга намыс деп.
Барар жолу алыс деп,
Барып намыс алыш деп,
Баарыбызга кордук деп,
Нойгуттун кылган бул иши,
Хан Тоокеси баш болуп,
Казактан келди миң киши.
Кара кырчын туругу,
Хан Шырдакбек улугу:
Карабагыш хан Төлөк,
Калматай деген карысы,
Жалпы журттун калысы,
Кара Тейит калкынан,
Хан Тейиштин балдары,
Ак Кочкор, Каңкы баарысы,
Анжыянда туругу,

Адигине урүгу.
Тилекенин сегизбек,
Кабар барып далайдан,
Алар келди Алайдан,
Наркы атасы Курманбек,
Өз атасы Сейитбек,
Анын уулу Шырдакбек,
Казак, кыргыз калкына,
Кабар салып жалпына.

. . . . . . . . . . . .

Чыйраксынган Жаңылдын,
Түшмөк болду артына
Калың кошуун кол менен,
Какшаалга барчуу жол менен.
Бара турсун хан Шырдак,
Арбын чогуу кол менен.
Кара кырчын боюнда,
Ар деме бар оюнда,
Өң мыктылар чогулуп,
Сөзгө кирди ушунда.
Хан Тоокеси сөз баштап,
Кеп баштаса деп баштап:
«Алты шаар, Кашкар оюнда,
Лоп дайранын боюнда,
Калың Нойгут элинен,
Кесирлүү кыз чыкты дейт,
Кездешкендин баарысын,
Курдумга[1] башын тыкты дейт.
Төрт оёнду сойду дейт,
Сомдоп таштап койду дейт.
Казак, кыргыз балдары,
Ар шайманды камдагын,
Идерлүү жигит, азамат,
Бул намыстан калбагын.
Кабар салып келүүгө,
Бир азамат камдангын.
Өлбөй адам калабы,
Жайлап турса төрт эрди,

. . . . . . . . . . .

Адамда тукум калабы.

---

[1] *Курдумга* — суунун айлампасы.

Буга намыс кылбасак,
Нойгутту жеңип тынбасак,
Бул кара бет Жаңылды,
Казанчы күң кылбасак,
Чыдабадым балдарым,
Бул Жаңылдын дартына,
Бир кызга тең болбойт деп,
Жаман атак калбайбы...
Казак, кыргыз артыңа.
Кеп-кеңешиң бүтүргүн,
Тез камынып күтүнгүн.
Казак, кыргыз элиңден,

. . . . . . . . . .

Бир азамат кабар ал,
Кашкарда Нойгут элинен.
Ат жакшысын тандап мин,
Тон жакшысын ылгап кий,
Барып кабар алып кел,
Нойгуттун элин чалып кел,
Угуп сөзгө канып кел.
Азамат жигит бел байлап,
Анык кабар алып кел!»
Хан Шырдак туруп камынып,
Кайыптан кеңеш табылып,
Тейиштин уулу Аккочкор,
Чалгынга барсын деп айтып,
Эрегиш кылып кыз үчүн,
Элге-журтка эп айтып,
Боз жоргону мингизди,
Борумдуу тондон кийгизди.
Боз жоргонун жоругун,
Бүтүн айтып билгизди.
Шашке ченде жөнөдү,
Байкагын буудан өнөрүн,
Эртеңки күнү шашкеде,
Анык кайра келерин.
Айткан сөзүм кармагын,
Шашкеден түк да калбагын.
Масилет кылып олтуруп,
Сынчылар сынап болтуруп,
Ал кабылан баланы
Көңүлүнө толтуруп,

Баатыр Кочкор балага,
Шырдакбек эми кеп айтат:
Астындагы жоргого,
Этиет болгун деп айтат.
Тегин жылкы ал эмес,
Жылкыдан туулган мал эмес,
Кайыптан туулган канаттуу,
Чарчабаган боз жорго,
Чаалыкпаган адаттуу.
Дем алдырган жеринде,
Абыдан орун жайлагын,
Каңтарып аса байлагын.
Суутун жакшы кандыргын,
Көк шиберге чалдыргын.
Суугандагы белгиси,
Салып коёт боз жорго,
Колтугунда канатын.
Кайра тартып алганда
Канатынан үн чыгат,
Окуранып унчугат.
Ошондо жорго сууганы,
Окуранып өзүңө,
Кабар кылып турганы.
Аябай чөптү чалдыр деп,
Сууга абдан кандыр деп
Эсине албай бөлөктү,
Эр Аккочкор өнөктү.
Бата берип бардыгы,
Нойгутту көздөй жөнөттү.
Боз жоргону каргытып,
Аңгемени арбытып,
Бара турсун Аккочкор,
Капкалуу Кашкар жерине,
Калың Нойгут элине.
Эми кулак салыңар,
Жаңыл кыздын кебине.
Кыздан чыккан бир баатыр,
Кылыгын айтар кеп жатыр.
Лоп дайрада туулган.
Ойротко салган чуулган.
Кашкар чекте туулган,
Калмакка салган чуулган.

Кабылан билек, таш жүрөк,
Арстандан кыйын Жаңыл кыз,
Ургаачынын шери бул,
Лоп дайрада туулуп,
Орун алган жери бул.
Баатырлардын эсеби,
Салкындап жайлоо чыгууга.
Жайлоого көчкөн кезеги.
Жайлоо мезгил болгондо,
Көп Нойгутун самсытып,
Кулансарык, Сапарбай,
Курчап келип конгондо,
Аккочкор баатыр барыптыр,
Аңгемени салыптыр.
Аралап жүрүп бар жерин,
Баарын чардап алыптыр.
Кабылан Кочкор жаш бала,
Бешим маал болгондо,
Кайра жолго салыптыр.
Күүгүм кире, күн бата,
Эки арал суу саяңга,
Келип жатып калыптыр.
Айтылуу буудан боз жорго,
Абыдан сууту кансын деп,
Аса байлап салыптыр.
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык киргенде,
Отко коюп олтуруп,
Таз кардын чөпкө толтуруп,
Боз жоргону миниптир,
Аккочкор жолго кириптир.
Аркыратып жоргону,
Чүйдү көздөй жүрүптүр.
Күн чачырап толгондо,
Шашке маал болгондо,
Тооке хан, Шырдактын,
Тобуна барып кириптир.
Хан Тооке менен Шырдакбек,
Чалгынчыбыз келди деп,
Чардап жерин көрдү деп,
Тоорулчубуз келди деп,
Толук кабар берди деп,

Аккочкордон кеп угуп,
Аңгемесин көп угуп,
Нойгуттун калкы жайлоого,
Келген экен деп угуп.
Эч ким менен иши жок,
Каршы чыккан киши жок.
Тамашага батыптыр.
Туйгун жаткан кезинде,
Ылдам барып катылсак,
Тууттан калган кесирге,
Эрге тийбей олтуруп,
Эмгекке калган жесирге.
Аккочкор айтып салыптыр,
Хандар кабыл алыптыр.
Сары өзөн Чүйдүн оюнан,
Кара кырчын боюнан,
Апыл-тапыл ат токуп,
Ат токуса бат токуп,
Аңгемени салышып,
Айтуяктан келтирип,
Ак боз бээ чалышып,
Асаба желек калкылдап,
Айчыктуу туулар жаркылдап,
Желегин жерге урушуп,
Жерге тартып турушуп,
Алакан ачып, кол жайып,
Батаны мыктап кылышып,
Калың кыпчак озунуп,
Хан Шырдак колду баштады.
Акылынан шашпады.
Анын арка жагынан,
Азамат эрдин багынан,
Казак, кыргыз аралаш,
Түрүлүп кошуун жөнөдү.
Тооке, Шырдак, Төлөктүн,
Толуп жатат өнөрү.
Бет алып чыкты Какшаалды,
Тооке, Шырдак, Төлөктүн,
Алдына адам тура албай,
Айбатынан жазганды.
Азгана эмес, мол жүрүп,
Арбын черүүн кол жүрүп,

Аксайга барып жатышты;
Санаты беш күн жол жүрүп,
Аксайга жатып калышты,
Ат өргүтүп алышты.
Эми Тооке кеп айтат,
Азаматтар деп айтат:
Төлөк, Шырдак иним деп.
Айткан сөзүм билгин деп,
Туйгун жатып алчу эмес,
Кабар укпай калчу эмес.
Акылга дыйкан мыктыңдан,
Айткан кеби ыктуудан,
Сан колго кирсе аралап,
Душманга сыр алдырбай,
Жайын байкап чыкчуудан,
Эки азамат даярдап,
Жайсыз кийим кийгизгин,
Жапыс атты мингизгин,
Жайын байкап келүүгө,
Жашырын элчи киргизгин.
— «Макул болот баатыр —деп,
Бул айтканың акыл — деп,
Эл ичинен кыбалап,
Эр жигиттен тандады,
Эптүү жигит камдады:
«Жок караган өңдөнүп,
Жолборсторум, барып кел,
Жолу каткан Нойгуттан,
Анык кабар алып кел.
Картаң кызды көрүп кел.
Журт үчүн кылган бир кызмат,
Ажал жетсе өлүп кел.
Жай баракат шашпай кел,
Барган жолдон жазбай кел.
Тууттан калган карыны,
Ыраңы суук сарыны,
Эрден калган карыны,
Эмгек тарткан сарыны,
Анык сырын билип кел,
Айбыкпастан кирип кел.
Азаматтар барып кел,

Анык кабар алып кел!
Аралап кирип Нойгуттан,
Ашкере кабар чалып кел».
Эки азамат аттанып,
Жолго түшүп шаттанып,
Жетип барды кидирбей,
Эч бир сырын билдирбей,
Аралап кирип алышты,
Айбыкпастан барышты.
Аңгемени салышты.
Кең Кашкардын оюу экен,
Кулансарык, Сапарбай,
Какшаал дайра бою экен.
Жаңыл кыз элин чогултуп,
Үлүш берген тою экен.
Аттарды чапа байлашып,
Отурар жерин жайлашып,
Кеңештерин болтурду,
Экөө бери бөлүнүп,
Билинбестен олтурду.
Айтып сөзүн туйдуруп,
Колуна суу куйдуруп,
Аземин журттан арттырып,
Элге табак тарттырып,
Буудай өңдүү ак куба,
Сулуу кара ат минген,
Башына кундуз бөрк кийген,
Саадагын сая байланган,
Бар шайманын шайланган,
Келип калды бир жигит,
Элдин баарын башкарат,
Эл ийменип жазганат.
Ургаачыдай түрү бар,
Айбаттуу заар сүрү бар.
Барган жигит бирөөдөн,
Тиги киши ким деди,
Ким экенин билбеди.
Чабак десек жаяндай,
Эркек десек аялдай.
Сураган киши деп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:

Сен кайдан келген адамсың?
Акылың жок жамансың.
Үлүш берген көп калкка,
Жаңыл мырза ушу деп,
Калың Нойгут ичинде,
Койгуттун эр кызы деп,
Турган жери Какшаал деп,
Ургаачыдан Жаңылдын,
Урматы артык арстан деп,
Кемчатын кийип башына,
Жолборстугун карматып,
Жолдош алып кашына,
Жаңыл мырза ушул деп,
Ал киши айтып токтоду.
Баатырдын эми өзүнө,
Үндөгөн адам жок болду.
Аземин артык арттырып,
Эки адамга бир табак,
Алып келип тарттырып,
Жансыз барган эки адам,
Элдин жайын билүүгө,
Ченчи барган эки адам,
Билип жайын озунду,
Бирине-бири кошулду.
Тамашаны көрдүк деп,
Тамакты бирге жейлик деп,
Мейиз кошуп аралаш,
Палоо кылган күрүчү,
Ашып турган кези экен,
Жаңыл кыздын жүрүшү.
Күрүчкө баскан эти бар,
Кызда болсом эркектен,
Ашыкмын деген ниети бар.
Этин тартып болгондо,
Тартууну байкап өткөрүп,
Эт, күрүчүн көтөрүп,
Элинен келген шайланып,
Эт, күрүчүн ал жерде,
Чаначка салып байланып;
«Хандар бизге кеп айтар,
Белги албай биз барсак,

Барбай келдиң деп айтар».
Аттарына миништи,
Кайта жолго киришти.
Тооке хан менен Төлөк хан,
Хан Шырдакка барышты.
Жаңылга барган ченчини,
Хандар кепке алышты.
— Билип, көрдүк Жаңылды,
Баатырлык кетпейт оюнан,
Ала келдик шыбага,
Үлүш берген тоюнан. —
Эт, күрүчүн алышып,
Бир табакка салышып.
Хандардын койду алдына.
— Бар белгибиз ушу деп,
Көпкөн экен кутуруп,
Нойгуттун кары кызы деп,
Эч жеринде кеми жок,
Эрдигинде чени жок.
Кыз да болсо Жаңылды,
Адамга өлчөөр теңи жок.
Адамдан башка баатыр кыз,
Түрүн көрсөң жигиттей,
Жарыбаган жаакыр кыз,
Кыздын жайы ушу деп,
Кылбайлык буга кусур — деп,
Баргандар айтып токтоду,
Масылат кеби чук болду.
Баргандан угуп кабарын,
Эми Шырдак октолду:
«— Карыш турган Нойгутка,
Барбай кантип кетебиз?
Кара бет кыз Жаңылды.
Албай кантип кетебиз?» —
Шырдак айтып турганда,
Ушу кепти укканда.
Калкына карап деп айтат:
«Мен бийлеген кеп болсо,
Баары журтка эп болсо,
Акыл менен баралы,
Амал менен алалы.

Көп Нойгуттун жылкысын,
Айдап жолго салалы.
Жылкысын айдап алган соң,
Жаңыл карап турчу эмес,
Баатырсыган кара бет,
—Башка сөздөн урчу эмес.
Акыл менен баруучу,
Жылкыны тийип алган соң,
Салкар[1] жолго салуучу.
Азамат эрлер жам болуп,
Буйткага туруп калуучу.
Ал кара бет Жаңылды,
Өткөрүп ийип жол менен
Артынан келип алуучу»...
Тейиштин уулу Аккочкор,
Балбандыгы бар экен,
Башкача баатыр жан экен:
«Боз жоргону мин» — деди,
«Жан аябай кир» — деди.
«Жаңыл кыйып өткөндө,
Ийменбестен кир» — деди.
«Ылаачындай ил» — деди.
Апыл-гапыл камынып,
Аттанды колдун барысы.
Карабагыш, хан Төлөк
Казактын ханы Тооке да,
Калк башкарган хан Шырдак,
Кашында турган эл курдап.
Колду баштап жөнөдү,
Айгайлаган чуу менен,
Ала байрак туу менен,
Аксайдан жөнөп калышты,
Айдың жолго салышты.
Жол кармаган тилчисин,
Жолдон кармап алышты.
Камсыз жаткан Жаңылга,
Калың кошуун барышты.
Түрүлгөн кошуун мол барып,
Бейкут жаткан Жаңылдын,
Жылкысын тийип алышты.

---

[1] *Салкар* — Чоң жол

Жылкы тийип колуна,
Шырдакбек түштү жолуна.
Байкаңар сөздүн соңуна.
«Жылкыны алып кетти — деп,
Түпкө Шырдак жетти — деп,
Жетпегенде нетти? — деп.
Кароолду жакшы койбостон,
Бейкамдык бизден өттү» — деп,
Жоо жарагын шайланып,
Аленгир[1] жаасын асынып,
Кылычын кыя байланып,
Кыздан чыккан кабылан,
Кара атын минип каргытып,
Калкынын баарын дарбытып,
Аңгемесин арбытып,
Артынан түштү Шырдактын,
Аянбаган чыйрактын.
— Аз эмес, арбын мол болсо,
Сандуу түмөн кол болсо,
Бүгүнкү күндүн өзүндө,
Кара долу бууданым,
Сени абдан сынайын.
Калабалуу Шырдакты,
Кайсап жаным тынайын.
Атпай Нойгут — калың журт,
Айтканыма көнгүн—деп,
Азамат жигит, бел байлап,
Артымдан калбай келгин! — деп.
Калабалуу Шырдакка,
Катылбай деги койбоймун,
Мага караан болуп бергин!— деп,
Кара долу бууданын
Каргытып Жаңыл жөнөдү.
«Калкын баштап келгендер —
Хан Шырдак менен Төлөгү.
Карыясы Калматай,
Хан Тооке экен жөлөгү.
Тартынбаймын барганга,
Талап жылкым алганга,
Намыс келет өзүмө,

[1] *Аленгир* — алек кылуучу деген соз.

Талатып Нойгут калганга.
Бар кайратым чыңдаймын,
Баатырлыгым сынаймын.
Үчүкө менен Түлкүдөй,
Атакогу, Чабактай,
Баарына кыргын саламын.
Башымды тартпай саламын.
Алып кеткен жылкымды,
Ажыратып аламын!», —
Жаңыл кетти каргытып,
Тамашасын арбытып.
«Калбай баарың келгин--деп,
Көп Нойгутту дарбытып,
Жаңыл мырза элирип,
Бара турсун жолуна,
Хан Ширдакта не сөз бар,
Кабардар болгун соңуна.
Жылкыны тийип алышкан,
Жылдырып жолго салышкан.
Казактардын хан Тооке,
Өзү аяр молтолуу[1].
Кыпчактардын хан Шырдак,
Жүрөгү майлуу толтолуу.
Кара багыш хан Төлөк,
Качып жоодон коркобу?
Жылкыны жолго салыптыр,
Ажыратып алыптыр.
Азаматтын баарысы,
Буйгадан бугуп калыптыр.
— Тейиштин уулу Аккочкор,
Өзүң баатыр шер — деди,
Балбандыгың дагы бар,
Баарыбыздан эр — деди.
Боз жоргону мин — деди,
Тартынбастан кир — деди.
Жаңыл кыйдам өткөндө,
Бул кара бет долуну,
Аркасынан кир — деди.
Боз жоргонун жалына,
Балан-бастан дедирбей,

---

1 *Молтолуу* — эң амалдуу.

Башка сөздү айттырбай,
Басып келип бер — деди.
Ал — аңгыча болбоду,
Жаңыл келди шаңкылдап,
Алеңгир жаа, сыр жебе,
Атып өттү шартылдап,
Кыя салып кеткенде,
Кыйкырып Жаңыл өткөндө,
Бугуп турган оёндор,
Качырып чыгып калышты.
Аянбастан барышты,
Аңгемени салышты.
Камынып барган Аккочкор,
Ителги таан илгендей,
Жүрөгүнүн курчунан,
Оролто кармап сыртынан,
Боз жоргонун жалына,
Басып алып жөнөдү.
—Бали, баатыр, бали, деп,
Хан Шырдакбек өнөгү,
Кара багыш Төлөгү,
Жаңыл тийип колуна,
Кол кайрылып жөнөдү.
—Нойгут да биздин кыргыз—деп,
Арбагынан жылгыс — деп,
Айылын эми чаппайлык,
Арзан олжо таппайлык.

. . . . . . . . . . . . .

Хан Төлөк сөздү баштады,
Кайраты барлар шашпады.
Чабуул коюп бүлдүрбөй,
Калкын аман таштады.
Алып барды Жаңылды,
Айтылуу Жаңыл кабылан,
Ажыдаарга кабылды.
Жоо шайманын алышты,
Санаасы тынып калышты.
Долу кара үстүнөн,
Жерге сүйрөп алышты.
Кеңешип туруп баарысы,
Кементайды кийгизди,
Кер байталды мингизди,

Кереметти билгизди.
Арбын жылкы, көп малды,
Ажыратып алышты.
Жетелетип Жаңылды,
Айдың жолго салышты.
Кең Арпанын башына,
Чатыр-Көлдүн кашына,
Жылкыны жайып салышты.
Жаңыл кызды баш кылып,
Калың олжо алышты.
Казактардын жан Тооке,
Карыябыз сен—деди.
Бул олжону бөл—деди.
Жаңыл кызды ал—деди.
Калкыңа алып бар—деди.
Кашкардан тапкан олжом—деп,
Хан Тооке өзүң ал—деди.
— Калматай ага турганда,
Жаңылды кантип алайын,
Изат кылбай карыга,
Жанына кантип барайын.
Тооке мындай дегенде,
Карыябыз эмеспи,
Калматайга бериңер,
Кары, жашың жыйылып,
Ынтымакка келиңер.
Акылдашып олтуруп,
Айтканыма көнүңөр.
Кыз карысы Жаңылды,
Жанынан Жаңыл табылды.
Үчүкө менен Түлкүнүн,
Кунуна келди Жаңыл кыз,
Атакозу, Чабактын,
Айлына келди Жаңыл кыз.
Калматай ага алсын деп,
Калматайга барсын—деп,
Ушул сөзгө келишти,
Калматайга беришти.
Жылкыга кирди бөлүшүп,
Санагын дайын көрүшүп...

. . . . . . . . . . .

Көп жылкыны санаса,
Эки санга[1] толуптур.
Эсепсиз жылкы болуптур...
Хан Төлөк менен Шырдакбек,
Ар кайсысын беш миңден,
Төрткө бөлдү жылкыны.
Казактын ханы Тоокеге,
Беш миң жылкы беришти...
Ынтымагы келишти.
Үчүкө менен Түлкүнүн,
Атакозу, Чабактын
Айтылган дайын куну деп,
Сарбагыштын элине,
Беш миң жылкы беришти.
Анжыянда туругу,
Адигине уругу,
Кара багыш калкына,
Үлбүрчөк, Бургуй куну деп,
Кеңешип кепке келишти,
Беш миң жылкы беришти.
Оң менен солдон калганга,
Олжо талап барганга,
Төрт миң жылкы беришти.
Жылкыны бөлүп алышты,
Жылдырып жолго салышты.
Аккочкор бала шер деди,
Ааламдан ашкан эр деди,
Мөөсүлүнө[2] Кочкордун
Бир миң жылкы бер деди.

## КАЛМАТАЙ ЖАҢЫЛДЫ АЛГАНДАГЫ КҮТҮШҮ

Кара багыш Калматай,
Каалап алды Жаңылды:
«Карып калган кезимде,
Жаңыл мырза табылды.

---

[1] *Сан* — он миң баш малга таандык айтылган сөз.
[2] *Мөөсүл* — жигит деген сөз.

Айылын бөлөк кондуруп,
Төрт түлүктүү малынан,
Энчисин бөлүп бериптир,
Буга Жаңыл көнүптүр.
Күн алыста күйөөлөп,
Калматай абаң келиптир.
Айылын алыс кондуруп,
Аземин башка болтуруп,
Күндө жыйын тамаша,
Хан Төлөк конуп жанаша,
Мырза Жаңыл жеңем деп,
Жеңем турсун энем деп,
Берекелүү байбиче,
Пейли — кую кенен деп,
Кара багыш уругу,
Изат кылып турушту...
Калматай өзү карган чал,
Жетимишке барган чал.
Жаш кезинде дууланып,
Далай намыс алган чал.
Байбичеси башында,
Баатыр Жаңыл кашында,
Жаңылды алды Калматай,
Так жетимиш жашында.
Жаңылды айтат мырзам деп,
Буралып басып турсаң деп,
Жайдары өскөн чиркиним,
Жакшылап кызмат кылсаң деп.
Анда Жаңыл кеп айтат,
Анык сырын эми айтат:
— Эркекче өсүп калыпмын,
Ээн калсын — деп айтат.
Анык жылы дайынсыз,
Бир нече жыл турушту,
Ынтымак оокат кылышты.
Колунан жарак алган соң,
Айласы канча Жаңылдын,
Арстандай Жаңыл баатырдын,
Күлө багып кашкайып,
Күзгүдөй бети тастайып,
Сарамжалын башкарып,
«Кайыр, кудай кылды—деп,

Карыган чалга буюрду—деп,
Шагым жаман сынды—деп,
Эми жаным тынды—деп.
Кармалдым көптүн колуна,
Түштүм туюк торуна.
Карыган чалга туш кылган,
Башында кудай кыз кылган.
Ырысымбы, шорумбу,
Ыйлаймын өзүм шоpума.
Санаамды бурбай бөлөккө,
Таянайын Төлөккө.

. . . . . . . . . . .

Кайрат кылып кеп айтып,
Как ушундай деп айтып...
Муну мындай коёлу,
Анжыяндын жеринде,
Арстанбаптын черинде,
Калк камаган ак жолборс,
Кабарынан бололу.
Арстанбап асыл жер экен,
Ар түрдүү жыгач кени бар,
Караңгы токой чер экен.
Арстандардын уюгу,
Аюу, жолборс, шер экен.
Калкы кабар кеп угуп,
Кеп укканда көп угуп,
Арстанбапта токойдон,
Ак жолборс чыкты деп угуп.
Эл жайлоого чыкканда,
Чыгарбай жолду бууду дейт,
Жан каттатпай жайлоого,
Жандын баарын кууду дейт.
Балакетти баштайт дейт,
Барганды алып таштайт дейт.
Кыйкырып турсаң кылчайып,
Өзү адамдан качпайт дейт.
Үчмактуу[1], журт кеп кылды,
Уу кылалы деп кылды.
Калматай баатыр зайыбы,
Мырза Жаңыл айымы.

---

[1] *Үчмактуу* — көпчүлүк деген мааниде.

Мергендиги ашык деп,
Угулду эле дайыны.
—Саадагын белге чалсын—деп,
Кологун колго алсын—деп,
Ак жолборстон бул элди,
Ажыратып калсын деп.
Баатыр Төлөк башында,
Жеңеси Жаңыл кашында.
Жолборско барды камынып,
Аттанды Жаңыл шанданып,
Карап туруп калың журт,
Жазганбай чыккан Жаңылдын,
Кайратына таң калып.
Өзү Жаңыл мерген кыз,
Тоодон теке терген кыз.
Керме тоонун тоосунда,
Далай жолборс көргөн кыз.
Кыз кезинен бер жакка,
Кызыкты далай көргөн кыз.
Өзү баатыр балбан кыз,
Качпай жоого барган кыз,
Далай намыс алган кыз.
Кара чаар жолборстон,
Далайын жайлап салган кыз.
Жаңыл туруп кеп айтат,
Жолборско жакын барганда,
Кеп айтканда деп айтат:
Келтирип сөзүн бек айтат.
Келип турган көпкө айтат,
—Ушул турган калайык,
Бир күчүктөн качабы?
Айласынан күчүктүн,
Акылынан шашабы?
Катындын сөзү дебесең,
Айласын өзүм табайын,
Ак жолборско барайын,
Арканга байлап алайын.
Адигине балдарын,
Ажыратып салайын.
Туйгун Төлөк кайнимин,
Тузун актап салайын.
Кабыландай чамынып,

Жаңыл кылды кайратты,
Көпчүлүктүн алдында,
Кызыл тилин сайратты.
Барды токой кашына,
Төлөктү алып башына,
Жаңыл мырза кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
—Угуп тургун калайык,
Ушу сөз мага ылайык,
Айткан сөзүм тыңда—деп,
Аял-кылчаң кылба—деп.
Бүткөн боюм баарысын,
Аркан менен чырма—деп,
Кайын агалар, кайнилер,
Ак жолборско жиберип,
Анан мени сында деп.
Алып келбесем жолборсту,
Аял кылып турба—деп.
Жалпы элет көчмөн журт,
Жайлооңо барып жырга—деп.
Тула боюн келтирип,
Аркан менен чырматып,
Айтылуу Жаңыл оюну,
Аңгемени ырбатып.
Жолборстун жаткан жерине,
Бекинип жаткан ченине,
Калктын баарын бүлдүрүп,
Катылып жаткан чебине,
Калкы сөзүн эп көрүп,
Катында мындай болбойт деп,
Кайраты чыкты жүзүнөн,
Жолборсту Жаңыл койбойт деп,
Айткан адам көп болду,
Калкка сөзү эп болду.
Калк үчүн кызмат кылууга,
Жаңыл басты шаңданып,
Жолборсту байлап алууга.
Аркан, жибин камданып,
Карап турган жарданып,
Калың журт калды таңданып.
Жаңыл барып жолборсту,
Бекинип жаткан черинде,

Комдонуп жаткан жеринде,
Кыймылдатпай кармады,
Аркан менен байлады.
Кемеч[1] салып оозуна,
Келтирип Жаңыл байлады.
Жолборстун көзү жайнады,
Жетелеп алып жолборсту,
Төлөктүн келди кашына.
Айран калды калың журт,
Жаңылдын кылган ишине.
Калк баарысы кубанды,
Кайратына жубанды.
Жаңыл баатыр экен деп,
Баары журт буга ынанды.
Элдин баары жайланып,
Жабыла көчтү тоосуна,
Жаңыл себеп болгон соң,
Кабылан жолборс жоосуна.
«Катын деп айтып болбойт»—деп,
«Катын деген оңбойт»—деп,
Калың журт алды оозуна.
Жолборсту кармап жеңишип,
Кайрылып үйгө келишип,
Үйүнө келип жайланып,
Арасынан ай өтүп,
Жыл айланып жай өтүп,
Сандыргалуу Жаңылдын,
Сарамжалы шай өтүп.
Эч нерсе жок эсинде...
Кесепеттүү Калматай,
Учурады кесирге.
— Мен, каадалуу катын алгансып,
Кайындап буга баргансып,
Карыган кезде кор болдум,
Кытайдан келген кесирге.
Каадаланбай кармап кой,
Жаңыл менин бутумду.
Кетирбей менин курчумду,
Мага салбай сыртыңды,
Кармагын Жаңыл бутумду.

---

[1] *Кемеч* — капшырып байлоо.

Анда Жаңыл кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
—Эркекче өскөн курган жан,
Эбим келбей калыптыр,
Эбимди кудай алыптыр.
Усулу[1] жок өскөн курган жан,
Сумбатсыз өсүп калыпмын.
Усулуңду кудай алыптыр,
Ушалап кармап бутуңду,
Эркекче өскөн курган жан,
Эбим келбей калыптыр.
Эсимди кудай алыптыр.
Кармабай кантип коёюн,
Зайып болуп өзүңө
Салтанаттуу абышкам,
Салчы кулак сөзүмө.
Кытай деп айткан жериңде,
Капа кылдың дилимди,
Катын эмес, кыз элем,
Кастыгың мага билинди.
Кемитип мага сөз айтып,
Кейитпей жүргүн көөнүмдү.
Кыз келип, сага туш болдум,
Кытай деп таптың өөнүмдү.
Айтпаймын сөздү мактанып,
Кара кастан актанып,
Кыз келип сага туш болдум,
Канетейин арман күч,
Кытай деп сага мыш болдум.
Кейитпеймин өзүңдү,
Кечирим кылдым сөзүңдү.
Кыянат сөздү көп айтып,
Кылбай жүрдүм кесирди.
Башында не үчүн аласың,
Кытайдан калган жесирди.
Эркекке Жаңыл жолобос,
Сактыгымды билесиң,
Өзүңө келип бой коштум,
Актыгымды билесиң.
Кечээ кармап бердим жолборсту,

[1] *Усулу* — араб сөзү, метод деген мааниде.

Бабам Нойгут баласы,
Жердигимди билесиң.
Көңүлдөн калгыс суук сөз,
Не деп айтып жүрөсүң? —
Күлө багып кашкандап,
Күзгүдөй бети тастандап,
Кейиген дилин билгизбей,
Жайкап сүйлөп токтолду,
Жаңылдын жайын билгенде,
Жанында адам жок болду.
Жалпы элет көчмөн журт,
Жайлоого көчүп октолду.
Арпага карап эл көчүп,
Эрте туруп үй чечип,
Салтанат болуп абыдан,
Асыл жайлоо Арпага,
Көчүп чыкты жаңыдан,
Көч үстүндө боз балдар,
Баары сүйлөп бабырап,
Баштан аяк дабырап,
Жарымы айтып «эне» — деп
«Сыпатыңды карасак,
Тынарга чалыш шумкардай,
Алдыңдагы кара атың,
Айтылуу буудан тулпардай,
Жаш чагыңда үйрөнгөн,
Өнөрүң бизге дайынсыз.
Өзүңө адам баталбай,
Далайга жүрдүң кайырсыз.
Баркыңды билген эл айтат,
Кыздан чыккан баатыр деп.
Кыяпатты жана айтат,
Кыянаттуу капыр деп.
Көпчүлүккө көрсөтүп,
Өнөрүн кылып жатыр дейт.
Өнөрүңдү көрмөккө,
Куштар болуп турабыз,
Көрсөт бизге өнөр деп,
Көбүбүз сурап турабыз!.. »
Анда Жаңыл кеп айтат:
«Аял кыл, балдар! — деп айтат,

Байкагын балдар сөзүмдөн,
Бул иш чыккан эсимден.
Эсимден чыккан бир ишти,
Эсиме кайра салбаңар.
Желиктирип жеңилтип,
Менин тынчым албаңар».
Кары-жашы жыйылып,
Энекелеп сыйынып,
Буга Жаңыл болгон жок,
Болбосуна койгон жок.
«Кайнилерим, кайыр» — деп,
«Калаба болор айыл» — деп,
«Өзүм аман турганда,
Өнөрүм анык дайын» — деп,
Долу кара бууданын,
Келтирип Жаңыл токуду,
Буудандын жайын бир катар,
Булбулдай болуп окуду.
Басмайылын бек тартып,
Чап олоңун бош тартып,
Куюшканын келтирип,
Куткунун түптөн узартып,
Көк жамынчы кементай,
Бөктөрүнчөк бөктөрүп:
«Кесепет, балдар, кылдың» — деп,
Кебин айтып өткөрүп.
Саадагын сая шайланып,
Кылычын кыя байланып.
Жоо жарагын чыңданып,
Сары жаргак чоюлма,
Кең багалек сайма шым,
Келтирип тыштан шымданып,
Жоо көргөндөй чыңданып,
Атка минди койкоюп,
Бастырып чыкты болкоюп.
Карай салып кашынан,
Макмал кыюу ак калпак,
Жанында турган жигитти,
Ыргыт деди башындан.
Асмандатып эл жигит,
Ыргытты калпак башынан,

Саадак тартып, ок атып,
Адис болгон жашынан,
Калпакты жерге түшүрбөй,
Удаасы менен үч атты,
Аткан сайын күч атты.
Жебеси менен жети атты,
Жерге калпак түшүрбөй,
Кайра-кайра көп атты.
Калбыр кылып таштады,
Мас болгондой оолугуп,
Балакетти баштады.
Кысып алды денеси,
Кылчайып элге кетмекке,
Ата журту Нойгутка,
Аманында жетмекке,
«Айланып келген Нойгуттан,
Өзүмдүн атам Койгуттан,
«Койгун десем» — болбодуң,
Алдымдан чыгып торгодуң,
Айтканыма болбодуң,
Мен Нойгуттан келгенде,
Айдап келдиң жоолуктан,
Кер байталга мингизип,
Байлап келдиң боолуктан.
Эртегим түштү эсиме,
Элим түштү оюма,
Аман-эсен калыңар,
Ага-тууган баарыңар.
Дагы айтар сөзүм бар,
Уга турган кезиң бар.
Баатырың Шырдак кашында,
Хан Төлөгүн башында,
Кармап бердим арстанды,
Байлап бердим жолборсту,
Кызматымды билбедиң,
Жакшы айткан тилге кирбедиң.
«Кытайдан келген эски» — деп,
«Кесири көп кески» — деп,
Каргашалуу Калматай,
Жаңыл атым өчүрдүң,
Жайлап жакшы сөз айтып,

Анын баарын кечирдим.
Кадырымды билбедиң,
Мен келгени бетиңден,
Жалпы кыргыз четинден,
Эрегишкен калмактар,
Жалгыз байтал алган жок,
Айтпаган сөзүм калган жок.
Айбатымдан жазганып,
Айлыңа душман барган жок.
«Кытайдан келген долу» — деп,
«Кыз Жаңыл — жандын кору» — деп,
Чалга таңып зарланттың,
«Кытай күңдүн шору» — деп,
Жаш жигитиң тоотпой,
Башымды чалга байладың.
Кер байталга мингизип,
Кементайды кийгизип,
Жылкыга кошуп айдадың.
Арманым көп кантейин,
Азабым аштай кайнадым
Эрге тийип жыргайым деп,
Эки көзүм жайнадым.
Кара атын Жаңыл каргытып,
Оозунан көбүк баргытып,
Аңгемесин арбытып,
Айтып сөзүн чаргытып,
Жаңыл мырза жөнөдү,
Жок экен анда Төлөгү.
Кара багыш калың журт,
Карап турду бөлөгү.
Кең Арпанын башынан,
Караколдун чатынан,
Качып чыкты шер Жаңыл,
Калматайдын кашынан.
«Карма кытай күңдү!» — деп,
Калматай туруп бакырды,
Калкынын баарын чакырды.
«Аяр күңдү карма!» — деп,
Артынан кууп калыптыр,
Калматай менен Чомотой,

Айкырыкты салышып,
Артынан кууп барыптыр.
«Жаштар күнүн көрсүн»—деп,
Катылбастан жаштарга,
Калматай менен Чомотой,
Жайлап салып чалдарды,
Жөнөп калды Какшаалга,
Чалдарды атып салган соң,
Кара багыш уругу,
Кан буугандай токтолду.
Кайраты кабат Жаңылга,
Кол кайтарган жок болду.
Чаңдатып Жаңыл качыптыр,
Чатыр көлдү басыптыр,
Торгарт белин ашыптыр,
Кең Кашкарга барыптыр,
Кенелип жатып калыптыр.

## ҮРПҮКАН[47].

Болот калем колго алып,
Болжоюн сөздүн орунун,
. . . . . . . .
Ашыклыктын зарпынан,
Аалам кылды жоругуң.
Чыдай албай ойлонуп,
Чыгардым сөздүн сонунун.
Асыл таштан көзү бар,
Алтындан шакек колунда,
Жакында көрдүм бир сулуу
Көтөрмөнүн жонунда.
Тилембайдан тик чыккан,
Көк-Колоттун оюнда.
Сүрөткө тарткан эмедей,
Сымбатың артык борумдуу.
Көптөн бери мен өзүм,
Көрбөдүм мындай сонунду.
Бою чарчы, кара көз,
Болжосом сага жан жетпес,
Борумун көрсө оолугуп,

Боз балдар өтсө кыя өтпөс.
Балбылдаган кара көз,
Байкасам сага жан жетпес,
Балдан таттуу ширин сөз,
Боз улан көрсө кыя өтпөс,
Мен сүйлөбөйм жалган кеп,
Сүйгөнүм өзүң, арман көп,
Сүрөтүңдү тарттырып,
«Алсам» — деп жүргөн андан көп.
Айтсам арман арылбайт,
Аселде сендей табылбайт.
Ашык болуп күйбөсөң,
Адамды адам сагынбайт.
Он сегиз менен жыйырма,
От арбадай зарылдайт,
Басылбастан күүлөнүп,
Барган сайын жалындайт.
Олуттуу жашка толгон соң,
Оюндан осол болгон жан.
Айланта санап ич күйүп,
Адамда сендей табылбайт.
Жылып өттү кидирбей,
Жабырлык салдың жаныма,
Мурунтан Үкөй билинбей.
Арманда кылдың өзүмдү,
Айлыбыз жакын жүрө албай.
Алтындай жүзүң жалтылдап,
Атилес, шайы түрүндөй.
Жоолуктан чыккан саамайың,
Тотукуштун жүнүндөй.
Азыркы турган борумуң,
Алманын кызыл гүлүндөй.
Оттой табың жана элек,
Ойноп ойнуң кана элек,
Оюндун ойнор табында,
Отузга жашың бара элек.
Чачың тал-тал жибектей,
Жасатың тарткан сүрөттөй.
Асылдыгың мааниси,
Акындын кызы Чүрөктөй.
Башың алтын түймөдөй,

Тилиң шекер шириндей,
Растан сага күйгөнүм,
Ражаб менен Дүрүдөй.
Аппак этиң жымылдап,
Атилес, шайы, дүрөдөй,
Қашың кара кундуздай,
Көзүң кавхар жылдыздай,
Мурунуң борум мистедей,
Аппак этиң чүштөдөй,
Тишиң тизген жахуттай,
Тырмагың аппак акактай,
Эки бетиң албырып,
Эгизден жанган панардай,
Эки эмчегиң тирсийип,
Аптапка бышкан анардай.
Боюң тегиз мунардай,
Борумуң алгыр тынардай.
Қолуң асыл чынардай,
Қойнуң атыр жыпардай,
Бетиң аппак пахтадай,
Бедериң жибек тувардай,
Сыртың тегиз дубалдай,
Сының чалыш кунандай.
Түгөнгүр сенин дартыңдан,
Түндө ойготкон зарпыңдан,
Ушунчалык ойлонуп,
Ырдап калдым уялбай.
Үрпүкан сага күйгөнүм,
Үч жыл болду жаңыдан.
Ашыктыктын азабын,
Угуп койгун абыдан.
Салам наама кат жаздым,
Сагынып сага баралбай,
Айтышкан шерттен жаналбай.
Аныктап жооп ала албай,
Абыдан күйдүм сен үчүн,
Миз буура менен Жамалдай,
Гавхарым сынса сен үчүн,
Көрбөймүн бир да залалдай.
Башыма мүшкүл иш салдың,
Боз жигит менен Жамалдай.

Тапканымды сарп кылып,
Турармын сенден аябай.
Койнунда жатып өлсөм дейм,
Козуке менен Баяндай.
Өңүм десем түшүмдөй,
Өзгөчө күйдүм сен үчүн,
Олжобай менен Кишимдей.
Асылга асыл табылбайт,
Асылга асыл табылса,
Ашыктык оту жалындайт.
Басылбастан күүлөнүп,
Барган сайын жалындайт.
Калган көңүл, качкан куш,
Кайта издесе табылбайт.
Акылдан айнып сен үчүн,
Күйгөнүмдү билбейсиң,
Сүрөтүңдү сагынып,
Сүйгөнүмдү билбейсиң.
Арманым айтып зарланып,
Жүргөнүмдү билбейсиң.
Аткан таңдай тамагың,
Ак алмадай сагагың,
Арманым айтып сен үчүн,
Айтып ырдап барамын.
Акылың болсо ойлонуп,
Күйгөнүмө карагын.
Күйгөнүмдү эстесең,
Күндө үч убак карагын.
Кадимки сөздө бар болсоң
Кадырым билген жар болсоң,
Кошомат эмес, анык сөз,
Кошулууга зар болсоң,
Кагаздан сөзүм угарсың,
Качыкеден чыгарсың.
Чыксаң мага тиерсиң,
Чының менен сүйөрсүң,
Чыбыктай болуп буралып,
Чырмалышып жүрөрсүң.
Билеселүү жан болсоң,
Бул сөзүмө кирерсиң.
Сенин боюңду көрүп боздоймун,

Борумдуу сөздөн козгоюн,
Қаранды көрүп какшайын,
Қадимки сөздөн баштайын.
Пикирлерге кор кылып,
Сөзүмдү кантип таштайын.
Алкымыңдын агынан,
Ашык болдум абыдан.
Чындап жаның күйдүрүп,
Отко түштүм жаңыдан,
Қарарып көзүң моймолжуп,
Қалыпка тартып койгонсуп,
Қайгыны мынча не салдың,
Қант уйкумдан ойготуп?
Сүзүлүп көзүң моймолжуп,
Сүрөткө тартып койгонсуп,
Түйшүктү мынча не салдың,
Түн уйкумдан ойготуп?
Түн уйкумду үч бөлүп,
Түрлүү-түрлүү ойлонтуп.
Атилес көйнөк кийгениң,
Аста басып жүргөнүң,
Акактай тишиң кашкайып,
Адамдан башка күлгөнүң,
Дукаба бешмант кийгениң,
Түрлөнүп басып жүргөнүң,
Секетпай сага зарланып,
Сен үчүн анык күйгөнүм.
Үрпүкан сага кеп айтам,
Убада сөздү бек айтам,
Азелде тагдыр буюрса,
Аламын сени деп айтам.
Туткуйдун башы Аралдан,
Қудурет берсе боштондук,
Қутулсам деп жалындан.
Убада сөздө бар болсо,
Үрпүкан турат каралда,
Қадимки сөздөн жанбасаң,
Қаалабасмын залалга.
Боечор келген кара көз,
Борумуңа калдым таң.

Упадай бетте жууну жок,
Устуканың алтындан.

Карагаттай мөлтүрөп,
Карарып кашың тартылган.
Так он бешке кезинде,
Сага, таанышкык кылды кандай жан?

Бурала басып жүргөнүң,
Белестин кызыл гүлүндөй,
Сүйлөгөн сөзүң татыктуу,
Бураган арген үнүндөй.
Оозуңдан чыккан илебиң,
Булбулдун мукам үнүндөй.
Жылмайып басып жүргөнүң,
Жайлоонун айлуу түнүндөй.
Туткуйдун башы көк колот,
Кайнатаңыз Бекболот,
Кадырлаш Үкөй өзүңө,
Качан сөзүм эп болот?
Аксайдын башы жайылма,
Айлыңыз көчүп көп конду,
Арманың айтып зарланып,
Айныганың көп болду.
Сабырдын түбү сары алтын,
Сабырлуу болсон жетерсиң.
Сабырсыз болсоң бекерсиң.
Сагынбай таштап кетерсиң!
Сабырлуу болсоң озорсуң,
Самаган жерден тозорсуң,
Сабырсыз болсоң осолсуң,
Барган сайын бошорсуң,
Турбасаң шертке Үрпүкан,
Тултук эмчек кополсуң.
Карайсың көзүң кылгырып,
Какшык айтып жылдырып,
Качан колго тиесиң,
Какшатпай жанды тындырып.
Аста басып буралып,
Арка чачың чубалып,

Алганым болсо Үрпүкан,
Аптамага суу алып.
Секин басып суу алып,
Желке чачың чубалып,
Жеткеним болсо Үрпүкан,
Жез кумганга суу алып.
Алганың мындай болгон соң,
Адамда арман калабы,
Ашыктык оту күйдүрбөй,
Адамзат бенде жанабы.
Күнү үстүндө кор болдуң,
Гүлгүн жашың тең жүрбөй,
Чидердеп сени өтөт бейм,
Эркинче ойноп күлдүрбөй.
Чогулса сени сөз кылат,
Чоро, саяк манабы,
Байымбеттен баш күндөн,
Алсам деп жүргөн талабы.
Айткан менен бекер сөз,
Албаса арман калабы?
Серпкенде каштан билгенин,
Секин басып жүргөнүң,
Көөнүмдөн кетпейт асыл зат,
Сермелип карап күлгөнүң.
Какканда каштан билгениң,
Аста басып жүргөнүң,
Оюмдан кетпейт асыл зат,
Кашкайып карап күлгөнүң.
Жабырымды билбейсиң,
Жалганбы менин күйгөнүм?...
Же жыйырма беш кайран баш,
Менден кеттиң билинбей,
Жабыркаттың жанымды,
Жаш кезде колго илинбей,
Азаттык болсо чыксаңчы,
Ашыктык отко күйдүрбөй.
Экинин бири болгончо
Экөөбүз жүрсөк телмирбей.

## КУШТАРДЫН АҢГЕМЕСИ[48].

Сөз айтамын билдирип,
Уккандарды күлдүрүп.
Айткан сөздүн аягын,
Жегичтерге тийдирип.

Өткөн заман өзүндө,
Күйгөн сөз кетпейт эсимде.
Бары куштун жоругу,
Мааниси болот сөзүндө.

Куш экиге бөлүнөт,
Ирети менен келинет.
Жол-жобосу айтылып,
Анык көзгө көрүнөт.

Бирин айтат боз куш деп,
Бирин айтат суу куш деп,
Боз кушунан сөз келет,
—Кысылды биздин турмуш—деп.

Булбул сайрап кеп айтат,
Кеп айтканда бек айтат:
— Кеңеш кылып кеп салам,
Кебимди ук журтум —деп айтат.

Жыргап жатат суу кушу,
Көлгө барып ойноду.
Суудан болду коргону,
Буга эч жамандык болбоду.

Кырсык бизди торгоду,
Жырткычтар бизди койбоду.
Четке чыккан жан болсо,
Бири да аман болбоду.

Жагалмай менен турумтай,
Чакмак алып ойноду.
Кыргый деген кыйратып,
Кыйла чымчык сойлоду.

Өрттөнгөн кыргый өксөтүп,
Өмүрүнчө тойбоду.
Ушул турган боз кушка,
Убал жок деп ойлоду.

Ителги менен ылаачын,
Канча жанды кыйратты.
Катын менен баланы,
Кан какшатып ыйлатты.

Карчыга деген кушу бар,
Кадиксиз мерген ушу бар.
Калктын баарын кыйратып,
Каныңды төккөн ушулар.

Бүркүт деген зору бар,
Биз үчүн жайган тору бар.
Азабы көп боз куштун,
Арылбай турган шору бар.

Таз кара менен жору бар,
Ал дагы бизге душмандар.
Баары боз куш баш коштуң,
Ынтымактуу болуңар.

Көк жору менен ак жору,
Көрүнөө бизге зордукчу.
Четинен серпип жеп кетет,
Мындан да көрдүк кордукту.

Ак сары менен бөктөргү,
Аңдыганы балапан,
Аман-эсен төл кирбей,
Кырылды мындан кыйла жан.

Бүркүттөн зору буудайык,
Күн көрбөй мындан кууралык.
Кулак, угуп көз көргөн,
Ушул иш кимге ылайык.

Куш төрөсүн туйгун дейт,
Туйгундан кийин тунжур дейт.
Атак берип өзүнө,
Катылсаң бизге курдуң дейт.

Ителгинин улугун,
Илеси артык шумкар дейт.
Кыргыйдын зорун шумпай дейт,
Турумтай зорун кумпай дейт.

Ылаачын чоңун баарчын дейт,
Баарчын төксө каарын дейт,

Тумшугу жок боз кушу,
Аман калбайт жаның—дейт,
Акпай койбойт каның дейт.
Четтен келсе кыйратат,
Карчыга деген залим дейт.
Күйкөнүн чоңу таканак,
Аңдып жүрөт бакалап.
Акырын жүрүп жеп кетет,
Ал дагы бизди такалап.

Тоодон жеди уларды,
Тоздуруп койду буларды.
Каргашалуу бүркүттөн,
Кара жан тынчып турабы.

Боздон жеди тоодакты,
Боздотуп кырды оолакты.
Кара боор кекилик,
Кача албай жүрөт бекинип.

. . . . . . . . .

Өтөбүз ыйлап өкүнүп.
Карчыга жүрөт сактанып,
Үкүгө жүрөт актанып,
Карчыганы балам—деп,
Үкү жүрөт мактанып.

Карчыга коркот үкүнүн,
Балбылдаган көзүнөн,
Үкүнүн сырын уксам дейт,
Айттырып көрүп сөзүнөн.

Карчыга туруп кеп айтат,
Кеп айтканда көп айтат.
— Калтырбай сырың айтып бер,
Кайратың кандай—деп айтат.

Үкү аке сенде көз мындай,
Үү деген кайрат сөз мындай.
Жан казандай баш мындай,
Көзүңдү жабат каш мындай.

Каңшаардуу мурдуң порумдуу,
Көрбөдүм мындай сонунду.

Үү деген үнүң баспайсың,
Жумган көзүң ачпайсың,
Кайратың кабат көрүнөт,
Жандан коркуп качпайсың.
Салтанатың башкача,
Эч алдырып шашпайсың.

Сыпатың көрктүү балбандай,
Тырмагың болот канжардай,
Сырыңды ата угайын,
Өзүң мындай алгандай.

Анда үкү сыр айтат,
Анык сырын чын айтат.
Үксүйүп туруп үкү акең,
Карчыгага муну айтат:

— Үкү акеңде дарман жок,
Үү деген үнү болбосо.
Үксүйгөн жүнү болбосо.
. . . . . . . . . .

Үкүнүн сырын уккан соң,
Карчыга карап турабы?
Кан соргучтун тукуму,
Жемин жебей турабы.
Тойбогурдун тукуму,
«Тойдум»—деп тоопук кылабы?
Ээн жеп көргөн карчыга,
Жемишин жебей турабы.

Карчыга басып үкүнүн,
Оюп кирди төшүнөн,
Үкү акеңден сөз келет;
— Угуп байка сөзүнөн.
Үкү аке анда кеп айтат,
Өткөрүп сөзүн эми айтат:
— Бала эмес экен балакет,
Башымды жутту — деп айтат.

Канатың кайкы тууганда ботом,
Кан менен бутуң жууганда, ботом,
Тумшугуң ийри тууганда ботом,

Түңүлдүм эле карлыгач ботом.
Ак сүтүмдү кечпеймин ботом,
Тилегиңе жетпейсиң ботом.

Үкүнүн арка жагынан,
Кеңешин кылып жаңыдан
Бөдөнө, чил бөлүндү,
Күзгү салкын болгондо,
Кыйратат келсе кыргый деп,
Ойлоп жүрөт өлүмдү.

Кыргоол жүрөт токойдо,
Кара башын катынып,
Мунун да арбын шору бар,
Карчыгадан жашынып.

Торгой менен булбулду,
Тоздуруп салды кургурду.
Жандын баарын бүлдүрүп,
Жамандык кылса бул кылды.
Каргашалуу карчыга,
Качкан жанды тындырды.

Сасык үпү, күкүктү,
Айдап жүрүп үркүттү.
Тамтыгыңды кетирип,
Талайыңды туздап сүрсүттү.

Чабалакей, карлыгач,
Учуп жүрөт зыпылдап,
Кооп кылып булар да,
Коркуп жүрөт кыпылдап.

Алар да аман калган жок,
Арзан бүлүк салган жок.
Булбул чечен сайрады,
Бул сөзүндө жалган жок.

II

Чымчыктын баары чыркырап,
Кулак тунуп чуркурап,
Илбесиндин баарысы,
Ыйлап жүрөт буркурап.

Көк моюн таан, көгүчкөн,
Кайра тартпайт өлүштөн.
Ала карга, сагызган,
Араң жүрөт намыстан.

Коңкулдап ыйлап чар келди,
Чардын сөзү шар келди.
Кайрат кылып кайран чар,
Боз кушуна жар берди.

Ала дуңган, көк тамак,
Айтылып өтсүн бир сабак.
Койчу кара, таталбек,
Козголуп өтсүн далай кеп.

Тоодак менен кара кур,
Болуп өткөн нечен чыр.
Боз кушунун күйгөнүн,
Баштан аяк угуп тур:
Куркулдай менен короолу,
Бурбай жечү коногу.
Кан ичердин ар канча,
Болуп жатат домогу.
Боз таркылдак, таранчы,
Кыргыйектин азыгы.
Эжеке, бээ саа, жарганат,
Эч кимге жок жазыгы.
Жылкычы, кучкач жымыйып,
Кубанып турду кымыйып.
Чакылдаган чакчыгай,
Күлүп турду муну угуп.
Боз кушу келип болгон соң,
Булбул чечен сайрады,
Баштан аяк уктуруп,
Баарынын көөнүн жайлады.

—Турбайлык мындай чуугa—дейт,
Кылалык кеңеш буга — дейт.
Кара жанды калкалап,
Кетелик көчүп суугa дейт.

Суу кушунун баарысын,
Көп жашаган карысын,
Талапка кудай жеткирсе,
Табайын дейт дарысын.

Суунун кушун конокко,
Жан калтырбай чакырды,
Башчысы кууну келтирди,
Кара кунас баатыры.

Боз куштан суу куш аз келди,
Өрдөк, чүрөк, каз келди.
Жер жарылып чөп чыгып,
Бул мезгилде жаз келди.

Аңыр келди аңкылдап,
Айтып сөзүн даңкылдап.
Анын арка жагынан,
Тартар келди такымдап,
Эчки маарак, кашкалдак,
Ызгыч менен ак чардак,
Канаты жаман кара каз,
Көлдүн четин булгаган.
Куунун кылган жарлыгын,
Бул дагы эки кылбаган.

Ызгыч келди ырсылдап,
Баарынын арка жагынан,
Боз куш менен суу кушу,
Кеңешин кылды абыдан.
Булбул чечен кеп айтат,
Муңун-зарын эми айтат:
— Кел мында баатыр куу төрө,
Арзымды уккун — деп айтат.
Бүлүнгөнү кеп болду,
Бизге кыйын эп болду.
Азапты таштай катырып,
Карчыга бизди жеп койду
Ынтымакка келсеңер,
Суудан орун берсеңер.
Туугандыктын жөнүнөн,
Ушу сөзгө көнсөңөр.

Ийри тумшук, курч тырмак,
Душманыбыз көбөйдү.
Суу болбосо жан калбайт,
Көрсөттү далай өнөрдү.
Суу жалгыз сенин сууңбу,
Көпчүлүктүн суусу — дейт.
Кеңешип бизге орун бер,
Суу кушунун куусу — дейт.

Куу туруп анда кеп айтат:
— Кутурбаңар — деп айтат.
Аз деп бизди кордобо,
Өзүңдү-өзүң зордобо.
Чырпык өзүн талмын дейт,
Чымчык өзүн жанмын дейт.
Каадаланып өзүнчө,
Кароолу өзүн ханмын дейт.
Булак өзүн көлмүн дейт,
Көл турсун аккан селмин дейт.
Даражасын көтөрүп,
Ташбака өзүн элмин дейт.
Үңкүр өзүн үймүн дейт,
Чымын өзүн биймин дейт.
Жаман журтка туш болуп,
Чымын жүрөт чыңылдап,
Чиркей жүрөт кыңылдап.
Мунун баары жансынып,
Өз-өзүнө бармын деп.

Кузгун турат карыңар,
Буга кеңеш салыңар,
Суу менен бирлик орунду,
Ынтымак менен алыңар.
Булбул турат чеченден,
Торгой турат эшенден,
Элге журтка эп айтып,
Куунун сөзү басылды,
Адилдик менен айтты деп,
Калктын чери жазылды.

Кузгунга жалгыз кеп калды,
Карыя кузгун деп калды.

Булбул чечен сайрады,
Калктын жөнүн жайлады.
Айтпаган кеби калбады,
Кебин журту танбады.

Кары кузгун калыс деп,
Калыстыкка алышты.
Кеп-кеңештин баарысын,
Карт кузгунга салышты.

Кузгун калды жымыйып,
«Кудай мага берди»—деп,
Элдин баары ишенип,
Иши мага келди—деп.

Булбул турат шаңкылдап,
Кузгун аба сүйлө—деп,
Бузган, бурган бузуктун,
Качып жүрүп бекинип,
Кара кунас, көк кытан,
Илегилек, чөкөтаан,
Кызыталак жырткычтан,
Кырылып кетти канча жан.

Белен жеми безбелдек,
Качпаган жеми кашкалдак,
Карап койгон жан барбы,
Биздин башты кармап?

Ак сакалың кузгунду,
Айдап жүрүп мыш кылды.
Кандайча бизди жаратып,
Бул мээнетке туш кылды?

Көгүчкөн менен бабырган.
Кутулбады жабырдан.

Үкү деген ыйык бар,
Тил билбеген кыйык бар.
Күндүз көзү көрбөгөн,
Өз билгенин бербеген,
Ырысы жок мына ушу,
Ынтымакка көнбөгөн.

Баласын таштап бул үкү,
Карчыганы багыптыр.

Карчыганы асырап,
Бала кылып алыптыр.
Бузганына кирбе деп.
Кузгун кирди кеп баштап,
Кеп баштаса деп баштап:

— Миңге чыккан карыңмын,
Улууңармын баарыңын,
Бий болуучу мырзаңдын,
Мен билбеймин аныгын.
Анык жерден уктуруп,
Айтып берсем тарыхын.

Турнаны биз бий кылсак,
Жөн жүргөндө чуусу көп,
Кырсык баштан кетпейтко,
Кууну каалап бий кылсак,
Суугa кетет чөмүлүп.
Жалгыз жанга көрүнбөй,
Жатып калат көмүлүп.
Тоодакты шайлап бий кылсак,
Бозго кетет бөлүнүп.
Көпчүлүктүн ичинен,
Бир да келбейт көрүнүп.
Мурду оңколуу сулууча,
Кара жигит ким деген?
Сурадым жөнүн силерден.
Айлыбыз жакын жүрбөгөн,
Ушу кимдин баласы?
Бар сыпатын карачы.
Бир бий болсо бул жигит,
Бий болуучу бала экен.
Сурадым жөнүн силерден.
Мен карыган билбеген,
Таанызбаймын шону—дейт.
Укканым жок сөзүн—дейт,
Аңдап көрсөм артыкча,
Акыл-эси даана экен,
Аңдап көрчү балдарым,

Айлачыл болор бала экен.
Элге-журтка эп болсо,
Мен бийлеген кеп болсо,
Бий кылсаңар канетет?
Бийлик берип балага,
Сый кылсаңар канетет?

Кары кузгун кеп айтты,
Как ушундай деп айтты.
Өз баласын көрсөтүп,
Өрнөгү бузук кеп айтты.

. . . . . . . . . . .

Теңдикке кузгун келбеди,
Баласын сүйлөп өлбөдү.
Баласынан башканы,
Жан ордуна көрбөдү.

Кузгун курсун кеп эмес,
Бул айтканы эп эмес,
Башка кеңеш кылалы,
Жайланып жакшы тыналы.

Кузгун болсо жыйындын,
Чыгып калды четине.
Пейли бузук каткан чал,
Баласын кармап бетине.
Мунун баары жанмын дейт,
Өз үйүндө ханмын дейт.

Зордугуна көнбөйбүз,
Залимге орун бербейбиз.
Көпмүн деп бизди кордосоң,
Кепке-сөзгө келбейбиз.
Абалкы кепти өткөрүп,
Армандуу болуп өлбөйбүз.

Айыкпаган чыр турат,
Айтып өлчөөр сыр турат.
Ортобузда талашкан,
Бийлик менен суу турат.
Үмүт кылып бийликтен,
Тоодак менен куу турат.

### III

— Суунун сайып башына,
Бийликти коюп кашына,
Ат жарышты салалы,
Армансыз болуп калалы.
Талашпай сууну, бийликти,
Чыкканыбыз алалы.
Учкан куштан тандайлы,
Армандуу болуп калбайлы.
Болом деген боз кушу,
Ушул сөздөн танбайлы.
Булбул чечен шаңкылдап,
Сайрап турду элине.
Эми ишенип кебине,
Келтирди ишин жөнүнө.
Суу кушунан тандалып,
Кыл куйрук чыкты камданып.
Боз кушунан кара боор,
Бу да чыкты тандалып.
Чыкканы байге алышка,
Калганы куру калышка.
Карлыгач чыкты калыска,
Айдады атты алыска.
Бузулбасын бул иш деп,
Бул иш болду дурус деп,
Албан түрдүү кеп айтып,
Булбул чечен сайрады,
Булбулдун кылган чегине,

. . . . . . . . . . . .

Учкулдугу жанда жок,
Карлыгач атты айдады.
Болжогон жерге жеткирип,
Кайтарды атты алыстан,
Учкучуңар чыгыңар,
Ушу бүгүн жарыштан.
Кайра тарткан жеринде,
Кара боор капылдап:
Жел көтөрүп канатын,
Жеткирбеди зыпылдап.

Бул кара боор чыгат деп,
Чыккан сууну жыгат деп,

Кара боор чыкты деп,
Калктын баары угат деп,
Кара боордон калат деп,
Байгени боз куш алат деп,
Суу кушунун убалы,
Мойнумда кантип калат деп,
Кыл куйрук шумдук ойлонду,
Кара боорду торгоду,
— Тамак жебей карыштың,
Алыс жерден жарыштың.
Жарышам деп алыстан,
Чаңкап суусап чөлдөдүң,
Учуп жүрүп асманда,
Уйку бетин көрбөдүң.
Сен кумга конуп салкында,
Таранып жүнүң жалтылда,
Азыраак конуп дем алып,
Анан учуп шартылда.
Мен көлгө барып коноюн,
Көлдөп жыргап оноюн,
Талыкпастан таранып,
Тамакка мыктап тоёюн.
Ага чейин артыңдан,
Карлыгач келет калыстап,
Карын тойбой жарышып,
Каржалып калдык алыстап.

Кыл куйруктун бул сөзү,
Кара боорго эп болду,
Алдатып салды куйрукка,
Аңгемелүү кеп болду.
Куйрук конду көлүнө,
Чүмүлө турган жерине,
Ойлонбой куйрук шумуна,
Кара боор конду кумуна.
Ашып-шашып кара боор,
Кумда оонап таранды,
Кандай иш кылып жатат деп,
Куйрукту суудан карады.
Караса сууда куйрук жок.
Мындан кыйын шумдук жок.
Көрүнбөстөн бөгүнтүп,

Суу түбүнө чүмүптүр,
Какенди алдап салыптыр,
Эчак кетип калыптыр.
— Алдатып салдым итке—дейт,
Капалык түштү ичке—дейт.
Какайып учуп зыпылдап,
Кара боор барат кыпылдап.
Армандуу болуп калыптыр,
Артынан жетип барыптыр.
Байгеге жакын барганда,
Карасы жакын калганда,
Кужурлуу[1] жаны кашайып,
Кубалап жаңдап калыптыр.
Кара боор калып калды деп,
Калыстар айтып салыптыр.
Бийлик менен сууну бүт,
Суу куштары алыптыр.
Кара боордун калганын,
Тоодак айтат арманын:
— Куу төрө бизден сууну алды,
Арылбай турган чуу салды.
Кошуп алдың бийликти,
Кылбадың оокат тирликти.
. . . . . . . . . . . .

Кыйналбай мындай барышка,
Кыйын элем жарышка,
Акмактык кылып кара боор,
Алдатып ийдиң куйрукка.
Кара боор оңбоссуң,
Кайгырттың биздин жүрөктү,
Карчыга куштай кутулбай,
Канчалык кылдың дүмөктү.

Ат жарыштык арман жок,
Ал сөздө арман калган жок.
Кубанып турган кезиң бул,
Куу төрө бийлик кут болсун,
Боз куш менен суу кушу,
Ынтымак кылып журт болсун!

---

[1] *Кужурлуу* — кайраттуу деген мааниде.

Ким ойлобойт айланы,
Журтка келчүү пайданы.
Буюрган ишке айла жок,
Куу төрө алдың байгени.

Таңдайы таңшып жарылган,
Чечендин баары менде эле.
Таң атканча сайраган,
Нечендин баары менде эле.
Үнүн баспай уу деген,
Эшендин баары менде эле.
Аярлык менен алдаган,
Түлүктүн баары менде эле.
Кыргый кууса жеткирбес,
Күлүктүн баары менде эле.
Ыгы менен сүйлөгөн,
Жүйрүктүн баары менде эле.
Сары атан салкын шамал жок,
Буйрук ишке амал жок.
Өткөн иш өтүп кетүүчү,
Өткөн иш келер заман жок.
Өзүм барбай жарышка,
Мага бул иш чала дейт.
Дагдырга барбы чаара дейт.
Бийлеттим кууга башымды,
Алдырдым өлөң сазымды.
Карчыга менен ылаачын,
Сурамак болду жашымды.
Калтырып кеттиң бийликтен,
Турна деген тазымды.
Бир иш өтүп кеткен соң,
Куу максатка жеткен соң,
Көөнүң келсе бий кылгын,
Каркылдап жүргөн казыңды.

Арманын, муңун калтырбай,
Айтып тоодак басылды.
Кара жаны калбады,
Кара боорду каргады:
Кара боор оңбогун,
Катсын таштай бооруң.
Жарышка салган башында,

Арбын го менин да шорум.
— Айыкпасын ооруң—дейт,
Карарып калсын бооруң—дейт.
Кыска болсун күнүң—дейт,
Кызыл кум болсун жериң—дейт.

## ЖЕР ЖАНА АНЫН БАЛДАРЫ[49]

Бир-бир баштан баяндап,
Билдирип өтөм кабардап.
Эң биринчи жол алып,
Жамгыр сөздү баштады.
Өзүнүн боюн көтөрүп,
Айтар сөздөн шашпады.

жамгыр:

— Дүйнөнү бүтүн жашарткан,
Менден башка кайсың бар?
Жашартканың бар болсо,
Жашырбастан айтыңар!
Желип өткөн жеримен
Жер тамыры жазылат.
Басып өткөн жеримен,
Байчечекей ачылат.
Жер жүзүнө бир бүтүп,
Менин нурум чачылат.
Асмандан төгүп тунук суу,
Жерге берем тирчилик,
Жер жүзүнөн жай алган,
Элге берем тирчилик.
Жаратылган ар түрлүү,
Жанга берем тирчилик.
Баарына көк чөп жедирип,
Малга берем тирчилик.
Дыйкандар айдап көгөрткөн,
Данга берем тирчилик.
Аркар, кулжа, ак кийик,
Аңга берем тирчилик.
Кургак чөлдө суусаган

Куланга берем тирчилик.
Басып турар буту жок,
Жыланга берем тирчилик.
Курт-кумурска жана да,
Көпкө берем тирчилик.
Жер жүзүндө ар түрдүү
Чөпкө берем тирчилик.
Өзүнө куйган өзөн жок,
Көлгө берем тирчилик.
Эл барыктабай кууураган,
Чөлгө берем тирчилик.
Ушул чөлдү сактаган —
Элге берем тирчилик.
Кумду майдай балкыткан,
Ташка берем тирчилик.
Ар бир жандын өзүнө,
Башка берем тирчилик.
Жаабай койсом бир жылга,
Жандын баары кысылат.
Эки жылга жетпестен,
Элдин баары бузулат.
Саздар кургап таш болот,
Жандын төлү аз болот.
Кабыгы менен бүт куурайт,
Карагай, кайың, терек, тал,
Өнбөй калса, жерде чөп,
Өлүп бүтөт барча мал.
Эгин, чөп жерге өнбөсө,
Кысылып бүтөт канча жан.
Суу мактанат—«агам»—деп,
«Жандын баарын багам»—деп.
«Бардык жанды бүтүндөй,
Багууга келет чамам»—деп.—
Андай эмес, суу эне,
Колуңдан келбейт жеп-жеке.
Сага менден жардам бар,
Менден жардам болбосо,
Ага албайсың мындай шар.
Кудугуң кургап ным калбайт,
Булагың кургап суу калбайт.
Кара суу акпай жер соруп,
Балчык болуп жуурулат.

Жан-жаныбар кысылып,
Заманасы куурулат.
Жер жүзүндө суулардын
Себеби менден булардын.
Менден жардам болбосо,
Өзөнүң кургап сай болот.
Мактанбагын суу аке,
Баарыңдын жолуң байланат.
Калкайып калың кар жатат.
Кара тоонун башында.
Боройлоп согуп буркурап,
Булут туман кашында
Бул дагы менин жолдошум.
Ар качан менин кашымда—
Жамгыр айтып токтолду,
Суунун сөзү козголду .
Дарыя-көлдөр чайпалып,
Жамгырга карап октолду.

СУУ:

— Жамгыр өзүн сел ойлойт,
Кудук өзүн көл ойлойт.
«Толтурам»—деп,—деңизди»,
Кесирдүү сөзүн түк койбойт.
Дүйнөгө бүт чырмалып,
Деңиз жатат сел болуп.
Жер жүзүндө нечен суу
Кошулуп жатат көл болуп.
Атагың—жамгыр, өзүң—суу,
Аңгемең сенин мына—бу.
Мактанбагын өзүңчө,
Деңизден чыккан сен бир буу.
Анык жери күркүрөп,
Асманда булут дуулаган,
Дарыя, деңиз көлдөрдөн
Сурап булут, суу алган.
Асманды курчап бүркөлүп,
Суу алган булут куралган.
Мактанбагын жамгырым,
Деңиздин сен да суусусуң.
Алып келген булуттун,

Суусу турсун буусусуң.
Жайыраак жааса жымылдап,
Адам сүйүп кымылдап.
Катуу жааса бургактап,
Борошолоп шыбыргак,
Күн күркүрөп тарсылдап,
От чагылып жаркылдап.
Арыктар толуп жымылдап,
Ан сайын төгүп шыбыргак.
Мөндүрдүн баары сел болуп,
Талаанын баары көл болуп,
Адырдын баары жер болуп,
Агын суулар шар болуп,
Күндүн көзү тутулуп,
Мөңгүнүн башы бузулуп,
Булут минтип алышкан,
Мунун баары күч менен,
Тарсылдап асман атышкан,
Жаандын баары күч менен,
Мунарык туман кубарган,
Жердин жүзү тунарган.
Мунун баары мурунтан,
Булуттун күчү куралган.
Булут көчүп бузулуп,
Бирине-бири урунуп.
Ачык туруп асман, жер,
Айланып булут курулуп,
Күн күркүрөп тарсылдап,
Чагылган учуп жаркылдап,
Булут көчүп бүлүнүп,
Кызыл мунар көрүнүп.
Сыдырым сыргак жел болгон,
Жердин баары сел болгон,
Себеби булут тумандан,
Жел соккон кызыл мунардан.
Суудан бул сөз чыкканда,
Бул сөздү жамгыр укканда,
Сөз айтпастан токтолду,
Экинчи сөзү жок болду.
Эми шамалдын келди кезеги,
Үчүнчү болуп эсеби.
Шамал сууга кеп айтат:

шамал:

— Шаркырабай, үнүңдү,
Баса тургун деп айтат.
Мен кызмат кылдым өзүңө,
Кулагың салчы сөзүмө,
Сага кылган жардамым,
Көрүнбөдү көзүңө.
Албай кетип барасыз,
Ансайын күчөп эсиңе.
Эсирбегин мактанып,
Эми тийдиң безиме.
Көккө чыкса бууланган,
Жерге түшсө дууланган,
Булут менин колумда.
Түшкөн жери бууланган,
Сыбызгы, сыргак соккон жел,
Мунар менин колумда.
Күндүн жүзүн бүркөгөн,
Туман менин колумда.
Асманда жүргөн жаркырап,
Айдын нуру колумда,
Көктө жүргөн жаркырап,
Күндүн нуру колумда.
Кезегимди кетирбейм,
Тополоң салып заркырап,
«Шамал келип калды»—деп,
Качат баары чуркурап.
Булут, туман мунарык,
Болду түшүп колума.
Ар кимисин ар сайдан,
Айдап салам жолуна.
Эч бир нерсе чыдабайт,
Кайратымдын зоруна.
Сары атан жайды кыш кылам,
Калсын деп атак соңума.
Мен каарымды төккөндө,
Булактын баарын муз кылам.
Эсиңден чыккыс иш кылам.
Суукту салып ушундай,
Суу аке, сени мыш кылам.
Мактанасың сүйлөйсүң,

Баркымды неге билбейсиң?
Чеберсинип мактанып,
Жөнүң менен жүрбөйсүң.
Сары атаң жайды кыш кылган,
Шамалдын сөзүн ким дейсиң?
Береке шамал, булутта,
Же муну көзгө илбейсиң.
Сенин шаркыраган добушуң
Шамалдын салган айласы.
Суу аке, түк да билбейсиң,
Шамалдын ушу пайдасы.
Кыш чилдеде күтүнөм,
Кызматымды бүтүрөм.
Бөксөгө чыгам бөлүнүп,
Эл көзүнө көрүнүп.
Сага жардам кылгандан
Жатпайм түк да эринип.
Ала-Тоо башын курраймын,
Аянып карап турбаймын.
Сага жардам кылгандан
Тартынып башым турбаймын.
Тоонун башын тунартып,
Оңой жардам кылбаймын.
Калдайган мөңгү муз кылып,
Кардын баарын жыйнаймын,
Карды жыйнап тоо кылып,
Кайратымды сындаймын.
Токсон чилде чыкканча,
Тоо башынан жылбаймын.
Кайратың сенин ушубу?
Суу аке, кылба кусурду!
Мелтиреген көк жалтаң,
Бетиңден көрдүм нуруңду,
Кантээр айла таба албай,
Кара жаның кысылды.
Көйрөңдүк кылып мактанба,
Көргөн күнүң ушубу?
Токсон чилде кеткенче,
Чың этип үнүң угулбайт.
Суук чилдеде сенделип,
Сендей пенде чыга албайт.
Токсон чилде кыш өтүп,

Жадырап жайнап жаз жетип,
Мелтиреген бетиңди,
Басып жаткан муз кетип.
Жөө туман тарап бөлүнүп
Жердин жүзү көрүнүп,
Торгой сайрап тил ачып,
Күкүк сайрап үн ачып,
Булактын көзү сызылып,
Бөксөдөн мөңгү бузулуп,
Калп айтпагын озунуп,
Кардын баары кошулуп,
Киресиң анан тилиңе,
Тийбей жүр менин жиниме!
Адамдар сүрдөп бара албай,
Күрүлдөгөн үнүңө.
Күчүң болсо суу ана,
Күзүндө неге кийбейсиң?
Мактанасың сүйлөйсүң,
Баркыңды өзүң билбейсиң.
Токсондун күчүн токтотуп,
Кышында неге кирбейсиң?
Түк жумуш келбейт колуңдан,
Мактанып неге сүйлөйсүң?
Торгой сайрап тил ачты,
Булбул сайрап үн ачты.
Жазда баары жашарып,
Байчечекей гүл ачты.
Сары атан жайлоо өткөнчө,
Салкын күз сызып жеткенче,
Ала-Тоонун башынан
Калкайган карлар кеткенче,
Асмандан түшүп буу келет,
Алда канча суу келет.
Калкылдап агып кар келет,
Кардын суусу шар келет,
Бөксөдөн мөңгү бузулат,
Бул да келип кошулат.
Күрүлдөп үнүң басылбайт,
Күкүк болуп күүлөнүп,
Айбаттана түшөсүң,
Ала-Тоодон кар эрип,
Бул шамалдын кылган жардамы,

Алда канча сүр берип.
Шамалдын баркын билбейсиң,
Мактанасың сүйлөйсүң.
Баркыңды өзүң ойлонуп,
Аян кылып жүрбөйсүң.
Менин башкача кылган өнөрүм,
Байкаймын иштин келээрин.
Таң атарда сыбызгы,
Күн батарда муздак жел,
Баарысы менин колумда —
Чалкайган тиги салкын төр.
Жан-жаныбар жалпынын,
Черин жазат сыбызгы.
Эрте турган адамдын
Көөнүн ачат сыбызгы.
Кечки соккон сыргак жел,
Бул да жазат чериңди.
Аба адамга пайдалуу,
Сактайт жакшы демиңди.
Эрте-кеч жүрсөң салкындап,
Көтөрөт сенин көөнүңдү.
Өзүм болсо токтобой,
Көп кечикпей жетемин,
Сасык-бузук жыт болсо,
Айдаган бойдон кетемин.
Көп кечикпей барганым,
Көпкө кылган жардамым.
Жаман жытты жолотпой,
Алыс айдап салганым.

Суу:

— Мактанбайм — деп мактандың,
Өзүңдү айтып актандың.
Сен жобурап сөзгө киргенде,
Жолуңду тоспой сактандым.
Аккан суу менин атагым,
Эч кимге жок чатагым.
Эч ким менен чырым жок,
Аккан бойдон жатамын.
Муздактан музду эритип,
Сайдан чыгат аккан суу,
Адам айран калгандай,

Кайдан чыгат аккан суу,
Өзүндө кубат болбосо,
Кайдан чыгат аккан суу.
Күнү-түнү тынбастан,
Агып турат аккан суу.
Жандын баарын суусатпай,
Багып турат аккан суу.
Ичкен жанга дем берип,
Жагып турат аккан суу.
Жан бүткөндүн баарына
Насип болгон аккан суу.
Жардам берип баарына,
Азык болгон аккан суу.
Жүзү, колун жууганда,
. . . . . . . . . . .
Таза кылат аккан суу.
Түгөнбөстөн токтоосуз,
Келип турат аккан суу.
Түк токтобой ырыскы,
Берип турат аккан суу.
Эгин эккен жерлерге,
Келип турат аккан суу.
Буруп алсаң оюңа,
Көнүп турат аккан суу.
Сугарган эгин суналып,
Өндүрүп турат аккан суу.
Суусаганда жагымдуу,
Балдан таттуу аккан суу.
Баркын билген адамга,
Абдан таттуу аккан суу.

От:

— От болуп чыктым жаралып,
Оттук таштан таралып.
Табым ысык күйдүрөт,
Жандын баарын сүйдүрөт.
Айтып бергин сырыңды.
Бизден өйдө жериң жок,
Жашырып калаар кебиң жок.
Текебер көп өзүңдө,
Күрүлдөйсүң чениң жок.
От туруп анда сүйлөдү:

Шамал сууну сүйбөдү,
— Текебер — деп өзүмдү,
Айтып өттүң бир катар,
Тескери айтып сөз менен,
Чарпып өттүң бир катар.
Шамал мага кызматчы,
Өчкөн болсом күйдүрөт,
Жарыгыма кубанып,
Баркымды журтка билдирет.
Караңгыны балкытып,
Шамдай кылам нур менен.
Ишене бер сөзүмө,
Ишим болбойт чыр менен.
Тоңгондорду эритем,
Үшүгөндү жылытам,
Чийки болсо бышырам,
Бышык болсо күйгүзөм.
«От адамга эрмек»—деп,
Барлык элди сүйгүзөм.
Канча жандын баарына
Кадырымды билгизем.
Жандын баарын кубантып,
Кабагын ачык күлгүзөм.
Баары жоктун баарына,
Пайдамды артык тийгизем
Асмандагы жаркырак,
Айдын нуру өзүмдө.
Айтсам чыкпайт эбимден,
Ай дагы менин сөзүмдө.
Көпчүлүктү жыргаткан,
Күндүн нуру өзүмдө.
Күйдүр десем күйдүрөт,
Күн дагы менин сөзүмдө.
Мактанбаймын баары чын,
Адилдик бар өзүмдө.
Ашык сөздү айтпаймын;
Айыбым жок өзүмдө.
Баары журттун шамымын,
Жаркыраган таңымын.
Жердин жүзүн нурланткан,
Жарыгымын баарынын.
Баары журтка белгилүү,

Маалим болгон тарыхым.
Баштан аяк дайындап,
Айтып өттүм аныгын.
Жамгыр, шамал, от да, суу,
Сөздөрүн айтып токтолду.
Булардын сөзүн укканда,
Жер кыймылдап козголду.

Жер:

— Балдар сөзүм угуңар,
Кулак салып туруңар.
Ырас жери мактанбай,
Бир ынтымак кылыңар.
Жол талашып урушпай,
Ынтымак болсун тобуңар.
Ынтымактуу болсоңор,
Ошондо болот жолуңар.
Мен болсом балдар карыңар,
Сөзгө кулак салыңар.
Калбассыңдар катардан,
Сөзүмдөн нуска алыңар.
Жаратылып жер болуп,
Атаңар болуп аталган,
Сабырымдын барынан,
Калганым жок катардан.
Текебери көбүнөн,
Шайтан болду азазил,
Мактангандын жаманын,
Балдарым муну байкай бил.
Бүтүн дүйнө шамал, суу,—
Баарысы менден таралды.

. . . . . . . . . . .

Жалганчы залим болбостон,
Адил сүйлө адалды.
Залим болсоң жалганчы,
Көрөсүң акыр залалды.
Өзүңдөн өзүң мактанбай,
Өлчөп жүргүн чамаңды!
Көтөрүлгөн көп акмак,
Көмүккө түшүп камалды.
Көөп кетмек наадандык,

Көтөрүлбөй жүрүңөр,
Атаңар айткан бул сөздү,
Акылдуу балдар билиңер.
Сабырымдын барынан,
Санга кирдим жер болуп,
Үйүп, жыйып толтурдум,
Үстүм толгон эл болуп,
Дайра, чалкар көл болуп,
Мухит деңиз сел болуп,
Аркайган Ала-Тоо болуп,
Асманга жакын зоо болуп,
Жана менин өзүмө
Балдарым жүрөт жоо болуп.
Менин атым кара жер,
Жүк көтөргөн балбан шер.
Жүк көтөргөн атаңдан,
Балдарым пайда ала бер.
Анык жери түз жүрүп,
Өзүңдү жөнгө сала бер.
Түз жүрбөгөн ийриси,
Казган ордо кала бер.
Байкаңар, балдар, сөзүмдү,
Чыкпасын бул сөз эсиңден.
Баары жоктун баарысы,
Пайда тапкан өзүмдөн.
Бул жолдун өзү аман—жол,
Жалпы балдар аман бол.
Ушул жолду көрсөткөн,
Атаңардай болсоңор,
Таап салган бул жолду,
Жашасын балдар, атаңар!
Жайдары заман бактыңар,
Балдарым эми жашаңар!!

## КУБА КОЙ МЕНЕН ЭЭСИНИН АЙТЫШКАНЫ[50]

### ЭЭСИНИН АЙТКАНЫ

Каргашалуу Куба кой,
Күндөп-түндөп жөтөлүп,
Убайыңды көрбөдүм,
Убара болуп көтөрүп.

Өпкө, боордо черин̧ жок,
Жээ кагынып кеткен жерин̧ жок,
Салаадан чыккан жүнүн̧ жок,
Жакшылык кылар түрүн̧ жок.

Куба кой мени куруттун̧,
Бакканымды унуттун̧,
Жазында сени Куба кой,
Ырандуу жерди көктөттүм.

Ою менен жесин деп,
Катыш чөпту оттоттум.
Токтоп чөпту жесин деп,
Алдындан тосуп токтоттум.

Мал деп сени сыйладым,
Башынан багып жыйнадым.
Баккан сайын жөткүрүп,
Жанымды минтип кыйнадын̧.

Көктөмү калса келишпей,
Көрөмбү койдун өзүнөн,
Түбүндө мага мал болбойт,
Түн̧үлүп калдым өзүн̧өн.

Кашка беде, жылтыркан.
Оттоп жүрдүн̧ Куба кой,
Эркин̧ менен жайылып,
Токтоп жүрдүн̧ Куба кой.

Өтөккө салдым өзүн̧дү,
Үлүрөйтпөй көзүн̧дү,
Убара кылдын̧ бирдалай,
Ук Куба кой сөзүмдү.

Кара өтөк болду жатканын̧,
Каржалып сени тапканым.
Мындан артык Куба кой,
Кандай болот бакканым.

Эл жайлоого чыкканда,
Аста-секин айдаттым,
Салкын төргө жайлаттым.
Жайлоонун чөбүн жедирип,
Кабырганды майлаттым.

Эзилген шибер, жалбырак,
Эркиң менен чайнаттым,
Эмгегим зая кетирип,
Баспай шорум кайнаттың.

Тогуз төбө мекери,
Толук чөптү ашаттым,
Ажырык, ак чөп жедирип,
Арманың жок жашаттым.

Балтыркан менен кымыздык,
Даамдуу чөптү жедирдим,
Ушунчалык семирген,
Кой кимдики?—дедирдим.

Көк шиберди чалдырдым,
Шибердүү жерге оттотуп,
Аябай шоруң кандырдым,
Ал кызматты тандырдың.

Карагайдан коо кылып,
Таза туздан салдырдым,
Арбак урган Куба кой,
Аябай тузга кандырдым.

Оюң менен шордодуң,
Ал кызматка болбодуң,
Акырында куба кой,
Бакпадың деп кордодуң.

Аппак туздан кемирдиң,
Жайкалып жакшы семирдиң.
Семиргенде жон алдың,
Төөдөй болуп ком алдың.

Семиргенде жон алган,
Майың кана, Куба кой?
Секирип качкан сезденип,
Майың кана, Куба кой?

Төрт ай оттоп семирген,
Этиң кана, Куба кой?
Жеген чөптү танасың,
Бетиң кана, Куба кой?

Күз болгондо Аксайдан,
Айдап түштүм жылдырып,
Бакканымды тандырдың,
Куба кой мени сындырып.

Атбашыны күздөттүм,
Жайытыңды түзөттүм,
Куба кой билбей баркымды,
Бакканымды күчөттүм.

Аста-секин токтоттум,
Аңыздын чөбүн оттоттум.
Беденин гүлүн жедирдим,
Береке тапкыр дедирдим.
Жылтыркан, шыбак жедирдим,
Жыргал ушу дедирдим.
Айтканымдан жалган жок,
Айтар сөзүм калган жок.
Кутуруп өлгөн коюм ай,
Куба кой сенде арман жок.
Кышка калбай өссүн деп,
Эрте кырктым жүнүңдү.
Кесири бар Куба кой,
Келтирдиң менин жинимди.
Кыш камынды ойлондум,
Кой деп жүрүп кор болдум.

Билбедиң коюм сырымды,
Салагой азыр чырыңды.
Кышында тоюн кыштаттым,
Сени качан муздаттым.
Желим болду жегеним,
Сай сөөгүмдү сыздаттың.

Кара күңгөй, Кең-Керме,
Кыштаткан жерим келишти.
Ойлонбопмун ок тийип,
Куба кой минтип өлүштү.
Айдасам жолго баспадың,
Онтогон үнүң баспадың.
Буздуң коюм, коюнду,
Билбедиң менин жайымды.
Куба кой сенде жазык көп,
Курулай ыйла ыйыңды.

Мени мынча күйдүрүп,
Көрсөттүң, коюм кыйынды.
Уят кылдың өзүмдү,
Укпаймын сенин сырыңды.

### КУБА КОЙДУН АЙТКАНЫ

Кара тумшук ээм ай,
Калбады сенин мээң ай.
Мындан башка айтарга,
Дагы барбы жүйөң ай.

Чыны жок айткан сөзүңдө,
Калбаптыр акыл өзүңдө.
Мал экен деп Куба кой,
Бар беле сенин эсиңде?

Айдадың качан Тоюнга,
Арманы көп коюнда.
Кутурган жок болучу,
Куба кой сенин оюңда.

Көчпөй-конбой отурдуң,
Аккан суунун боюнда.
Тамыңдан ташып конбодуң,
Койду качан ойлодуң.

Жаңыдан туудум жабыркап,
Курсагым чөпкө тойбодум.
Жамандык мага жүктөйсүң,
Семизимде сойбодуң.

Малга ээм эсирди,
Эпсиз кылды кесирди.
Айдап жакшы бакпастан,
Алып койдуң бешимди.

Ушубу жакшы бакканың,
Талаада калды тапканың,
Өзүңө ээм өнөрбү,
Талыкшып уктап жатканың?

Козу аяктап семирип,
Эл Аксайга көчкөндө,
Элет чарба дүркүрөп,
Жайлоого көчүп кеткенде.

Аксайга качан жайлаттың,
Аягында байлаттың,
Ак жайдын күнү чөп жебей,
Ошондо шорум кайнаттың.

Жай Ополдой жайлаттың,
Жаш балага айдаттың.
Менин шорум кайнатып,
Жашыңды качан чайнаттың?

Күндө үч убак жуушатып,
Моминтип шорум кайнаттың.
Откорбой айдап жуушаттың,
Сугарбай айдап суусаттың.

Такыр сайга жаткырдың,.
Кадемимди катырдың,
Айдап жакшы бакпастан,
Азабымды тарттырдың.

Тоюнду качан кыштаттың,
Ириң чычып курудум,
Ичимди жаман сыздаттың.

Аксайдын бетин көрбөдүм,
Арманы жок өлбөдүм,
Арманы көп Куба кой,
Ал жорукка көнбөдүм.

Ополдойдон көчкөндө,
Келип кондуң жериңе,
Жытыгып калган башынан,
Жылас болгон көрүңө.

Сапырылган кыгыңа,
Мен көндүм сенин ыгыңа.
Бедени качан бүрдөттүң,
Аңызды качан гүлдөттүң?

Ээм сага таарынч көп,
Көөнүмдү жаман кирдеттиң.
Коюм өлмөк болду деп,
Канчалык элди дүрбөттүң?

Кактап күнгө бышырып,
Жатып алдың ышынып.
Куба кой менде ырыс жок,
Сендей ээге туш болуп.

Санаага албас кеп айтып,
Салкын түшсүн деп айтып,
Камап салдың тамыңа,
Качан келдиң жаныма?

Күн батардын алдында,
Тамыңдан айдап чыгардың,
Сүттөн аппак кой элем,
Бакканыңдан кубардым.

Жайып койдуң эшикке,
Зарыл болуп жатамын,
Жылтыраган тешикке.
Мал экен деп Куба кой,
Жакшылап жайлап бакпайсың,
Эми сенде эсиң жок,
Мендей койду таппайсың.

Кышында Тоюн жедирбей,
Кара тоону кыштаттың,
Кантейин сенин эсиң жок,
Карга камап муздаттың.

Кыш чилденин өзүндө,
Сай-сөөгүмдү сыздаттың.
Тоңдуу кылдың короомду,
Тозуп жаттым боорумду.

Кор болоруң билбестен,
Коюңду кылдың коромжу.
Ээм сага жеңдирсем,
Мен Куба кой боломбу?

Короом муздак муз болду,
Жаткан жерим сыз болду.
Мээнет баскан Куба кой,
Мээси жок ээге туш болду.

Боорум үшүп чер болду,
Көзүм көрбөс көр болду,
Өпкөм үшүп көгөрдү,
Көрсөттүң далай өнөрдү.

Ичегим шишип ылжырап,
Ич этим калды былжырап.
Ичим турат үн салып,
Басылбастан кулдурап.

Кышында карды тептирип,
Кыйгак болду туягым,
Бузулду ээм сыягым,
Укпай калды кулагым.

Бир жылда мени үч кыркып,
Азабым аштай катырдың,
Кеч күздө кыркып жүнүмдү,
Азабымды ашырдың.

Үстүмдө жабуу жүнүм жок,
Жүнсүз менде күнүм жок,
Эки кырксаң үч кыркпай,
Жүрбөйт белем үнүм жок.

Короондо боздоп ыйладым,
Жаткан жерден турбадым,
Эс-акылың жогунан,
Куба койду кыйнадың.

Ала курт басты денемди,
Аябай тешти теримди,
Уяты жок ээм ай,
Укпадың айткан кебимди.

Бороон алды борукту,
Ким көргөн мындай жорукту.
Боруктун үстүн сактап жеп,
Сагызган, карга корукчу.

Кыянат кылып бакпадың,
Кыл курт алды токтуну,
Тоопугу жок ээм ай,
Толтурдуң койго коктуну.

Койдон залал көргөндөй,
Кобурайсың сүйлөйсүң,
Койдун сырын билбейсиң,
Айткан тилге кирбейсиң.

Семиздеп сойдуң серкемди,
Тебетей кылып көрпөмдү,
Чыгарба ээм үнүңдү,
Кыркып саттың жүнүмдү.

Тон кылып кийдиң теримди,
Айтпагын мага кебимди,
Эбирейсиң ээм ай,
Эми баскын демиңди.

Үч ийдирип сааганда,
Көнөк толгон сүт алдың,
Түгөт ээм оңбойсуң,
Сүт алган сайын күч алдың.

Куруп кеткен ээм ай,
Куба кой айтып какшады,
Арыктыгы жеткен соң,
Ал себептен баспады.

Сүт бербейт эми Куба кой,
Катынды мээнет кыстады.
Желинин жара муштады,
Сай-сөөгүм менин сыздады.

Базарга саттың өзүмдү,
Байкабай калдың сөзүмдү,
Эпсиз кылдың кесирди,
Ачарсың бир күн көзүңдү.

Союп жедиң этимди,
Дарманымды кетирди,
Айтышып калдык мынчалык,
Ачып койдуң бетимди.

Каалабайсың чыгымды,
Билем сенин ыгыңды.
Куба койдо не жазык,
Көң кылып жактың кыгымды.

Сөзүнүн байка жүйөсүн,
Куба кой жеңди ээсин.
Кой демекте маани бар,
Акылдуу адам билесиң.

## АЛА ТОО[51]

Ала-Тоонун арасы,
Жалпы жердин сарасы.[1]
Айтып өтөм бир катар,
Аңгемесин карачы.
Башы Ак-Сай, Чатыр-Көл,
Туурасы Торгарт жапыс бел.
Ушул жерди жердешип,
Өсүп-өнгөн кыргыз эл.
Аягында Арпа бар,
Салтанаты канча бар.
Көрбөгөн жан бир көрсө,
Көөнү ачылып шаттанар.

Аксай менен Арпада,
Ар уруу чөптүн кени бар,
Абышкасы оштонуп,
Жигиттен кыйын деми бар.
Ала-Тоо деп аталып,
Аягы кетет керилип,
Албан түрлүү чөптөрү,
Адамга сонун көрүнүп.

Ала-Тоодон ар канча,
Сонун тоолор бөлүнүп,
Атагы дайын билинет,
Анык көзгө көрүнүп.

---

[1] *Сарасы* — сонун деген мааниде.

Түп атагы Тянь-Шань,
Турган эли бир канча,
Келгендин баарын батырып,
Көрүнбөйт көзгө бир жанча.

Керме Тоо дейт аталып,
Айтылып жүргөн ыр менен.
Кар жаабаган себеби,
Касиеттүү сыр менен.

Кең өзөн Чүйдү калтырбай,
Көрсөтүп өтөр кези бар,
Баяндоого кең Чүйдү,
Байымбеттин сөзү бар.

Сонундуктан Чүй жери,
Алтын күрөк аталган.
Сары өзөн Чүйдү жердеген.
Адамы калбайт катардан,
Чүйдүн башы Көк-Ойрок,
Келишкен жайлоо сонуну,
Айткан менен түгөнбөс,
Ар канчалык форуму.

Сөңкөл деген көлү бар,
Куртка деген бели бар,
Нары жагында Жумгалды,
Айтып өтөр жөнү бар.
Кара-Кече жеринде,
Таш көмүрдүн кени бар.

Солтон-Сары, Соку-Таш,
Курттуу көл, Балгарт, Кара-Саз,
Нарындын башы Тарагай,
Көмир кырмак, кара-таш.

Сары-Жазы, Ак-Шыйрак,
Үч Каркыра, Кеген бар,
Ботонун Сазы деген бар.
Болжолсуз сонун Текес бар.

Шарапаттуу Ысык-Көл,
Тамашалуу кызык бар.
Кызыл-Кыя бели бар,
Көчмөн кыргыз эли бар.

Сыбызгы жумшак жели бар,
Жайкалган жатык бели бар,
Эзелден туруп жердеген,
Элет кыргыз эли бар.

Кайыптар оттоп төлдөгөн,
Албан түрлүү чөбү бар.
Аркар, кулжа ак кийик,
Аралаш жаткан төрү бар.
Кадырын билген адамга,
Касиеттүү жери бар.
Ортосунда чалкайган,
Чатыр-Көлдөй көлү бар,
Баарысын айтып өтөйүн,
Касиеттүү Ала-Тоо,
Кай жеринде кеми бар!

Кантеңирден бөлүнүп,
Каркайып сонун көрүнүп,
Төрт түлүк малга адамы,
Жыргап жатат чөмүлүп.
Алай менен Мыргапта[1],
Кымызын ичип кызарып,
Кыргыздар жатат желигип.
Аркар менен кулжасы,
Эчки менен телкиси,
Айдап койгон адам жок,
Эркинче жүрөт семирип,
Элик, бөкөн, кураны[2],
Бугу, марал бу дагы,
«Толубай курук тобо»—деп,
Тоосунда боздойт улары.
Талаа, түзү куру эмес,
Шаркырап аккан булагы.
Таалайлуу жерди ээлеген
Жалпы кыргыз турагы.

Чөбү кайрак бетеге,
Жылтыркан, шыбак кошулуп,
Кашка беде, мекери
Катыш чөптөр кошулуп.

---

[1] *Мыргап* — жердин аты.
[2] *Куран* — эликтин эркеги.

Бетеге, тулаң тармал саз,
Жердеген адам малга мас.
Көзүнө адам илбестен,
Көлүндө дуулайт өрдөк, каз.

Кара кыяк-кодөөсү[1],
Сарбашыл гүлдөр бедеси,
Бир көрүп өткөн адамга,
Көрүнүп турат элеси.
Адырын түлкү жойлогон.
Адамы жыргап ойногон,
Ар түрдүү катыш чөбүнөн,
Айбан мал жесе тойбогон.
Арык малы даң салып,
Алты күндө семирип,
Аны баккан ээси
Арпадай деп ойлогон.

Бөрүсү жүрөт тоолордо,
Мергенден коркуп шекинип,
Түндөсү малга чабыттап,
Тоо-таштарга бекинип,
Бөрүнүн түлкү жолдошу,
Бирин-бири коргоочу,
Табылып калган жеринде,
Аңчылардын олжосу.

Суур менен кашкулак,
Ийинге кирип жатканы.
Эбин таап алууга,
Аңчылар салат капканды,
Кашкулак менен суурду,
Капканчы кармап көп алат,
Мээнетсиз пайда келтирди,
«Бекер олжо»—деп алат.

Карагай черүү жеринде,
Чөө дегени дагы бар.
Саксайган сары аюу бар,
Аюуда далай каруу бар.

---

[1] *Көдө* — чөптүн аты.

Салбырынга[1] келгенде,
Сүлөөсүн менен илбирстен
Атып келет мергендер.
Мадыл менен суусар бар,
Буларды алат капканга,
Кымбат болот сатканга.
Аңчылар буга кубанат,
Арзан олжо тапканга.
«Бул бир катар оокат» — деп
«Бала-чака бакканга».

Өз эркинче жүрүшкөн,
Өрүш кылып бийликти,
Өрнөгүн айтып өтөйүн,
Ала-Тоодо кийикти.
Кийик деген жаны бар,
Өзүнчө жүргөн жан экен,
Кедейге пайда келтирген,
Кембагалдын малы экен.

Мерген барып бир кийик
Атып тоодон жыкканда,
Адамдар барат чогулуп,
Мылтыктын үнүн укканда.
Карасаңчы кайбарлар[2]
Кулакка илбейт айтканды.
Бөлүп алат турбастан,
Он эки мүчө, төрт санды.

Көөдөнүн берет мергенге,
Башынан көнгөн бергенге,
Мурунтан бери нарк ушу,
Баарын берет келгенге.

Көчмөн элдин кененин,
Кылып келген өнөрдү,
Башында көнүк болбосо,
Шыралга[3] деп береби.

---

[1] *Салбырын* — мергенчилик, аңчылык.
[2] *Кайбарлар* — кыйындар деген мааниде.
[3] *Шыралга* — олжо.

Жана айтайын түлкүнү,
Капканга алган мүлкүнү.
«Байла»—деп келсе бир адам,
Байлап берет түлкүнү.
Кыдырып жүрүп ар кайда
Түлкү алса аңчы капканга,
Кошулган адам олжолош
Талаадан олжо тапканга.

Ала-Toонун убагы,
Төрт мезгилге бөлүнөт,
Санжап[1] менен жазылып,
Ирет менен келинет.

I.

Жаз мезгили үч айда,
Мал төлдөгөн кезеги,
Бул айлардын ичинде,
Киреше кирди дешеди.
Малдын тууту болду деп,
Эсептүү күнү толду деп,
Кой туудурчу өтөк деп,
Кетирбей күнүн эсептеп.
Бээси тууп төлдөгөн,
Төөсү тууп боздогон,
Төрт түлүк малы оттогон.
Ую тууп мөөрөгөн,
Кой чуркурап маараган,
Ала-Тоонун адамы
Чарба малды каалаган.

Бейлин салып иштесе
Берекеси мына ушу.
Кой чуркурап маараса,
Кулак тунуп ызы, чуу.

---

[1] *Санжап* — тартип.

Байчечекей кызгалдак,
Кызыл-тазыл ар кандай,
Жердин бети нурданып,
Башайы, манант жайгандай,
Көк жайкалып, чөп чыгып,
Жер жарылып көп чыгып.
Жыгачтын баары бүрдөгөн,
Байчечекей гүлдөгөн.
Бул мезгилдин өзүндө,
Чыкырып күкүк үндөгөн.

Торгойлор сайрап таңшыган,
Булактар ойноп ташыган.
Булбулдун үнүн укканда
Муңдуулар ыйлап жашыган.

Күкүктөр сайрап таңшыган,
Күрпүлдөп дайра ташыган.
Күкүктүн үнүн укканда
Күйүттүү бенде жашыган.
Куштар салат ууяны,

Тууй турган убагы.
Эмчеги жок эмизээр
Ээрчитип учат бу дагы.
Кабылан, жолборс, карышкыр,
Азуусу бар айбандар,
Бу дагы төлдөйт баарда[1]
Барча барат ар жандар.

II.

Жай мезгили үч айда,
Малчы көчөт алкымдап.
Чарбасын багып келүүгө
Жайлоого чыгат салкындап.

Төл телчиген кезинде,
Эрте туруп үй чечет,
Жан-жабыла жыйылып,
Жайлоого карап эл көчөт.

---

[1] *Баар* — жаз.

Жайлоосу жаңы гүлдөгөн,
Жыгачы өсүп бүрдөгөн.
Жайлоонун салтын көргөндө,
Көрбөгөн адам сүрдөгөн.
Төө семирип ком алган,
Ком алганда чоң алган.
Кой семирип жон алган,
Жон алганда мол алган.
Бээ семирип казы алган,
Картаң бээлер жашарган.

Адырдан тулаң кемирип,
Артыкча башка семирип,
Айгырлары асынап,
Кулун, тайы кишинеп,
Субайлары бөлүнүп,
Сымбаты башка көрүнүп,
Аңгилери алышып.
Аңгемени салышып.
Куйругун сыртка көтөрүп,
Кубалашат жарышып.

Уй деген бир улук мал,
Ушу сөзгө кулак сал.
Бурта байлап семирип,
Бурулуп басса демигип.
Букасы жолдон баспаган,
Күлгө оонап, жер чапчып,
Өкүргөн үнүн баспаган.
Мүйүзү менен көтөрүп,
Томкоруп жерди таштаган.
Таначарлар сүзүшкөн,
Мурунтугун үзүшкөн.

## III.

Коңур салкын күз болуп,
Эгин бышып, чөп солуп,
Жайлоодогу адамдар,
Жакага көчөр козголуп.

Сарамжалын шайлашып,
Орок, чалгы кайрашып,
Чөлгө көчүп келишкен.
Чөп чабууга киришкен.
Бекер карап турбастан,
Мээнеттин жөнүн билишкен.

Чөптөн кийин турбастан,
Эгинге кирип бир баштан,
Убагынан калтырбай,
Бүтүрүп алып тынбастан,
Жыйналып эгин, күз өтөт,
Кыштын камын күчөтөт.
Кылычын алып жалантып,
Аркасынан кыш жетет.

## IV.

Малчынын кийген кийими,
Калың болот кышында,
Кылычын сунган кыш менен
Кыйын эрлер бел байлайт.
Кымбатын билип сууктун,
Кыйын жигит мал жайлайт.
Кылычын кыштын мокотуп,
Кыйналбай жигиг май чайнайт.
Акылы жок жалкоолор,
Алдырып кышта шор кайнайт.

Алабата, шор куйрөк[1]
Төөнүн жери Ала-Тоо,
Бетеге, тулаң аралаш,
Бээнин жери Ала-Тоо.
Кара кыяк, копосу[2],
Уйдун жери Ала-Тоо.
Жылтырган, шыбак кошулуп,
Койдун жери Ала-Тоо.

---

[1] *Шор күйрөк* — чөптүн түрү.
[2] *Копосу* — чөптүн түрү.

Касиеттүү жери бар,
Карагай, кайың чери бар.
Кийиги төрдө ойногон,
Түлкүсү токой жойлогон,
Кызыгын көргөн тойбогон,
Көркү башка Ала-Тоо.

Булбулу сайрап чөлүндө,
Күкүгү сайрап көгүндө,
Балыгы сүзүп көлүндө,
Суунун кени Ала-Тоо.

Өрдөк, чүрөк, каз, куулар,
Көлдүн бетин бербеген.
Бир көргөн киши дегдеген,
Түрдүү куштар жердеген,
Кара кунач, каркыра
Көк кутан менен турна,
Көлдө өкүргөн көл бука,
Тоодагы боздо топтогон,
Чөптүн гүлүн оттогон.
Кумурскадай кайнаган,
Кекилик, чили кыйгыттап,
Чымчыктары сайраган.
Куштун кени Ала-Тоо.

Коёну токой черинде,
Кыргоолу аянт жеринде,
Жалганы жок кебимде,
Жарашыктуу Ала-Тоо.

Ак кажыр менен жорусу,
Дүйүм куштун зору ушу.
Кайкы канат кыраандан
Чоң болсо да кору ушу.
Ылаачын, шумкар, турумтай,
Кыргый, күйкө, жагалмай,
Учканы соккон шамалдай —
Шумкардын жери Ала-Тоо.

Жигити дуулап жыргаган,
Сармерденин[1] ырдаган.
Келин-кызы тыңдаган,
Жаштары шайыр Ала-Тоо.

Кары да жаштын деми бар,
Калтырбай айтар эби бар,
Алтын, күмүш кени бар,
Баары толук Ала-Тоо.

---

1 *Үлпөттө* кезектешип ырдоо.

# ЭСКЕРТҮҮЛӨР

## I

### ЫРЛАР

[1] «Дыйкандардын аялынын кошогу», — жазган жылы аныкталбады. Бул кошок Тоголок Молдонун ырлар жыйнактарына киргизилип, 1951-инчи жылы басылып чыккан. Бул жыйнакка тил, адабият жана тарых институтунун материялы боюнча берилди.

[2] «Устанын аялынын кошогу» — жазган жыл такталбады. Тоголок Молдонун 1951-инчи жылы чыккан ы жыйнактарында басылган. Мындан башка хрестомат басылып жүрөт.

[3] «Калмергендин аялынын кош жазган жылы аныкталбады.

Биринчи жолу 1951-инчи жылы чыккан ырлар жыйнактарында басылган. Хрестоматияларга да киргизилип жүрөт.

[4] «Мааананын кошогу» жазган жылы белгисиз.

[5] «Саран кызды бергенду жеңесинин кошкону»— жазган жылы белгисиз. 1951-инчи жылдагы ырлар жыйнагына киргизилген.

[6] «Көк көйнөк» — жазган жылы аныкталган жок. Мындан мурун «Тандалган ырлар» ырлар жыйнагына (1951-инчи жылы) киргизилген. Азыр ошол жыйнактагы материал боюнча берилди.

[7] «Чалга берген кыздын арманы»—жазган жылы аныкталган жок. Биринчи жолу 1951-инчи жылдагы ырлар жыйнагына киргизилген. Бул арман орусчага которулуп, 1952-нчи жылы 4-үнчү январда «Советская Киргизия» газетасында жарыяланган.

[8] «Жаш балага берген кыздын арманы» — акындын өзүнөн жазылган материалдын биринде «Анаркүлдүн арманы делип да жүрөт. Мында белгилүү болуп кеткен тема боюнча берүүнү ылайык таптык. Арман биринчи ирет 1951-инчи жылы басылган.

[9] «Н а с ы я г а  б е р г е н  к ы з д ы н  а р м а н ы»—жазган жылы белгисиз. Арман чыныгы окуядан алынган. Болуштар Сатылган деген кишини алдап бексулга кол койдуруп, бир соодагерден эки миң койго карыз акча алышат. Акчаны алган манаптар койду төлөшпөстөн кийин четке чыга беришет. Ошонун натыйжасында Сатылган кармалып калган. Болуш менен бийлер өзүлөрүнүн күчүнө салып, сатылгандын Кенжеке деген карындашын алиги соодагерге кармап беришиптир. Ошондо Кенжеке теңдиксиз заманга өзүнүн наразылыгын билдирип, арман ырын чыгарган. Мурун эч жерде басылбаган. Бул жыйнакка институттун материалы боюнча биринчи ирет басылып отурат.

[10] «К ы з  К е н ж е к е н и н  а р м а н ы» жазган жылы такталбады. Нарын өрөөнүндө Нарбото, Байбото деген байлар болуп, Кенжекеге калың өткөрүшөт. Кенжеке өз теңине баруунү көздөп, бирөө менен качып кеткиси келет. Аны атасы менен агалары түйүп Кенжекени качырбас үчүн кайтарууга алышат. Кокус качып кетип калса жеген калыңды кайра төлөө кыйын болгондуктан, кудаларын чакырып алып, барбайм дегенине болбой, атка таңып атказган экен. Арман ошонун негизинде келип чыккан. Кыз Кенжекенин арманы мурунку ырлар жыйнагына 1951-инчи жылы басылып чыккан.

[11] «Т о л г о н а й» жазган жылы белгисиз. «Толгонай» да— болгон окуянын негизинде жазылган чыгарма.

Кокон хандыгы кыргыздарды караткандан кийин мерчемдүүлерге коргон салып, чеп орнотушкан. Мындай чеп кор[illegible]ын өрөөнүндөгү Куртка деген жерге тургузушкан. Бу[illegible]ң аскер жайланышып, алар дайыма Кокон хандыгынын таш[illegible]масын аткарышкан. Демек, Кыргыздарга оор салыктарды салып гана чектелбестен, сулуу-сулуу келин-кыздарды зордук менен тартып алышып, аларды Кокон хандарына жөнөтүп турушкан. Ошол миң аскердин саркери—башчысы Ысабек деген да өзүнүн зомбулугун карматып, Толгонай деген сулуу кызды зордук менен аялдыкка алган. Толгонайга кудалап жүргөн курбусу болсо куур талаада калат. Ушуга байланыштуу курбусунун атынан «Андаштын арманы» деген ыр жазылган. Ырдын үч куплети гана «тандалган ырлар» жыйнагына киргизилген. Бул жыйнакка институттун фондусу боюнча берилди.

[12] «Ж и г и т т и н  к ы з г а  ы р д а г а н ы» — жазган жылы белгисиз. Бул мурунку жыйнагына 1951-инчи жылы басылган болуучу.

[13] «Ж и г и т т и н  к е л и н г е  ы р д а г а н ы» (1 8 9 5)—ыр негизинен өзүнүн сүйгөн келини Үрпүканга арналгандай көрүнөт. Бул ыр «Тандалган ырлар» жыйнагында 1951-инчи жылы басылган.

[14] «К ы з д ы н  ы р ы» — жазган жылы аныкталбады. Бул жыйнакка институттун материалы боюнча берилди.

[15] «К о й к ө з» — жазган жылы такталган жок. Биринчи жолу кыскартылган түрдө «тандалган ырлар» жыйнагында (1951-инчи жылы) жарыяланган.

[16] «Арман жаш» (1900-үнчү жыл.) — биринчи жолу жарыяланып олтурат. «Арман жаштын» эки варианты бар. Кырк жашка чыккандагы айткан арман жашы ушул жыйнакка киргизилди. Ал эми жетимишке чыккандагы «Арманы жашы» экинчи китепке киргизилет.

[17] «Кыз Мактымдын арманы»—эл оозунда айтылып жүргөн тарыхый леганданын негизинде жазылган. Илгери жоокерчилик заманда Мактым деген эстүү кыз калмактын колуна түшүп кетет. Ошондо «кыз-Мактым арман кылган экен» деген легенда бар. Тоголок молдо кыздын окуясын кара сөз аркылуу баяндап, анын айткан арманын ыр менен берген. Мында ырдын текстин гана жарыялоону ылайык таптык.

[18] «Буудан-Көк» — жазган жылы такталган жок. Биринчи жолу 1951-инчи жылы чыккан «тандалган ырлар» жыйнагына да киргизилген.

[19] «Кара макмал жорголо!» — жазган жылы такталбады. Эл оозунда айтылып жүргөн леганданын негизинде түзүлгөн. Биринчи жолу 1939-унчу жылы чыккан «Балдар жомоктору» деген ырлар жыйнагында басылган.

[20] «Эки чилде» — жазган жылы белгисиз. Мындан мурунку жыйнакка 1951-инчи жылы киргизилди. Азыр институттун фондусундагы материал боюнча берилди.

[21] «Жанбакты»—негизи элдики. «Уйдун тууруна күтүп, уузуна күтпөптүр»—деп, эл арасына айтылып жүргөн лакап сөз бар. Тоголок-Молдо аны улантып, «Жанбакты» деген чыгармасын жазып жалкоолорго сокку урган. Жазган жылы белгисиз. Биринчи жолу басылышы.

[22] «Санат» — жазган жылы белгисиз.

[23] Жакшы катын» — жазган жылы аныкталбады.

[24] «Жаман катын» — жазган жылы белгисиз.

[25] «Үркөр-үркөр топ жылдыз»—негизи элдики Тоголок Молдо кошумчалап иштеп чыккан. Бул ыр Тоголок Молдонун 1951-инчи,—1952-нчи жылдары чыккан ырлар жыйнагына киргизилген болуучу. Ыр акыркы китеби боюнча берилди.

[26] «Элкин Тоо» — негизи элдики. Биринчи жолу 1951-инчи жылы чыккан «тандалган ырлар» жыйнагында басылган.

[27] «Балдардын ыры» — негизи элдики. Биринчи жолу 1951-инчи жылы чыккан «тандалган ырлар» жыйнагына, экинчи жолу 1952-нчи жылда чыккан ырлар жыйнагына киргизилген. Акыркы китеп боюнча жиберилди.

[28] «Талым кыз менен Көбөктүн айтышканы»—эл оозунда айтылып жүргөн жомоктун негизинде түзүлгөн. Жазган жылы белгисиз. Мындан мурун эки ырлар жыйнагына (1951-инчи,—1952-нчи жылы) киргизилген.

[29] «Турумтай»—негизи элдики. Бул—темир комузга келтирилген уккулуктуу күүсү аркылуу эл арасына кеңири тараган, белгилүү чыгарма. Тоголок Молдо күүгө карата айтылган ырды

кайрадан иштеп, бир топ кошумчалар киргизген. Биринчи жолу «тандалган ырлар» жыйнагында (1951-инчи жылы), экинчи жолу «жер жана анын балдары» деген ырлар жыйнагында (1952-нчи жылы). басылган.

30 «Т о р п о г у м» — деген ырдын негизи элдики, бирок Тоголок Молдо көп кошумчаларды киргизип, эң чебердик менен кайрадан иштеп чыккан. Бул ыр биринчи жолу 1939-унчу жылы «балдар жомоктору» деген экинчи жолу 1952-нчи жылы «жер жана анын балдары» деген ырлар жыйнактарында басылган.

31 Тоголок Молдонун айтканы бүт сакталды. Бир гана «Бедени» деген сөз «Бетеге» делинип элдик мотивдин негизинде берилди. Бул жыйнакка институттун фондусундагы материал пайдаланылды.

32 «Б о т о с у ө л г ө н т ө ө» негизи элдики. Институттун материалы боюнча биринчи ирет басылып отурат.

33 «С е л д е о р о н г о н М о л д о к о й» (1908)-биринчи ирет басылышы. Чоткара дегенге аш берип, аны Касымалы менен Койгелди деген манаптар башкарат. Балбан күрөштүн байгесине бир кой, беш кез чыт сайып, чытты койдун мойнуна ороп коюшуптур. Тоголок Молдо аны көрүп алып, манаптарды сындыруу максатында Касымалы менен Койгелдини шылдыңдап ошол аштын үстүндө ырдаган экен.

34 «Т е з е к т а г а й э л д е р и н е» (1904)—Тезек-тагай—Тогуз-Тородогу бир урук элдин аты. Бул урук башынан букара болушуп, жергиликтүү манаптардын кол алдында аябай эзилип келишкен. Чоюбек деген манап катуу эзип жиберген соң, Тезек-Тагай уруулары Нарындагы саяктар тарабына өтүшөт. Чоро уруусун эзип жаткан чоң манап Касымбек деген да аларды ого бетер тукулжуратат. Тезек-Тагай уруулары Касымбектин уу—чеңгелинен чыгууну көздөшүп, анын карамагынан кетүүгө умтулушат. Касымбек уезддик начальник Талызинге кабар берип, полиция чакыртып, ал уруунун баш көтөргөн тирикарагы Таабалды дегенди терекке таңдырып коюп, эл алдында өлөөрчө сабатат.

Тоголок Молдо «Тезек-тагай элдерине» деген ырын ушул окуянын негизинде жазган. Мунун толук кол жазмасы табылган жок. Мурун макалаларга цитата катарында гана алынып жүргөн. Азыр институттун фондусундагы материал боюнч басылып отурат.

35 «Ч ы н д ы к» (1902)-биринчи ирет басылышы:

36 «К а б ы р г а м а т а ш б а т т ы» (1906)-биринчи ирет басылышы. Кол жазмасы толук табылган жок. Ошонун үчүн колдо бар материалды толук берүүнү ылайык таптык. Бул чыгарма чыныгы окуянын, негизинде жазылган. 1906-нчы жылы Тоголок Молдо туулган жер—Курткада манаптар болуштук талашат да кагылышта Аалы деген манап өлөт. Мына ошону шылтоо кылып, эч тиешеси жок болсо да, чоро элинин Касымбек деген манабы

кол курап келип, күңгөйдөгү саяк элин чаап кетет. Өлгөн манаптар күңгөйдөгү саяктардан болуучу. Ошондой болсо да Касымбек тынч жаткан букара калктын ичкен ун-талканын, үстүндөгү үйлөрүн, жайыттагы бирин-серин малдарын бүт талап алат. Ошонун натыйжасында 300 үйлүү букаралар үйсүз-жайсыз калып, малдарынан ажырап, акыры туш-туш жакка тентип кетишкен. Тоголок Молдо элдин оор абалын «кабыргама таш батты» деген ырында ачык көрсөткөн.

[37]. «Уймузоосунан сыр сураганы»—жазган жылы белгисиз. Биринчи жолу 1939-унчу жылы чыккан «балдар жомоктору» деген ырлар жыйнагына киргизилген. Андан кийин 1951-инчи жылы жана 1952-нчи жылдары чыккан ырлар жыйнактарында басылган.

[38] «Иттин доолдай тиктирем дегени»—элдик лакаптын негизинде жазылган. Жазган жылы белгисиз. Биринчи жолу 1939-унчу жылы чыккан «Балдар жомоктору» деген китепке киргизилген. Андан кийин 1915—1952-нчи жылдардагы ырлар жыйнактарында басылган. Азыр институттун фондусундагы материал боюнча жиберилди.

[39] «Каркыра менен түлкү»—элдик тамсилдин негизинде жазылган. Жазган жылы белгисиз. Биринчи жолу «Балдар жомоктору» деген ырлар жыйнагында 1939-унчу жылы ачдан кийин «Жер жана анын балдары» деген ырлар жыйнагында (1952-нчи жыл) басылган.

[40] «Бөру менен түлку» — негизи элдики, жазган жылы такталбады. Биринчи жолу «Эркиндик» деген ырлар жыйнагына (1953-үнчү жыл) киргизилген.

[41] «Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы» негизи элдик тамсил, жазган жылы аныкталган жок. Мурун 1951-инчи жылдагы ырлар жыйнагында басылган.

[42] «Эшек менен булбул» — Крыловдун тамсилинин негизинде жазган. Биринчи жолу басылып отурат.

[43] «Кожонун аңгемеси» — жазган жылы белгисиз. Биринчи жолу 1939-унчу жылы чыккан. «Балдар жомоктору» деген ырлар жыйнагында басылган.

[44] «Төөнүн арызы» (1914-үнчү 1915-инчи жылы) — биринчи ирет басылышы. 1914-үнчү жылдагы дүйнөлүк согушта элге оор салыктар түшөт. Элге төө салып, ал аркылуу азыктарды темир жолго чейин жеткирткен. Бир нече жүктүү төө менен Тоголок Молдону да жөнөтүшкөн. Тоголок Молдо Пишпекке келгенден кийин «Төөнүн арызы» деп, ири көлөмдө чыгарма жазып, аны Алматыга жиберген, Бирок андан кабар ала албаган. Тоголок Молдо «Төөнүн арызы аркылуу элдин оор абалын көрсөткөн. «Төөнүн арызынын» толук кол жазмасы табылган жок.

## II

## ПОЭМАЛАР

[45] «Т е л и б а й  т е н т е к» — эл оозунда айтылып жүргөн анекдот—жомоктун негизинде жазылган. Биринчи жолу «Балдар жомоктору» деген ырлар жыйнагында (1939-унчу жыл) басылган.

[46] «К е м  ч о н т о й» — негизи элдики. Мындан мурун 1951-инчи жылы чыккан ырлар жыйнагына киргизилген.

[47] «Ж а ң ы л-М ы р з а»—жазган жылы белгисиз. «Жаңыл-Мырза» эл оозунда айтылып жүргөн, эл арасына кеңири тараган тарыхый окуя болуп эсептелет. Бул кыз жөнүндө көп акындар бир топ чыгармаларды жазышкан. Тоголок Молдо да «Жаңыл-Мырзанын» окуясынан алып жазган. Биринчи ирет басылышы.

[48] «Ү р п ү к а н» (1895)—биринчи ирет басылышы. Үрпүкан күйөөдөн чыгып келгенден кийин Тоголок Молдо аны алмакчы болот. Экөөнүн сөзү бүтүп, убадаларын бекитишип, бирок паракор манаптар сарт деген байдан жүз ирик пара жешип, Үрпүканды күнү үстүнө кармап беришкен. Ошентип, бири бирин сүйүшкөн эки жаш тилектерине жетпей калган. Тоголок Молдо бул ордунан чыкпаган сүйүү үчүн көп убакытка чейин кайгыга батат. Ошонун натыйжасында Үрпүкан жөнүндө көп чыгармаларды жазган. Анын күйгөн ырлары да Үрпүканга арналган. Мында «Үрпүкан» поэмасынын толук эмес тексти гана берилди.

[49] «К у ш т а р д ы н  а ң г е м е с и»—жазган жылы такталбады. Мурунку жыйнагында 1951-инчи жыл басылган.

[50] «Ж е р  ж а н а  а н ы н  б а л д а р ы»—жазган жылы белгисиз. Биринчи ирет 1939-унчу жылы өзүнчө китеп болуп жарыкка чыккан. Андан кийин 1951-инчи—1952-нчи жылдардагы ырлар жыйнактарына жана хрестоматияларга киргизилип жүрөт.

[51] «К у б а  к о й  м е н е н  э э с и н и н  а й т ы ш к а н ы» — жазган жылы такталган жок. Биринчи ирет 1939-унчу жылы жарыкка чыккан. Андан кийинки жыйнактарында басылып келе жатат.

[52] «А л а-Т о о» — жалган жылы белгисиз. Биринчи жолу 1940-ынчы жылы «Кызыл-Кыргызстан» газетасында (10-унчу июнь 1940-ынчы жыл) поэмадан үзүндү жарыяланган. Андан кийинки жыйнактарда басылып жүрөт.

## МАЗМУНУ

Тоголок Молдо . . . 3

I

### Кошоктор.

Дыйкандын аялынын кошогу . . . 31
Устанын аялынын кошогу . . . 36
Калмергендин аялынын кошогу . . . 39
Мааналын кошогу . . . 44
Сараң кызды бергенде жеңесинин кошкону . . . 45
Көк көйнөк . . . 48

### Армандар

Чалга берген кыздын арманы . . . 50
Жаш балага берген кыздын арманы . . . 52
Насыяга кеткен кыздын арманы . . . 54
Кыз Кенжекенин арманы . . . 57

### Сүйүү ырлары

Толгонай . . . 59
Жигиттин кызга ырдаганы . . . 60
Жигиттин келинге ырдаганы . . . 61
Кыздын ыры . . . 65
Койкөз . . . 67
Ашыктык жөнүндө арман жаш . . . 73

### Түрдүү ырлар

Кыз Мактымдын арманы . . . 78
Буудан көк . . . 79
Кара макмал, жорголо . . . 82
Эки чилде . . . 86
Жанбакты . . . 90
Санат . . . 95
Жакшы катын . . . 96
Жаман катын . . . 99

### Балдар ырлары

Үркөр-үркөр топ жылдыз . . . 103
Элкин Тоо . . . 104
Балдардын ыры . . . 105
Талым кыз менен Көбөктүн айтышканы . . . 106

Турумтай. . . . . . . . . . . . . . . . 110
Торпогум . . . . . . . . . . . . . . . . 111
Ботосу өлгөн төө . . . . . . . . . . . . . 114

Ашкерелөөчү ырлар.

«Селде оронгон молдо кой». . . . . . . . 116
Тезек-Тагай элдерине . . . . . . . . . 117
Чындык . . . . . . . . . . . . . . . 118
Кабыргама таш батты. . . . . . . . . . 119

Тамсилдер

Уй менен музоосу . . . . . . 123
Иттин доолдай кылдырам дегени . 124
Каркыра менен түлкү. . . . . . 125
Бөрү менен түлкү . . . . . . . 127
Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы . . . 131
Эшек менен булбул . . . . . . 133
Кожонун аңгемеси. . . . . . . 136
Төөнүн арызы . . . . . . . . 140

II

ПОЭМАЛАР

Телибай-Тентек. . . . . . . . . . . . . . . 147
Кемчонтой . . . . . . . . . . . . . . . . 159
Жаңыл-Мырза . . . . . . . . . . . . . . . 174
Үрпүкан . . . . . . . . . . . . . . . . . 214
Куштардын аңгемеси . . . . . . . . . . . . 221
Жер жана анын балдары . . . . . . . . . . 236
Куба кой менен ээсинин айтышканы . . . . . . 247
Ала-Тоо . . . . . . . . . . . . . . . . . 256

Оформлениесы
Художник ***Р. С. Табачниковдуку***

Жооптуу редактор *К. Маликов*
Технич. редактор *М. Тюряев*
Жооптуу корректор *А. Казакбаева*